
Чыныбай ТУРСУНБЕКОВ

# ЖЫЛДЫЗДУУ ЖЭЭК

*Ырлар, поэма жана котормолор*

**Түзгөн жана даярдаган**
**Кожогелди Култегин, Бегимай Чыныбай кызы**



«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2020

УДК
ББК
Т

Турсунбеков Чыныбай.
Т Жылдыздуу жээк. Ырлар, поэма жана котормолор. – Б., Улуу Тоолор, 2020. – 356 б.

ISBN 978-9967-

Эли-журтун эсеп-ченсиз кайгыга салып, жашоо менен жаңы гана коштошкон көрүнүктүү акын, котормочу, илимпоз, дипломат, бизнесмен, мамлекеттик жана коомдук ишмер Чыныбай Турсунбековдун колуңуздардагы «Жылдыздуу жээк» аттуу китеби – анын ыр-тибериги.

Китептин «Соңку ырлар» бөлүмүнөн акындын акыркы жылдары жазган ырлары менен таанышасыздар. «Жалын-Тоо» – ушул аталышта 2014-жылы чыккан ыр китебиндеги чыгармалар. «Котормолор» бөлүмүн – Түрк тилдүү калктардын жыйырманчы кылымдагы акындарынан түз кыргыз тилине которгон эмгектери түзөт.

Чыныбай Турсунбековдун поэзиясы, биринчи кезекте, чынчылдыгы, табигыйлуулугу жана салабаттуу ойлорго каныктыгы менен өзгөчөлүү.

Н

УДК
ББК

ISBN 978-9967-
© Турсунбеков Ч., 2020

## ЧЫНДЫКТЫН ДОСУ ЧЫНЫБАЙ!

Опоосуз дүйнөнү, тагдырдын таш боордугун карапыздар. Чыныбай Турсунбековдун китептер циклын 60 жаш маарекесине даярдап чыгарууну максаттап, автор менен бирдикте камылга көрө баштадык эле. Аңгыча таажывирус алааматы каптады… Бүт ааламды чаң-тополоң түшүрдү… Көз ачып-жумгуча кыргыздын көздөй болгон азаматы Чыныбай Акуновичти о дүйнөгө жула качып – жер муштап олтуруп калдык… Натыйжада 60 жаш мааракe минтип эскерүү расмисине, ыр томдугу минтип эскерүү маанайындагы китепке айланып олтурат. Маарекелик куттук жазгандын ордуна Чыныбай досумдун жыйнагына көз-жаш төгүү менен эскерүү баш сөзүн жаздым…

Чыкемдин бизден да жакшы көргөн жандосу бар эле – Чындык деген! Башкадан алыстаса да, Чындыктан эзелим алыстабайт болчу! Башканы кой, бизнесте дагы, башканы кой, саясатта дагы ошол Чындыкты жанынан жарым карыш чыгарбаганда – таазим кылып, тан бердик! Чыныбай дагы – Чыке болчу, Чындык дагы – Чыке болчу!

Чыныбай Турсунбеков таланттуу акын катары таанылa баштаган кезинде биз үчүн Чыңгыз Айтматовго жолугуш, бет-маңдай келиш мүмкүн эмес нерсе эле. Ошондуктан «Биздин өзүбүздүн Чыкебиз бар!» – деп койчубуз аны көрсөтүп. Оозубузга сала бергендей,

өзүбүздүн Чыкебиздин жолу дагы абдан байсалдуу, абдан сыймыктуу, абдан ооматтуу болгондугуна жалпы кыргыз эли күбө!

Ал өзү акын эле! Атасынын аты Акун эле! Бизнесте мартабасын көтөргөн ак ун болду!

Чыкем экөөбүз катар окудук, катар ыр жаздык, университеттен кийин катар «Кыргызстан» басмасына ишке кирип, чогуу иштедик. Туңгуч китебибиз да 25 жашыбызда катар, бир кутучада жарык көрдү.

Кайран Чыкемдин өмүр-таржымалын шарттуу түрдө он жылдыктарга бөлүп карасак болот экен.

30 жашка чейин чыгармачылык жана илимий изденүүнүн жолунда болду. Көрүнүктүү акын, аспирант, илимдин кандидаты, декандын орун басары даражаларына жетти.

40 жашка чейин өзүн дипломатияда көрсөттү. Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Түркиядагы өкүлү, ТИКА кызматкери, «Манас – 1000» Мамлекеттик комитетине караштуу Түркиядагы «Манас дастаны» филиалынын деректири кызматтарын аркалады. «Жаңы тууган» – Түркияны, түрктөрдүн тилин биринчилерден болуп өздөштүргөн кыргыз айдыңдарынан!

50 жашка чейин Чыныбай Турсунбеков заманбап бизнесмен катары таанылды. «Акун» фирмасын негиздеп, ожалтып, өркүндөтүп, фирмалар тобуна айландырып – Кыргызстандагы бирден-бир иш-борборунун ээси болду. Андыктан Кыргызстан ишкерлер союзунун президенти, Кыргыз-түрк ишкерлер кеңешинин теңтөрагасы коомдук кызматтарына тартылды.

Ал эми 60 жашка чейин, өзүңүздөр жакшы билгендей, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин

эки чакырылыштагы депутаты болуу менен, Кыргыз саясатында өзгөчө орду бар инсанга айланды. Жогорку Кеңештин бийлик мыкчыган фракциясынын жана көпчүлүк коалициянын башчысы, Жогорку Кеңеш төрагасы мартабаларына чейин жетти.

Ушунун баарысында жанагы Чындык деген жандосу коштоп, колтуктап жүрдү. Чындык бар жерде чыныгы Жөнөкөйлүк, анан чымыркanган Эмгек сөзсүз бирге болот экен. Аны дагы Чыныбай Акуновичтен улам байкадык. Карапайым үй-бүлөдөн чыккан кара тоголок бала ошол Чындык, Жөнөкөйлүк, Эмгек аркылуу кыргыздын кыйырына таанылып, жарды өлкөсүн жантыгынан жатып өйдө көтөрүшүү менен эл-журттун ишенимине татып, сыймыгына айланды!

Жаш кезинен зыңгырап сырдуу эле, тулкусу чакан болгону менен, шамал-бороонго ийилбес салмактуу эле! Андыктан, катар жүрүп канча жаңылыгын, канча ийгилигин, канча өнөрүн билбей калчубуз. Жаш кезде жаңы алган «Москвичин» айдап келатып Балыкчыдан Кантка чейин ырдаганы эсимде. Я-айланайын, жаткан турбайбы сенде дейбиз! Биз анын үчтөн биринчелик ырдасак, те мурдараак, студент кезде университеттин булбулу атанып алмакпыз. Убагында Чыныбай Турсунбеков түрк жазуучусу Нихал Атсыздын «Көкжалдардын өлүмү» романын, ошондой эле «Түрк дүйнөсүнүн адабияты» деген аталыштагы эки томдукту кыргыз тилине которгон экен. Канча чоң эмгек! Өзү аларды эч жерде кеп кылчу деле эмес. Үч-төрт жыл мурда берген бир маегимде журналист азыркы түрк поэзиясын профессионалдык деңгээлде түрк тилинен түз кыргыз тилине сиз которуп баштадыңыз окшойт деп сураганда, менден мурда Алтынбек Исмаилов баштаганын, ал Юнус

Емрени, Мевляна Румини которгондугун, мен Каражаогланды, Назым Хикметти, Нежип Фазылды которгонумду кеп салгамын. Андан бир жылдан кийин эле Чыныбай Турсунбековдун котормолор китебинин кол жазмасы колума тийип атпайбы. Редакциялап берүү өтүнүчү менен. Карасам, түрктүн бир катар акындарын түрк тилинен түз кыргыз тилине эчак эле Чыныбай Турсунбеков которуп таштаптыр. Жанында жүрүп ошону да билбегениме бармак тиштедим. Анын үстүнө ал соңку көптөгөн жылдары бизнестин, саясаттын кумарына кирип алып, тиги эмгектерин этибар албай да калган шекилди.

Дагы бир кошумча. 1994-жылы Түркия мамлекети Кыргыздын улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовду Түркияга чакырып, өзгөчө эсте каларлык жолугушууларды өткөрүп, өзүнчө узун сүрөө адабий, маданий майрам курганы бар. Ошондо улуу жазуучуну жандоо, котормочулук жасоо вазипасы так ушул Чыныбай Акуновичке жүктөлгөн экен. Натыйжада отуздан оогон жаш жигиттин жасаган жардамына, кылган кызматына Чыңгыз Төрөкулович жан-тени менен ыраазы болуп, Чыныбай Турсунбеков кыргыздын табылгыс кадрларынан экендигин, туруш-турпаты менен дипломаттыгын, анын мындай мүмкүнчүлүгүн Кыргызстан пайдаланбаса болбостугун көпчүлүктүн алдында шардана-шардана айтыптыр. Башка киши болсо – муну деле кыйла реклама жасамак өзүнө.

Парламентте бийлик фракциясынын жетекчиси, көпчүлүк коалициянын башчысы катары канча кыйчалыш кырдаалдарды жолго салды, канча өкмөт курду, Жогорку Кеңеш төрагасы катары канча кабылуу,

бараандуу эмгек өтөдү. Бир дагы жолу муну мен жасадым деп төшүн какканы жок. Менин эмгегимди билбей атасыңар деп доомат артканы жок. Чындыктан, Жөнөкөйлүктөн жазбады. Ар дайыма асылгандар болду байлыгына, бийлигине – кээ бирде кетилдеп күлүп коюп гана кутулду. Бул айласыз экенсиңер дегени болчу. Төрага катары нааразылыкты өз партиясынан көбүрөөк укту. Бул анын кашкайган калыстыгынын, демократтыгынын далили эле.

Чалкеш саясатты дагы Чыныбай Акунович жөнөкөй гана түшүндүрүп койчу. Чатышкан маселени дагы Чыныбай Акунович жөнөкөй гана чечип салчу. Кыйчалыш кырдаалда бир аз кызара, бир аз кызаңдай түшмөйү бар эле. Бир аз. Ашынып кетчү эмес. Ачуудан (ачуу ичимдиктен да, ачуу сөздөн да, ачуу кыял-жоруктан да) дайыма алыс болуп – өмүрүн пакиза тутунду. Өтөлгөлүү, өрнөктүү өмүр сүрдү. Бул айткандарым барган сайын бажырайып көрүнөрүнө, барган сайын дааналанарына бөркүмдөй ишенем.

Чыныбай Турсунбековдун эркин формада жазылган бир классикалык ыры бар. «Тушоо кесүү» аттуу. Ырда Совет доорундагы балалыгы чагылдырылат. Айыл балдары тушоо тоюнда салттагыдай жабыла жүгүрүп, бирок өкүнүчтүү жыйынтыкка бет келишет.

*Жан-Булагым: – Тушоосун кесип бер?! – деп*
*колунан кармап турдуң*
*топ аялдын ортосунда бир инимди.*
*Биринчи жеткен агам, кечирип кой,*
*тушоосун кесе алган жок.*
*Тушоону кести парторгдун баласы*
*арттан барган.*

Ырдан үзүндү келтиргеним, автор өзү «партком» кезинде мындай нерсе баштаган калыссыздыкка өмүрүн беттештиргени жок, өзүн кириптер кылганы жок. Балалык аруулугун түбөлүк сактады. Аттигиң, арман дүйнө-ай, 60 жашка дагы так ошондой аруу кадам шилтеди эле...

Ал эми колуңуздардагы китепке келсек, Чыныбай Турсунбековдун поэзиясында, эң оболу, табигыйлуулук күч. Табигыйлуулук көркөм сүрөт, жылаңач чындык менен чырмалышкан. Маселен, «Балалык» аттуу ырын караңыздар:

*Жарышып желге чуркачу,*
*Белине турбай турсасы.*
*Бал экен көрсө ал курак*
*Чайыңа салып ууртачу,* –

деп атпайбы. Жасалма эч нерсе жок. Көзгө тартылчу көркөм элесинен, жумшак юморунан бери турат. Жайында колхоз-совхоздор жыйчу эбегейсиз чоң жалдарды (скирдаларды) – «көп тоолорго / чөп тоолорду жайнатып кошкон» эмгек катары сүрөттөйт. Азыр ал кездегидей заңкайган чөп тоолорду көрө албай калганыбыз ырас. Бир жагынан кусалык сезимиңди козгойт. Ушул эле «Мектеп мозаикалары» ырында:

*Аюудай калган уктап*
*Кар басып калган кыштак,* –

деген сыяктуу эстен чыккыс элестер бар. Деги эле табигат көрүнүштөрүн сүрөттөөгө Чыныбай Турсунбеков айрыкча кынык, айрыкча чебер. «Өткүн» аттуу ырында жайлоодогу өткүндү сүрөттөгөнүнө көңүлүңүздөрдү бурайын:

*Эч болбосо бир ооз сөзгө жарабай,*
*Эсти оодарып куюп ийчү аябай.*

Мында «эч болбосо бир ооз сөзгө жарабай» деген түшүнүк-табылганын өтө орундуулугун, өткүндүн образын өткөрө ачып тургандыгын байкаган чыгарсыз. Соңку кездерде жазган «Кайыкчы» аттуу ырындагы эски кайыктын сүрөттөлүшү да окурман жүрөгүн тызылдатпай койбос:

*Кайыкчы чал моторго алмашпаган –*
*Кайран кайык жээкте жамбаштаган,*
*Караганга адам жок кагылжырап,*
*Калган минтип ээнде, жан баспаган.*

«Шиберде», «Жалбырактар» сыяктуу ырлары формалык жагы менен да табигат кубулушунун образын чагылдырып тургандыгы – акындын чеберчилиги экендигин белгилей кетмекчимин.

Китепке сүңгүгөн сайын табигат сүрөттөрү татаалдашкан саптарга кезигебиз, бирок аларда да логикасы, айтайын деген ою таптак.

*Бакалардын көлмөлөрү чалкалап*
*Жатып алып тартат асман сүрөтүн.*
*Жакшы көрүп баратканым байкалат*
*Табийгаттын жаны тынбас мүнөзүн.*

Ыңгайы келгенде айта кетели, колуңуздрдагы ыр-томдукта асман түшүнүктөрү, асман сүрөттөрү, асман ой жүгүртүүлөрү арбын. «Асман», «Асманы ыйлап жаткандыгын кабарлаар» деген атайын ырлары да бар. Ооба, Чыныбай Турсунбеков бул өмүрдө асманын таза сактады! Асмандай кең пейил күттү! Асмандай бийик иштерди аткарып кетти! Аталган экинчи ырда акын:

*Эмнеге эл ким бирөөгө өкчөлөт?*
*Эмнеге көл жылдан-жылга бөксөрөт?*
*Ушул кайгым ооруткандан жүрөгүн,*
*Асман ыйлап жаткан окшойт өпкөлөп!* –

деп жүрөгүнүн эл-жер үчүн күйүп-жануусун да асман менен байланыштырат. Асман чабыттарынан улам акындын ырларындагы поэтикалык ойлорго токтололу. «Балалык менен коштошуу» ырында лирикалык каарман шылдырап агып жаткан булакты карап олтуруп:

*Жер үстүнө өз чыйырын калтырып,*
*Көлөкөм да кошо акчудай тартылып,* –

дейт. Табигат сүрөтүнө көркөм ой кандай ыктуу кынапталган! «Апам» аттуу ырдын финалын караңыздар:

*Ортосунан бүктөлгөн*
*Ушул каттар топ барак* –
*Момпо салган апамдын*
*Кемсели эле жыттанат.*

Бул поэтикалык табылга, албетте, окурман сезимине от жакпай койбойт. Байпагы макмал болгондорго чейин, картайып калгандарга чейин энесин бир эстетип – эрксизден үшкүртөөрү ырас. Анын үстүнө кагаздагы каттар жоголгон азыркыдай заманда ого бетер таасирдүү. «Өскөн жерди сагынуу» деген ырындагы:

*Жалбырагын катың менен салып ий,*
*Карындашым, биздин жалгыз кайыңдын...* –

деген саптар логикалык жана сезимталдык жактан жогорудагы ырдын уландысы сыңары.

*Балдар гана каршы чуркайт шамалга...* – дейт акын «Шамал» аттуу ырында. Ушул бир эле сапты канча түрлүү интерпретациялап, канча түрлүү көркөм ойго бурса жарамдуу! Сүрөткерлик акындын арзуу ырлары-

на чейин сүңгүгөн. Маселен, «Табышуу» аттуу ырда болочокту акын энеге ыктуу салыштырат:

*Менден өткөн жигит сага жок окшоп,*
*Сенден өткөн сулуу мага жок окшоп,*
*Энебиздей мээрин төгүп бул түнү,*
*Эшик ачып күлүп турду болочок.*

Эми котормолору жөнүндө. Бул китепке Чыныбай Турсунбеков тарабынан которулган XX кылымдагы Түркий калктардын омоктуу акындарынын ырлары да киргизилди. Китеп толугу менен поэзия болсун дедик. Түрк жазуучусу Нихал Атсыздын «Көкжалдардын өлүмү» романы баштаган дагы далай котормо эмгектери, адабий сын, адабий изилдөөлөрү бар. Алар келечекте жарык көрөт, буюрса.

Ыр-котормолорду окуп чыккан соң эки нерсени аргасыз эстедим.Казактын легендарлуу опера ырчысы, СССРдин жана Казакстандын калк артиси Бибигүл Төлөгөнова эженин бир айтканы бар эле. ТҮРКСОЙ ишчарасы менен Түркияга келген Бибигүл Төлөгөнова: «Мен СССРдин эл артиси катары СССРдин бүт-бардык аймагын кыдырдым окшойт. Бирок анда биз кучакташкан көптөгөн элдер биздин досторубуз эмес – биздин туугандарыбыз экенин дегеле билбеппиз. Мына эми ТҮРКСОЙ аркылуу гана алардын Түрк тектүүлөр экенин билип, көзүбүз ачылып олтурат...»

Чыныбай Турсунбеков дагы так ошол досторубуз эмес – туугандарыбыздын, кандаштарыбыздын көркөм сөз көрөңгөсүн, тактап айтканда, 20-кылымдагы адабиятын алп Манастын тилинде алдыбызга жайып турганы.

Манас демекчи, бул улуу эпосту жайылтуудагы Чыныбай Турсунбековдун эмгегин эскере кетүү ашык-

тык кылбас. «Манас» эпосунун калыптангандыгынын 1000 жылдыгын өткөрүү боюнча түзүлгөн Мамлекеттик дирекциянын Түркиядагы филиалынын деректири катары Түркиянын ар кайсы шаарларында ондогон «Манас» эпосун таанытуу иш-чараларын, илимий конференцияларды уюштурган. «Манас» боюнча кыргыз, түрк, англис тилдеринде иллюстрацияланган түстүү, кооз китеп чыгарып, анын авторлорунун бири өзү болгон. Ошондой эле «Манас-1000» деп аталган лотерея даярдап, 1000 жылдыкты өткөрүү үчүн мамлекетке кыйла каражат топтоп берген. Ал тургай Кыргызстандагы «Манас-1000» майрамына Түркиядан меймандарды алып келип, алып кеткен учак каттамы жеке Чыныбай Турсунбеков тарабынан акысыз уюштурулганын Түркия коомчулугу жакшы билет. Кийин жеке бизнеси гүлдөп-өнүгүп, Кыргызстандын ишкерлер союзунун төрагасы милдетин аркалап турган учурда дагы Кыргыз- Түрк ишкердик коомунун теңтөрагасы (Кыргыз тараптан) болуп шайланып, бир канча жолу биргелешкен бизнес-форумдарды уюштуруу менен, эки тараптуу экономикалык мамилелердин өнүгүшү үчүн салым кошкон.

Демек, автор бул жолу Түркий калктардын биримдиги үчүн кызмат кылууну XX кылымдагы акындардын поэзиясын түз кыргыз тилине которуу аркылуу улантып олтурат!

2012-жылы мен акын катары Азербайжандын улуу сатирик-акыны Мирза Алекбар Сабырдын 150 жылдык маарекесине барып катышкан элем. Ал кезде түрк тилин билчү эмесмин. Орус тили аркылуу Мирза Алекбар Сабырдын сатираларынан, какшыктарынан, мазактарынан кабардар болуп, атаңгөрү, ушул ырларды азербайжанчадан түз кыргызчага мыктылап которсо – ыр-

лар өзгөчө таасирдүү болгудай деп ойлодум эле. Ошол тилегим акын Чыныбай Турсунбеков тарабынан мурда эле орундалыптыр, көрсө. Анда ошол XX кылымдагы Түрк дүйнөсүнүн адабиятынын бир тамчысы катары Мирза Алекбар Сабырдын «Айдыңдар маршы» деген какшык-ырынын эки түрмөгүн үзүп алып, чогуу окуп көрөлү:

*Интеллигентпиз, кербезденип жүрөбүз,*
*Кандай гана шаттуу өмүр сүрөбүз,*
*Бир жумада бирден сулуу сүйөбүз,*
*Бардык иштин жолун таап жайлайбыз!*
*Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!*

*Жактырбайбыз караңгы калк кысымын,*
*Кемчилигин көп мусулман кызынын,*
*Уккум келбейт Батма, Кезбан ысымын,*
*Аня менен Соняларды жандайбыз!*
*Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!*

Мирза Алекбар Сабырдын ушул ырынан да ачык көрүнүп тургандай, Чыныбай Турсунбеков котормодо ырлардын маани-мазмунун гана кыргызча так бербестен, ошону менен бирге ырлардын формасын дагы дал өзүндөй алып түшкөн. Демек, муун өлчөмдөрү дагы, уйкаштыктары дагы кудум түпнускадагыдай сакталган. Бул чыныгы жоопкерчилик! Мындай формалык өзгөчөлүктөрдү так сактоо – кайсы улуттун акындары кайсы ырдык форманы көбүрөөк колдонот, кайсыга басым жасайт, ал форманын артыкчылыктары кандай – баарынан кабардар кылып турат.

Чыныбай Турсунбековдун котормочулук эмгегинин натыйжасында Орхан Вели Каньк, Мехмед Эмин Юрдакул, Зия Гөкалп, Мехмет Акиф Эрсой, Яхя

Кемал Беятлы, Фарук Нафиз Чамлыбел, Мухаммед Хусейн Шехрияр, Ахмед Хамды Танпынар сыяктуу Түрк дүйнөсүнүн сыймыктуу акындарынын чыгармалары Түркий тилдердин бир салаасы болгон кыргыз тилинде биринчи жолу тааныштырылып жатканы чындык. Ушул фактынын өзү эле кандай жүрөк толкутарлык сүйүнүчтүү жана жүрөк сыздатарлык өкүнүчтүү...

Буюрса, Чыныбай Турсунбековдун колуңуздардагы «Жылдыздуу жээк» ыр-таберигинен алаар рухий азыгыңыз арбын, кымбаттуу кыргыз окурманы. Ошентип акындын экинчи өмүрү башталып олтурат...

**Кожогелди Култегин, Кыргыз эл акыны.**

# СОҢКУ ЫРЛАР



## ЧЫН СҮЙҮҮНҮН КАСИЕТИ

Сүйүүнүн улуулугун,
Сүйүүнүн бийиктигин,
Сүйүүнүн тереңдигин,
Сүйүүнүн ыйыктыгын
Мен билбей жүрүптүрмүн!

Жарк эткен жүзүн көрүп аялдардын,
Шаңк эткен үнүн угуп аялдардын,
Шыңк эткен назын сезип аялдардын,
Зыңкыйган боюн көрүп аялдардын –
Сүйүү деп билиптирмин!


Колума колум болуп ар күнүмдө,
Төшөлүп жолум болуп өмүрүмдө,
Эки кыз, бир уул берип, күлүп-жайнап,
Гүл ачып келатканың көңүлүмдө –
Улуулугуң эмеспи!

Чалынсам жөлөп-таяп кадамымды,
Билгизбей жашырып-жаап жаманымды,
«Чыныбай, Чыныбайым»,– деп чуркасаң,
Чыгарып элге жакшы тарабымды –
Бийиктигиң эмеспи!

Түшүнүп дайым менин абалымдан,
Досту да, тууганды да мага бурган,
Бек сактап келатканың карегиңдей,
Кетирбей ырыскыны аягымдан –
Тереңдигиң эмеспи!

Намысын үй-бүлөнүн бекем коргоп,
Адамдык, аруулукту туура болжоп,
Уянын жылуулугун, жайлуулугун
Жүргөнүң өз жаныңан бетер ойлоп –
Ыйыктыгың эмеспи!

Башынан жолго салсаң турмушуму –
Жаш болуп түшүнбөпмүн мурда ушуну,
Үй-бүлө жетип жаткан ийгиликтин
турбайбы эң негизги туундусу бу!
Нуржаным –
Чын сүйүүнүн касиети,
Чоң сүйүүнүн уңгусу бу!!!



## ЭРЖАНГА

Кымча белдүү, буура сан,
Кумурсканы туурасаң,
Кызга балким суусаң да,
Ишке, балам, суубасаң –
Жашарганым ошо да!

Көзүң күйгөн чырактай,
Сөзүң агып булактай,
Көңүлүмдү агартып,
Жууп койсоң суратпай –
Тазарганым ошо да!

«Чарт-чурт» этет чагылган,
Чагылгандай жагылган –
Балалыгың чалынып,
От кемитсе жанымдан –
Алынганым ошо да!

Бөдөнөнүн сүтүндөй,
Бөтөн оозго ичирбей,
Бөпөлөгөн ой-тилек
Бөгүп турса бүтүндөй –
Тарылганым ошо да!

Уктап кайра ойгонуп,
Жатып-туруп ойлонуп,
Жакшы ишиңе тырнактай
Жан дүйнөмдө той болуп –
Мактанганым бар болсун!

Калдалактап жүгүрүп,
Барбалактап сүйүнүп,
Баласаактык мүнөзүм
Бар экени билинип –
Актанганым бар болсун!

Ак ниетиңен дем келип,
Бар оорудан эмделип,
Апаң кошо жанымда,
Ар нерсеңи тең көрүп –
Кубандырсын Кудайым!

Алтын балам, жан балам,
Күлүп Күндү кармаган,
Жерге эңкейип иш кылып,
Элге эмгегин арнаган –
Адам кылсын Кудайым!

## БИР ЧЫНДЫК

Айдай сулуу болсо да,
Арзып жүрүп алганың,
Айдай муздак болбосун –
Мисирейип жашооңу
Музга айлантып койбосун!

Күндөй сулуу болсо да,
Күтүп жүрүп алганың,
Күндөй ысык болбосун –
Күлүп туруп жашооңу
Күлгө айлантып койбосун!

Жакшы болсо алганың,
Мыкты менен тең кылат.
Багып алган балаңы
Байлап сага бел кылат.
Жаман болсо алганың,
Жамандан да кем кылат.
Жакшы көргөн балаңа
Өчөштүрүп жем кылат.

Сүйгөн жарың ак болсо,
Сүйүү деген – бул жомок.
Бапестелип бак консо,
Барган жери оңдолот.
Сүйгөнүңөн жаңылсаң,
Сүйүү деген кордолот.
Чырлуу жанга кабылсаң,
Чыкпай турган жол болот.

Жакшылыкка атасаң,
Жалгыз башың үч болот.
Түшүнүшүп жашасаң,
Түбөлүгүң түз болот!

***04.11.2017.***

## ТЫЙЫН ЧЫЧКАНДАР

Ойноок тыйын чычкандар,
Оюндарын кызганбай,
Ойнойт чуркап, секирип,
Үкү топу кыздардай.

Бутактардан бутакка,
Секирчүдөй кучакка,
Шыбыраша калышат,
Киришкендей ушакка.

Тобурчакты ташышат,
Жерге көмүп катышат,
Кыш келгиче азыгын,
Камдап алып жатышат.

Кызыккандар түгөткө,
Токтой калса мүнөткө.
Телефонго колдогу,
Тартып жүрөт сүрөткө.

Чочулашпайт, коркушпайт,
Көчө качып толкушпайт,
Карматышпай а бирок
Кыздай болуп ойкуштайт.

Ойноок тыйын чычкандар,
Оюндарын кызганбай,
Ойнойт чуркап, секирип,
Оюнкараак кыздардай...

***06.11.2017.***

## ЭХ, ДҮЙНӨ

Жайнап тамак турса да,
Тартып ичип, тандап жеп.
Көз тойбостук кылса да,
Өзүбүздү алдап жеп.
«Ар бир ашык калорий,
Ал кошумча салмак»,– деп.

Ашабаган ширинди,
Аттиң, чиркин, кор дүйнө,
Ажыдаардай алкымы,
Аңырайган ор дүйнө.
Өз тапканы өзүнө
Капас болгон тор дүйнө.

Жалаңдаган жаш кезде
Жайнап турган тамак жок,
Кайнап турган казан жок,
Байлап турган бука жок,
Айдап жүргөн эчки жок.
Жарты нанды тең бөлүп,
Жармабызды бир ичип,
Керебетти кең көрүп,
Кызга чогуу тийишип.

Азуу менен таш чайнап,
«Аталардан калган»,– деп.
Ажалга да баш байлап.
Адилеттик дегенде,
Ачуубузга аш бышып.
Ала бакан, куу союл,
Анан барып баш бышып...

Урунаарга тоо да жок,
Урушаарга жоо да жок.
Эс оогончо жардам бар,
Эсептешкен соода жок.
Аккан суда арам жок,
Филтр менен суу ичкен,
Азыркыдай заман жок.
Асман тунук, кири жок.
Ар кадамын аңдышкан,
Азыркынын бири жок.

Аттиң, чиркин, кем дүйнө,
Ач карышкыр өңдөнтүп,
Алдуугa алсыз жем дүйнө.
Бирди берип, бирди алган,
Миңди берип, миңди алган,
Таразасы тең дүйнө.

Жаштык болсо, аштык жок,
Аштык болсо, жаштык жок.
Эх, кең дүйнө, кең дүйнө,
Тузу дайым кем дүйнө!

## КҮЗГҮ АҢЫЗ

Аңыз жатат күзүндө
Алтын каптап койгондой.
Сары күчүк түшүндө,
Сүткө катуу тойгондой.

Чукуранат, ныксырайт,
Чунак уктап баратып.
Чычкан, чымчык тынчыбайт,
Чуркап, конуп тажатып.

Түшкөн малдар жайлоодон,
Түртөт топон, саманын.
Тажагансып тандоодон,
Түгөл жуушайт, карагын!

Күндүн нуру балкытат,
Күчү ысыктын тайса да.
Куштар «кош» деп айтышат,
«Көрүшөбүз кайта да».

Ак келиндин тоюндай,
Алтын белек алган бүт.
Саманчынын жолундай,
Сары жоолук салган Күз.

Аңыз эми уктагын,
Алп Манастай керилип.
Аяп турсун Кыш дагын,
Арттан келген теминип.

***08.11.2017*.**

## ГАЛСТУКЧАН АГАЖАН

«Асмандагы Айды алып берем»,– деп,
«Алдыңарга аштан салып берем»,– деп,
«Бу жалганда күнөөң үчүн тозокко
о дүйнөдө өзүм барып берем»,– деп,
Келет бизге шайлоодо.

«Чаң жолуңду асфальт кылып ийем»,– деп,
«Кара кызды аппак кылып ийем»,– деп,
Атам менен апамды бек кучактап:
«Мен силерди жапжаш кылып ийем»,– деп,
Берет сөздү шайлоодо.

«Багыңарды жемиш кылып салам»,– деп,
«Малыңарды семиз кылып салам»,– деп,
«Париж эмне, Лондон эмне,силердин
Айлыңарды бейиш кылып салам»,– деп,
Убаданы катырат!

Канча келип оозубузду ачырды,
Кээде, кээде бир көргөзүп жашылды:
– Башкарылат ушу менен дүйнө,– деп,
Бапырандап баарыбызга ачылды,
Кайран жигит.

Эркек экен, эмне гана дебеди,
Эриктирбейт анын айткан-дегени,
Эмнегедир «ар-р» деп ийип бир күчүк.
Эсибизде галстугун жегени,
Галстукчан агажан!

***12.11.2017.***

## БӨӨГӨ АЙЛАНГАН ДӨӨ ЖӨНҮНДӨ ЫР

Дөө деп жүргөн адамым бөө экенин,
Аны жандап жүргөндөр чөө экенин,
Аларга мен сордуруп өркөчүмү,
Арасында жүргөн бир төө экемин,–

Десем досум күлгөнсүң кыткылыктап,
Кыйын эмес каткырыш, кыткылыкташ,
Каршы чыксам бир ирет ошол бөөгө,
Чөөлөрүнө заматта кеттиң ыктап.

Мен аныңа кенедей кайгырбадым,
Билип турам анткени жандырмагын:
«Жакындасам канчалык – мен ошончо
Бөөдөн алам жашоонун жан жыргалын», –

Деген үмүт турганда көкүрөктө,
Турдуң ага сен дагы өчүрөткө.
Келип калаар кезегиң аман жүрсөң,
Чөөлүгүңө эгерде көзү жетсе –

Ырылдаса кошулуп тырыңдасаң,
Кыжыңдаса кошулуп мыжыңдасаң,
Атаң, апаң, досуң да ошол болуп,
Башка эч бир адамга сыйынбасаң!..

Дөө деп жүргөн адамың бөө экенин,
Аны жандап жүргөндөр чөө экенин,
Сүйкөнөм деп ойлосоң сен аларга,
Сүйгөн жалгыз боёгу көө экенин –
Унутпагын!

***04.11.2017.***

## КАЙЫКЧЫ

Көптөн бери кыйшайып жан жагына,
Көл жээгинде жатат бир эски кайык.
– Караган жок таптакыр балдары да,
Кайырсыз го,– дегендей кепке калып.

«Кайыкчы» деп өз аты унутулуп,
Карыганча түшкөн жок кайыгынан,
Кентаврдай жабышып бек отуруп,
Көл үстүндө көрүнчү жарымынан.

Суктандырчу калкылдап баратканы,
Сууну жиреп чарчабас калактары,
Зуу-зуу этип жарышып калчу кээде,
Суучулдуктун суу жукпас канаттары.

Көргөн жокпуз жарын да, балдарын да,
Кайыгына аларын салганын да,
Көл жээгинде көк тулпар жетимсиреп,
Кайсы күнү кыйшайып калганында.

Сүрчү, жуучу, майлачу кайра-кайра,
Сүйүнчүбүз биз аны кармаганга.
Сүрүнбөсө керектир ушунчалык,
Сүйгөнүнө өмүрүн арнаган да.


Жайга, кышка эч качан карабады,
Жамгыр, кардан жүдөп же жадабады.
Жакшы көргөн кайыгын минип алып,
Жүрүү болчу чайпалып самаганы.

Барып алыс, нарыраак, орто ченге,
Балким, Көлгө түшчүдүр ээн жерде,
Багып жүргөн байлыгын көрсөттүрбөй,
Бакыраң көз байкагыч келиндерге.

Мотору бар кайыктар чыкса дагы,
Мокоп калган тулпарын тыштабады,
«Моокум кантип кансын, – деп, – калагы жок»,
Моюбады, моторго ыктабады.

Кайыкчы чал моторго алмашпаган –
Кайран кайык жээкте жамбаштаган,
Караганга адам жок кагылжырап,
Калган минтип ээнде, жан баспаган.

***28.10.2017.***



## ШААРДЫ КАРАП ТУРУП

Чаң, түтүн каптап турса да,
Чарчабай сүйүп шаарды,
Чакалап кээде куйса да,
Чаңкайбыз күтүп жаанды.

Тажаткан менен тыгыны,
Тартып бир турган күчү бар.
Табышмак ушул чыныгы –
Таңкалткан жанды түшү бар.

Жашоосу тынбайт күн-түнү,
Жадасаң кеткин айылга.
«Жарашык», «Миң түркүнү»,
Жаркырап турат жанында.

Кезинде «окуйт элем» деп,
Кирчүбүз китепканага.
Келечек бул деп белендеп,
Көп берди билим мага да.

Театр, кино дегенге,
Түртүшүп кирген күндөр бар.
Түнкүсүн барчу жерлерде,
Тири шумдук бийлер бар.

Барабыз парк деп, бульвар деп,
Балдарды колдон жетелеп.
Балмуздак алып турган жеп,
Бактыбыз ойдон кетелек.

Кубаныч үйлөр тартуулайт,
Курулуп улам бийиги.
Күн алыс мэр да каңкуулайт,
«Курам,– деп,– муну, тигини».

Балкондон көрсөң төмөндө,
Быжырайт киши, машина.
Байкоочу түр жок бирөөндө,
Балапан түшсө башына.

Шашышат кайда адамдар,
Шар агып кетпей тыгылып.
Шартташкан жерге баралбай,
Шаарда жашаш кыйын иш!

## ЭСТЕН КЕТКИС БИР ЭЛЕС

Жарык өчүп ал кезде бардык жерде,
Жадагалса Бишкек да үлүндөгөн,
Жашоосуна нааразы алсыз пенде,
Жакшылыктан сен элең түңүлбөгөн.

Күлүңдөсөң жарк этип канча жүрөк,
Үлүңдөгөн Бишкек да күлүңдөчү.
Агып кеткен жаштыкты кайта тилеп,
Арсыз үмүт эртеңден түңүлбөчү.

Айталбаймын ал заман жакшы кезби?
Алаксыдык өзүңдөй дары менен.
Алоолонуп өздөрүн тирүү сезчү –
Ашыктыктын сен өлбөс жаны белең?!

Ошол отуң азыр да калды бекен?
Үлүңдөгөн шаарга жарык чачкан.
Айыктырып ооруган жанды нечен,
Үмүтсүздүк дегенден алыстаткан.

Ал жалының азыр да калды бекен?
Бир жан эмес, Бишкекке жарык чачкан!



## ЧАК ТҮШТӨ ТАШ-БАШАТТЫН ЖЭЭГИНДЕ

Кой жайып келип, четине
Булагынын олтурдум.
Туптунук мөлтүр бетине
Кочушташ үчүн кол сундум.

Чагылып нурга жалтылдап,
Чалкадан Күндү салыптыр.
Түбүндө суунун калтылдап,
Туткуну болуп калыптыр.

Ысыгы Күндүн сезилбей,
Муздак суу колду какшатат.
Чумкумак элем чечинбей,
Чоңураак болсо Таш-Башат.

Койлорум жуушап төмөндө,
Аптаптан улам акактайт.
Таш-Башатсыз өрөөнгө,
Бул ысык бир күн жашатпайт!

Чалкаман жатсам көк асман,
Чарчаган өңдүү тунжурайт.
Жанымда гана көк атчан –
Чаалыкпас булак чулдурайт.

«Ырахат ушул» дедим мен,
Чак түштө булак четинде.
Нан малып сууга жедим мен,
Курсагым ачкан кезинде.

***16.01.2017.***

## МИГРАНТ МЕНЕН ИШКЕРДИН ДИАЛОГУ

– Айтыңызчы, байкеси, жашоо кандай?
Сагындык биз жер жок эч
Кыргызстандай!
– Жашоо жакшы, бардыгы баягындай,
Акаевдин, Бакиевдин заманындай.
– Анда жашоо эч кандай жакшы эмес го?
Ошолордон бул жакка качты элек го!
– Алар дагы качышкан артыңардан,
Ал бийликти башкалар тартып алган.
– Тартып алып эмнени кыйратышты?
– Жакындарын аябай жыргатышты!
– Деги соттор пара албай калыштыбы?
– Азыркыдай анда көп алышчубу?
– Милициялар али да сабашабы?
– Көргөзбөсө күчтөрүн жарашабы!
– Ак жеринен адамды камашабы?
– Эмне, сындаш бийликти тамашабы?
– Бөлүшпөстөн бандиттер жан алабы?
– Буйрук берсе жогортон «абалары»...
– Инвесторлор көп келип жатса керек?
– Инвесторго башка жак жакса керек.
– Ишкерлер да кыйла эле тапса керек?
– Ишкер үчүн кредитке акча керек...
– Айтыңызчы, айтканга башка барбы?
– Айлап-жылдап күтөбүз акчаңарды!
– Дайым күткөн балдарым ойдо менин.
– Өкмөттөгү күтүшөт чоңго чейин!
– Курусунчу өкмөттөгү ошол чоңдор!
– Туура айтасың, таптакыр калды болбой!
– Жок дегенде силерди жөн коёбу?
– Кыймылдатыш ишиңди жөн болобу?

...Бизди койдук, силерчи, силер кандай?
– Чын-чынына келгенде, биз ар кандай.
– Бир батирге тыгылбай калдыңарбы?
– Бишкек, биздин акчабызды алдыңарбы?
– Деги жакшы тойгузгула кардыңарды.
– Эмне, бизге бир нерсе салдыңарбы?!
– Алыс жерде аман-эсен болгулачы!
– Силер такыр чуру-чууну койгулачы.
– Бизде болсо бардыгы баягыдай...
– Бизди болсо адам жок аягыдай...

***04.06.2020.***



## ЖАМГЫРЫ ТОКТОБОГОН ЖАЙЛООДОГУ ЭКИ КҮН

Асман – түпсүз калбыр,
Эки күндүр жамгыр,
Эзип жатат жерди –
Ээси мунун бардыр?!

– Бул жаан качан токтойт?
– Кемпир, ак жаан окшойт?
Кобурашкан экөөнү
Мештин оту коштойт.

«Чатыр-чутур» арча,
Күйөт дагы канча?
Ашып-ташат сабыр,
Чайнектеги чайча.

– Чиге – өлөт алгыр!
– Эчки үшүкчөөл малдыр.
– Үйгө башын салат да,
Бу тырайып калгыр!

– Эки күндүр түндүк,
Эч түрүлбөйт күндүз!
– Сыртты карай отурчу,
Неге эшикти түрдүк!


– Бетке койлор токтобой,
Башын салып оттобой,
Удургуса узатпай,
Учар кудум Чокчолой.

– Коюң калсын комуран,
Уулумдун суу жонунан
Өтүп кетип жүрбөсүн,
Тосуп чыкчы жолунан!

«Дабыр», «дыбыр», «дабыр»,
Бүтүп барат сабыр.
Чыгат элем жолго,
Ал эзилген камыр!

...Асман – түпсүз калбыр,
Тынбай төгөт жамгыр.
Бээни бирден имерип,
Окуранат айгыр.

***25.02.2019.***



## ЭЛҮҮ АЛТЫНЫН КЫРЫНДА ТУРУП ЖАЗГАН ЫР

Өтсө дагы жашчылык,
Өмүр бою азгырып,
Жашың тосуп турса да,
Жакындасаң мас кылып,
Жомок болуп эртеңи,
Жок нерсеге каткырып –
Кумар тура жашчылык!

Коюндашып бир өскөн,
Моюндашып күрөшкөн,
Көчкөн достор дүйнөдөн,
Көрүп турган сүрөттөн,
Куулугу жок, шуму жок,
Курбулугу жүрөктөн –
Тумар тура жашчылык!

Азыр минтип жок издеп,
Артка кайтчу жол издеп,
Алтын булак жаштыкка,
Айласын таап жолук деп,
Аста кармап колунан,
Астейдил өөп коюш эп –
Дары тура жашчылык!

Жыл айланып жаз келет,
Жерге жаңы жаш берет,
Жетип ал деп кыз турса,

Жигит ага тап берет,
Жалындатып жашоону,
Жыргалы да бап келет –
Баары тура жашчылык!

Эх, жашчылык, жашчылык!!!

***28.01.2017.***

## ПАНОРАМАДАН БИШКЕКТИ КАРАП ТУРУП ЖАЗГАН ЫР

Өф, өф түтүн, өф түтүн
Өз шаарыңан көч бүтүн.
– Өлүм алып келем,– деп,
Өжөрлөнөт көк түтүн.

ТЕЦтен чыгат көк түтүн,
Мештен чыгат көк түтүн,
Машиналар чубаса,
Чубайт арттан көп түтүн.

Түтүн менен түртүшүп,
Күндө баарын сүртүшүп
Бүтөлекте, көктөгү
Көк түтүндөн күл түшүп.

Кожойкелер чарчашат,
Чарчап башын чайкашат,
Түтүн деген түгөттүн
Түгөнбөсүн байкашат.

Өф, өф түтүн, өф түтүн,
Өлүп кеткир көк түтүн.
Өрдөп мурун, жүлүндү,
Өпкөбүзгө өч бүтүн.

Күнү каптайт калааны,
Түнү каптайт калааны,
Түйшүк кылып алдык биз,
Түтүн деген балааны!

***20.02.2020.***

## ЖИГИТТИН
## ТОО КОЙНУНДАГЫ ЫШКЫСЫ

Жылдыздар алыс туруп, жакын дагы,
Жыйылып келишкендей жакындары,
Төбөдөн жымыңдашып карагандай,
Аларга жигит турат чачылганы.

Ай толук, ак жүзүнөн нурун чачат,
Айтылбас анын түнкү сырын катат.
Алоолоп такыр күйүп кетпесин деп,
Азгыртып жылдыздарын жымыңдатат.

Жылдыздар сансыз дагы, алсыз дагы,
Жанында жаш келиндин жансыз дагы,
Жыргалдын жыргалынан өтүп кетет,
Жыпжылуу коюнунун балкытканы.

Төгүлүп далысынан кундуз чачы,
Толкутуп кереметтүү көзү, кашы,
Тизилген күрүч тиштин аркасында,
Түгөттүн төшүн кагат күчү, жашы.

Мас кылып жыты дагы, өзү дагы,
Мас кылып кылгырганда көзү дагы,
Маанайды ай-асманга алып чыгат,
Маалында шыбыраган сөзү дагы.

Эх, чиркин, мындай түндөр кандай кыска,
Ээ бербей күндөр, айлар алып учса,
Эр жигит эрдин тиштей камчыланып,
Эс-учсуз түнгө барат багынышка.

Ажайып тоо койнунун кооздугу,
Атынын койберилип ооздугу,
Аянбайт – жигит албуут, жигит өжөр,
Аяган – аны түндүн жоошутугу.

***26.01.2017.***



## ТҮН. КӨЛ. КЫЗ

Көл жататт тыптынч, мелтиреп,
Көркөмү Көккө серпилет,
Көк Асман менен Көл бүгүн,
Бир-бирин алган энчилеп.

Көктөгү жылдыз Көлдө бар,
Кылтылдап карайт Көлдөн Ай,
Кайыкка минип жетип көр,
Куушуп ойноп көңгөн ал.

Ак куулар эки-экиден,
– Макул де, – мен да чечинем,
«Култ» этип кирген жериңе,
Тартынбай барып секирем.

Балыктай эркин сүзөсүң,
Акактай тунук мүчөсүн,
Көрсөтпөй Айдан башкага,
Неге сен түнү түшөсүң?!

Ак куулар эгиз түгөйлөр,
Ээрчишет арзуу түгөнбөй,
Экөөнүн соккон жүрөгү,
Экөөнө жалгыз бирөөндөй.

Чумкуган Көлгө Чүрөгүм,
Издетип сага түгөйүн,
Түбүнө суунун түшүрүп,
Тынчыбай жатат жүрөгүң!

Сырыңды билбейм чынында,
Айып жок эч бир сынында,
Сулуулар сендей бир жолу,
Жаралат балким кылымда.

Айлуу түн, Көлдө сен барсың,
Атыңды билбейм, Гүлбарчын,
Каректе эч бир болбосо,
Жазылып ушул түн калсын!

***05.02.2018*.**



## ДАГЫ БИР ЫР

Сулууну көрүп маңкайган,
Оозун ачып аңкайган,
Көчөдөгү жигит да,
Акын болот тамтайган.

Калем алат колуна,
Таланты бары-жогуна
Карабастан ыр жазат,
«Түштүм,– деп,– пери торуңа».

Турганын көрүп чачырап,
Көз ымдап балким чакырат,
Торгойдой сайрап бир жолу,
Тоодой багы ачылат.

Мокок тилди курчутса,
Жүрөктү тынбай булкутса,
Канчалык өзүн өтөт деп,
Алдап-соолоп тынчытса,

Түшкө кирип болбостон,
Көрүнүп жакын жолдоштон,
Көңүлдө жалгыз жан болсо,
Жатса-турса ойлонткон.

Анда сүйүү келгени,
Акылды сезим жеңгени,
Азгырганы таткын деп,
Бейиштин даамын жердеги!

## СУЛУУ

Кабагы ачык, маңдайы жарык,
Көзүнүн турат шамдары жанып.
Жүрөктүн шашпай кагышы кыйын,
Сулуруга мындай арбалып алып.

Каштары жаадай ийилип турат,
Капкара болуп чийилип турат.
Чебер кол менен терилген экен,
Ченемсиз көркү билинип турат.

Алчадай эрди, кашкайган тиши –
Кайтарып жүрөт канча бир киши.
Алкымы аппак – жутканы кошо
Көрүнүп турат тамактын ичи.

Көкүрөк тушка бактеги конгон –
Чочутуп ийсе уччудай болгон.
Атасы менен баласын кошо
Алмадай мамак азгырат жолдон.

Кымча бел ушул – кыргыздар айткан,
Керемет көркү жылдыздан айткан,
Айчүрөк, Таттыбүбүлөр минтип,
Күттүрүп жүрүп кылымдан кайткан.

Элире басса элик бир шыйрак,
Ээрчиген көздөр жыгылат кыйрап,
Кексе чал гана билгизбейт сырын,
Бир болгон кырк жыл кемпирин сыйлап.

Жибектей чачын тарагың келет,
Көзүңдү албай карагың келет,
Атайлап тосуп алдынан чыксаң,
«Агай» деп назик саламын берет.

Торлорун көрүп эркектер жайган,
Аягың келет, аягың келет.



## БЕШ СОМ

Ошол күнү үйдө шекер калбаптыр,
Апам дагы акчасы жок – албаптыр.

А мен болсо шекерсиз чай ичпеймин,
ай куюлган көк чынымды тиктеймин.

– Сүттөйүнбү? Эч болбосо нан жегин...
Апам минтип тилдээрин мен билгемин:

– Жөлөк пулга чейин биртоп убак бар,
Көнсөң боло сен ар кимден суратпай...

Жеген болуп четин нандын тиштеймин,
Ал чайымды такыр ичип бүтпөймүн.

Мен чайыма шекерди көп салчумун,
Нанды суулап, аны дагы малчумун.

Бурдап-бурдап ошол нанды сугунуп,
Аркасынан уудай таттуу чай уруп,

– Өх, – деп анан сылагылап курсакты,–
Сыртка чыгып бираз жумуш кылсакпы?!

Чөп чапсамбы, көң жайсамбы, эмнени?
Таттуу чайдан ойгонот күч мендеги...

Мен ал күнү чечтим балык кармайм деп,
Курсагымды кечке эптеп алдайм деп.

Күрөк алып өттүм жолдон өйүзгө,
Балык үчүн сөөлжан казып келишке.

Сөөлжандын жарачусун ишиме,
Мен толтуруп калай банке ичине,

Кайра жолдон өтүп келе жатканда,
Аз-аз жерден калдым аны басканга.

Беш сом жатат таштай жылбай көгөрүп,
«Ала кет,– деп,– өзүң мени өңөрүп».

Шарт эңкейип алдым аны колума,
«Шекер» деген бир сөз келди оюма.

Унуттум мен балык баштап, баарын тең,
Азыр тоё шекери бар чай ичем.

Адырандап үйдү карай зуу койдум.
Жанымдагы байкеме да туу болдум.

– Апа, шекер. Апа, мына беш сомум...
– Шашпа, балам. Токто, балам, токтогун.

Кимден алдың? Кайдан чыкты бул акча?
Кимден алсаң азыр барып бер артка!

– Азыр эле таптым жолдон мен муну...
– Байкуш бири же түшүрүп койдубу?

Оорулуунун соңку үмүтү болбосун?
Байкуш бирөө же жоготуп койбосун?

– Дүкөн, шекер,– кайталадым сөзүмү.
Ойлуу карап апам менин көзүмү,

Абдан аяр алып колдон беш сомду,
Бизди карап күбүрөнө деп койду:

– Мейли буга кир самын да алайын,
Кир көбөйдү, бүгүн жууп салайын...

Агам кошту:
                    – Алалыкчы өтүк май,
Батиңкелер жылтырасын майрамдай.

Карындашым ага чейин айткан миң,
Кайра дагы айтты өзүнүн бантигин.

– Балдарым ай, келет буга бүт баары,
Берекелүү акча тура тапканы...

Шекер, самын, өтүк майдан, ал эмес,
Бантиктен да ашты беш сом керемет.

Бапырадык ошол күнү биз абдан,
Баймaнасы ашып-ташып бараткан,

Үй-бүлөдөй жедик конфет, пряник,
Бактыбызга көктөн түшкөн кубанып.

Азыр жашыл беш миллион – андагы
Көк беш сомчо кубандыра албады.

Эми ичип калгам чайды шекерсиз,
Жетпейт ага бүгүн көргөн эчен түш!

***17.08.2018.***

## УМСУНАЙ АПА БАЛА БАКЧАСЫ

### же Ленин көчөсүндөгү 52-үй жөнүндө ыр

Биздин уя жылуу эле, кең эле,
Бүт турпаты хансарайга тең эле.
Терезелер күлүп турчу шаңкайып,
Көк эшиги кең ааламга жол салып.

Кучак жайып кимге болсун ачылчу,
«Чай ичип кет» деп ар кимди чакырчу.
Одур-бодур дубалдары атамдан
«Балдарымды үшүтпө» деп бата алган.

Апам аны жаз-күз дебей акилеп,
Аңкып турчу тазалык бир касиет.
Устундары чала-бучук сүрүлгөн
Шыбы бизге төбөбүздөн үңүлгөн:

– Кар, жамгырдан калкалаймын, –
Деп турчу, атабыздын ак эмгегин кеп кылчу.
Полу, билбейм, кантип бизге чыдачу,
Апам аны күндө жууп-сылачу.

Алакийиз, шырдактары түтпөгөн,
Алышканга бизден чыккан күч менен.
Онубуз тең учкучакты уядан,
Оту өчпөй дайым түтүн булаган.

Ошол тамды кимдин кармап турганын,
атабыздан айрылганда туйгамын.
Инибиз да азгырылып шаарга,
Кайсы бир күн «тарс» жабылган каалга.

Карасак да апабызды талашып,
Кароосу жок калган үйгө жан ачып.
Коломтосу өчпөгөнүн билгизип,
Көрдүк ага киши дагы киргизип.

Бирок бизге жылуулугу жетпеди,
«Түнөп кеткин, үйүңөр кең» дешпеди.
Улам сууп, улам бизден алыстап,
Унчукпаган үйгө айланды табышмак.

Биз айылга барсак кирбей «шарт» этип,
Дарбазага жетпей сезим «жалп» өчүп,
Апабыз да карап-карап секиден,
Кайтчу дешип уктум далай кишиден.

Чарчагандай карай берип жөн эле,
Акыретке калды ошол дөбөдө.
Эңсеп анын рухунун келишин,
Бир жагынан айыл үчүн, эл үчүн,

Ошол тамды бузуп туруп бир күнү,
Бала бакча куруп салдым үлгүлүү.
Апабызга куран окуп ар жайда,
Барган кезде жолугабыз балдарга.

Тосуп чыкса мотурайган жүз бала,
Апам күлүп карагансыйт түз мага.
Биздин уя жылуу болду, кең болду
Эми накта хансарайга тең болду.

***07.03.2020.***

## ЖАНБУЛАГЫМ

*(Поэма)*

Жанбулак деген – Нарында,
Тоолордун калган чаңында.
Чамынып аккан дарыя,
Жайгашкан анын жанында.
Жайында суусу күркүрөп,
Токою өсүп дүркүрөп,
Кайырмак, торун көтөрүп,
Керээли-кечке өзөрүп,
Кармаса балык сүйүнүп,
Кир суудан чыкпай киринип,
Бир-бири менен алышып,
Кыздарды сууга салышып,
Токойдон токой кыдырып,
Жээкти түгөл сыдырып,
Сарбаштын тегирменин да,
Коңшу айылдын жерин да,
Калтырбай толук көрүшүп,
Көргөнү менен бөлүшүп,
Каникул кезде балдары
Ойношот калбай арманы.

«Шырп» этсе кулак түрүшүп,
Жабыла чыгып үрүшүп,
Иттери тосуп абалап,
Узатат «бар,– деп, – саламат».
Кыйкырып короз таң менен,
Короодон чыгат мал деген.
Жамгыры жаап басылат,
Самоору чайга чакырат.

Эгини бышып жайкалып,
Келини басып чайпалып,
Керемет кыштак Жанбулак,
Көңүлдү дайым жай кылат!

Чаар-Жон жатат түштүктө,
Жай өтөт кары бүткүчө.
Төмөнү анын Терек-Суу,
Сызылып агып келет суу.
Олдомор бираз ар жагы,
Жайылып чыгат малдары.
Булактын Башы аптапта,
Жалгыз жай жанды сакташка.
Бастырып Белге чыгасың,
Кара-Суу жакын туясың.
Алтыбай-Булак түз кетет,
Шору жок сууну издетет.

Чыгышта Ала-Мышыгы,
Анын көп айтчу кызыгы.
Шооласы күндүн түшпөгөн,
Үңкүрү жомок бүтпөгөн.
Советтик бийлик келгенде,
«Бердик» деп теңдик элдерге,
Аттанып чыккан көп болгон,
«Басмачы алар» деп койгон.
Колхозго каршы күрөшкөн,
Канча жыл бою жүдөткөн.
Бир тууган Турсун, Сүйүндөр,
Үңкүрдү ээлеп үйүндөй,
Айылдаш келсе тоготпой,
Аскерди жакын жолотпой,
Айланы алты кетирген,

Кара күч менен эсирген.
Акыры эбин табышып,
Атасын айдап барышып,
Үңкүрдүн оозун тосушуп,
Айылды бүтүн чочутуп,
«Атаңар өлөт, же силер,
Багын,– деп,– барда эсиңер»,
Аргасыз колго түшүшкөн,
Ошентип алар бүтүшкөн.

Чокусу Ала-Мышыктын –
Ордосу азыр кызыктын.
Атайын адис орустан,
Станция келип коюшкан.
Нарында толкун жараткан,
Оң-солго кабар тараткан.
Радио менен телени,
Угат, көрөт эл эми.
Алышат Ала-Мышыктан,
Кабарды канды кызыткан.

Ат-Башы ГЭС бар батышта,
Жүгөндөп сууну ашыкса.
Турбина менен агызып,
Ильичтин шамын жагызып,
Зым менен тартып келишип,
Ар үйгө жарык беришип,
Жол бойлоп бассаң жаркырап,
Айды да айран калтырат.
Кыз-жигит элден айбыгып,
Жарыктан качат кайрылып!

Жараган кезде керекке,
Көп бардык Жалгыз-Терекке.

Чөп чапса чөбүн жыйнадык,
Айтканды эки кылбадык.
Бөдөнө чыкса жорголоп,
Ал күнү ишиң оң болот.
Же кыздар сени карашат,
Же бири сага жанашат.

Сарыбай-Булуң токойлуу,
Кыдырдым далай токойду.
Коёнек көрсөм кубандым,
Уйларды кышта сугардым.
Туягы музду кармабай,
Тайтайып калчу бир далай.
Жылгаяк тепсе жыргадым,
Каякта ошол жылдарым?!

Эсимде Тактай-Ноосу да,
Улуган бороон доошу да.
Кар жаткан Кара-Талаа да,
Каргадай болгон бала да.
Кайтарган беш жүз кою да,
Кыялап түшчү жолу да.
«Мант» берген калтар түлкү да,
Сүйүнүп чыккан күлкү да.
Түлкүнү кууган тайган да,
Айтканым аны балдарга.
Мектептин көздөн учканы,
Ак бантик таккан кыз дагы.
Достугум кеткен жылдарга,
Досторум Мурат, Жыргал да.
Жыпжылуу, жарык класс да,
Кыштоодо күйгөн чырак да.
Унчукпай күткөн партам да,
Жылдарым калган аркамда.

Жашоону малга байлаган,
Сакманга жазда айдаган.
Колхоздун малы күтүрөп,
Бүт айыл баккан күч үрөп.
Чоңдорго келген борбордон,
Адамдан барктуу кой болгон.
Кирпичтен сарай салынчу,
Эсеби бирден алынчу.
«Эгиздеп туусун койлор» – деп,
«Жогортон план койгон» – деп,
Башкарма турса урушуп,
Жок жерден барды кылышып,
Туутка күчүн үрөшчү,
Кошулуп балдар сүрөшчү.
Бир айлап козу алышып,
Бир-бири менен жарышып,
Биттегенге карабай,
Билимди бийик санабай.
Чарчаганга карабай,
Чыла, кыктан жадабай,
Сүйгөнүн бирок эстешчү,
Жолукчу күндү дегдешчү.
Ал күндөр азыр бейиштей,
Эстесең койбойт кейитпей.

Айылга жакын айдоосу,
Алыста Карга жайлоосу.
Күпкөсү менен кыркыны,
Майрамдай болчу ал чыны.
Партия акыл-эс эле,
Малчылар эрке кез эле.
Айдатып автоловкасын,
Товардын жүктөп канчасын,

Орденди тагып төшүнө,
Көрсөтүп көптүн көзүнө,
«Иштеген адам тиштейт» – деп,
«Партия дайым сиз» – дейт деп,
Далыга таптап туруучу,
Коммунизмди куруучу.
Кымызы бекер ичилип,
Бааланып бийик кишилик.
Жайлоого чыккан жыргачу,
Кой союп ар ким сыйлачу.

Фрунзе – кыял жетпеген,
Бир элес сенден эскерем.
Шамалга, күнгө тотукпай,
Дүйнөсүн баёо чочутпай,
Шаарда өсүп-торолуп,
Келаткан назик чоңоюп,
Чынара деген ысымдуу,
Унутпайм ошол кызыңды.
Кубакай жүзүн бир көрүп,
Айылдык балдар дүрбөдүк.
Аракет кылып жакындап,
Ойнодук чогуу жашынбак.
Уй тосуп бирге барчубуз,
Колуна алып тал чыбык.
Коркконун малдан билгизбей,
Сүйлөсө дагы «киргиздей»,
Сүрдөгөн андан биз элек,
Сүйүүгө чийки, бышалек.
Балалык аруу сезимге
Тамызгы болгон кезинде.

Тээктин-Оозу деген жер,
Ал азыр биртоп кенен жер.

Атчан, жөө баары өткөн жер,
Куушуп-ойноп өскөн жер.
Кышында көк муз жаткан жер,
Жайында шор суу аккан жер.
Аталар аны адатта,
«Айтылган жер,– дейт,– «Манаста».
Коңурбай качып дырылдап,
Жансоога сурап чырылдап,
Эр Манас жетип саяарда,
Кыргыздын өчүн алаарда,
Коңурбай батып, ал батпай,
Алгара минип карматпай,
Кутулуп кеткен жер»,– дешет,
«Мелдешем» десең «кел»,– дешет.
«Колуңду кана бер»,– дешет,
Эмнеге болсун мелдешет.
Атаңдын гөрү, эр Манас,
Качан да болсун жер талаш.
Баспаган сенин жериң жок,
Барктабай турган элиң жок.
Сактабаган жериң жок,
Сагынбай турган элиң жок.
А бирок чиркин чынында,
Абалтан ушул кыйырда:
Айтылбай калган жер да бар,
Арманда жүргөн эл да бар.

Жомогун бала чактын да,
Жоготпосоң бактың да.
Кыялын бала чактын да,
Кыяртпасаң бактың да.

***02.08.2019.***

## АКУНУМ

Ала-Тообуз тунуп ойлорго,
Азаттыктын ээси болгондо,
Ак эмгегин арнап элине,
«Акун» иштеп келет борбордо!

***Кайырма:***
*Акунум, Акунум – ардагым, сен,*
*Ар дайым ак ишти тандадың, сен,*
*Ардактап кыргыздын өндүрүшүн,*
*Ак эмгек, күчүңдү арнадың, сен!*

Эмгек кылган алга умтулат,
Эмгеги жок эртең унтулат.
Эч тынбаган биздин «Акунда»
Элим сүйгөн аппак ун чыгат.

***Кайырма:***
*Акунум, Акунум – ардагым, сен,*
*Ар дайым ак ишти тандадың, сен,*
*Ардактап кыргыздын өндүрүшүн,*
*Ак эмгек, күчүңдү арнадың, сен!*

Чарчаганды Көлгө «кел» дедик,
Чаңкаганга күмүш суу берип.
Чаалыкпастан иштеп келебиз,
Чар тарапка азык жиберип.

***Кайырма:***
*Акунум, Акунум – ардагым, сен,*
*Ар дайым ак ишти тандадың, сен,*
*Ардактап кыргыздын өндүрүшүн,*
*Ак эмгек, күчүңдү арнадың, сен!*

Ала-Тообуз тунуп ойлорго,
Азаттыктын ээси болгондо,
Ак эмгегин арнап элине,
«Акун» иштеп келет борбордо!

***Кайырма:***

*Акунум, Акунум – ардагым, сен,*
*Ар дайым ак ишти тандадың, сен,*
*Ардактап кыргыздын өндүрүшүн,*
*Ак эмгек, күчүңдү арнадың, сен!*

***11.04.2017.***



## АЛА-АРЧАНЫН ЖЭЭГИНДЕ

Ала-Арча жеттиң бизге толуп-ташып,
Жолунан калган жандай болуп шашып,
Киргилдеп демейдеги көк кашка сууң,
Ичилбей бул ысыкта солуктатып.

Жолуңда эмне жатса шыпырыпсың,
Күчүңө Күн ысыгын чыкырыпсың.
Койгулап таштан ташка бар денеңди,
Карачы, ар тамчыңды бышырыпсың.

Коркушуп кечмек турсун бут салгандан,
Аптаптан салкындыгың куткаргандан,
Жээгиңде ары басат, бери басат,
Сууңдун муздагына суктанган жан!

А бизден бираз төмөн ысык чулгап,
Каптаган бетон, асфальт ысып, кургап.
Абасы мунарыктап жайкы шаардын,
Жаткансыйт сага жетпей жаны туйлап!

*03.07.2016.*



## ЭСЕНГУЛ ИБРАЕВДИН ТОЮНДА ЖАЗЫЛГАН ЫР

Жалама зоонун жанында,
Жаңырганын сагынам.
Жаяндай акын жанында,
Жаңы ырларын сагынам.
Жакшы эле жүрүп тымпыйып,
Жарылам кээде агыман.

Кунандай кезде мен дагы,
Катуулап дабыш чыгарып,
Көркөм сөз деген майданда,
Күлүккө түшкөм суналып.
Кашка акын делген байкемдин
Батасын алгам суранып.

Ыргагын коштоп агамдын,
Ыр окуп, кагаз карабай...
Ырасы, ошол замандын
Эркеси элек аябай.
Ыр жазуу деген бул күндө,
Чолпонбай өңдүү дзотко,
Төш тоскон менен барабар!

Мээнет таап кардай барактан,
Ыр үчүн мээсин шар аткан,
Чанда бир акын калды го,
Чаңдабас сөздү жараткан.
Мухиттен Сизди көрдүм мен
Музасын ташып бараткан.

Ташкындап бүгүн турасыз,
Таланттын күчүн таанытып.
Таамай сөз менен жыгасыз,
Таажылуу менен таанышып.

Түрдөнтүп аалам курасыз,
Түркөйлөрдү наалытып.
Тамшанган элди угасыз,
Тоюңузга маарытып!



## АЙТЧЫ, ДОСУМ

Айтчы, досум, эли-жердин эсендигин,
Айтчы, досум, жашоо кандай экендигин.
Айтчы, досум, биз канчалык тырышпайлы,
Өлүм бизди бир күн алып кетердигин.

Айтчы, досум, ким көтөрөт Мекен жүгүн?
Айтчы, досум, качкандардын бечелдигин.
Айтчы, досум, эл эстечү иш калбаса,
Жашагандын бул жалганда бекердигин!

Айтчы, досум, ак сүйүүнүн улуулугун,
Айтчы, досум, алган жардын сулуулугун.
Айтчы, досум, кээде көңүл муздатса да,
Качан болсун төшөгүнүн жылуулугун!

Айтчы, досум, достук кантип бек болоорун,
Айтчы, досум, аны саткан кеп болоорун.
Айтчы, досум, алп ойлордун атасын да,
Көрпенделер биригишип жеп коёорун.

Айтчы, досум, бала качан кубантаарын,
Айтчы, досум, бизди кимдер улантаарын.
Айтчы, досум, эртеңкисин ойлогондор,
Жаңылашып жатышканын улам шаарын.

Айтчы, досум, көк асманды, аба-сууну,
Айтчы, досум, токтотуп бул талашууну,
Айтчы, досум, токтотуп бул бөлүнүүнү,
Элибизге берсинчи деп жаратууну!

## ТАРАНЧЫ

Терезеден качып кирди таранчы,
Жагалмайдан жанын сактап калганы.
– Аман калды,– деп сүйүндүк, ананчы,–
Уясында күтөт балапандары.

Таңдан кечке оозун тынбай ачышып,
«Тамак бер» деп сураганы сураган.
Тыным албай тапкандарын ташышып,
Айланчыктап алыс кетпейт уядан.

Курт-кумурска, эмне тапса бүт ташып,
Суу апкелет тумшугуна толтуруп.
Биздин балдар нанын ала чуркашып,
«Качан келет» деп күтүшөт олтуруп.

Кокусунан кулап бири уядан,
Мышык илип кетпесин деп чочушчу.
Бүгүн качып кирип жардам сураган,
Таранчынын өзү бизди чочутту.

– Темир канат болуп баары жетилип,
Уясынан качан учуп кетишет? –
Балапандар балдарымдын эси бүт,
Алар үчүн жооптуудай сезишет.

– Шашпагыла болсо эгерде амандык,
Эртең эле ээлеп учат асманды.
Эң башкысы, жолобосун жамандык,
Эч айтпасын: «балдар жетим, жаш калды!»

***28.04.2020.***

## ЭЛ ДЕГЕНДЕРГЕ

Мен дагы элди сүйөмүн,
Мен дагы эл деп жүрөмүн.
Кемчилик көрсөм кыргыздан,
Кем эмес элден күйөмүн.

Мен деле элдей кийемин,
Машина бирдей минемин.
Жадабай элди аралап,
Жашоосун жакшы билемин.

Гүлдөсүн деймин өлкөбүз,
Жашасын деймин эл тегиз.
Эртеден кечке кыбырайм
Эмгегим бардыр элчелик.

А бирок өлүп-талышат,
Араны бөлүп-жарышат.
«Эл андай, силер мындай» деп,
Эл алар боло калышат.

Баарыбыз кыргыз элбиз го,
«Бир ата – түбү» дейбиз го.
«Биримдик керек» деп коюп,
Бир-бирибизди жейбиз го.

Мен деле элдин ичинде,
Мен деле эл деймин ишимде.
Иш бербей калсам, аш берем,
Итибай, сенин ишиң не?!

***25.05.2020.***

## КӨЛДӨГҮ ЖОЛУГУШУУ

Көп жылдарды өткөрүп чындыгында,
Курсташтарым чогулуп келди мында.
Бирин-бири ашыгып көрүш үчүн,
Биртоп сырды ортого төгүш үчүн.
«Кабар албай койдуң го бир жолу» деп,
Кайбирөөнү отуруп сөгүш үчүн.

Кубанычка, күлкүгө батыш үчүн,
Курбулуктун бал даамын татыш үчүн.
Көндүм болгон жашоонун түйшүгүнөн,
Керек болсо, ушинтип качыш үчүн.

Билингенде кай жакка баратканы,
Биргелешип кусаны таратканы.
Бир кезекте билинбей өтүп кеткен,
Бир үзүмүн жаштыктын жаратканы...

Алмончоктой жүздөр жок.
...Карышыптыр.
Айрымдары таанылбай калышыптыр.
Кайда балдар кылмурут кычыраган?
Кайда кыздар кымча бел чытыраган?
Калбай баары мезгилден жарышыптыр!


Арасында жокторун бирден санап,
Ага кошуп айтылып кирген сабак.
Агайлардын жүргөнү зыңкыйышып,
Эжейлердин жүргөнү зымпыйышып,
Эске түшүп билбеген, билген сабак,
Эмнегедир кээ бири тымпыйышып?!

...Түк сезилбей түнкү бир оокум дагын,
Түркүмдөнүп көлдөгү шоокум дагын.
Кемесинде чайпалып эскерүүнүн,
Курсташтарым кандырат моокумдарын!

*11.05.2020.*



# ЖАЛЫН ТОО[1]



[1] Чыныбай Турсунбековдун ушул аталышта 2014-жылы чыккан ыр китеби.



**Балалык, айлым, табигат – жөлөк,**
**Башымдан сылайт, жалынат, өбөт!**

## ТУШОО КЕСҮҮ

Күн күлүп,
кубанып,
бажырайып карап турду
төбөбүздөн.
Дүмбүл балдар,
сүт балдар,
ок балдар
дүрмөттөгү –
«дүр-р» эттик
үркүп учкан карагайдан
чымчыктардай.
Көөдөнүбүз
ава жарып,
таманыбыз
ташты тилип,
чымылдап,
чуркап,
жүрөктө кан тызылдайт
бизден да ылдам.

Көзгө илинбей,
жер бутта чимирилди.
Жан-Булагым:
– Тушоосун кесип бер?! –
деп колунан кармап турдуң
топ аялдын ортосунда
бир инимди.

Биринчи жеткен агам,
кечирип кой,
тушоосун кесе алган жок.
Тушоону кести парторгдун
баласы арттан барган.
Агамдын
бычакка сунулган колу
кайырчынын колундай көрүндү...
Күн күйдү,
ава күйдү,
жер күйдү.
Уялгандан баары күйдү!
Аялдар уялган жок,
жүрөгүм күйүп,
мен четте карап турдум
биринчи ирет
көрүп
кошомат коштоп алган
бийлик кандай чуркаарын,
бардыгын сатып алган
байлык кандай чуркаарын.
«Парторг» деген сөзгө
кыжырым кайнап,
аяп турдум

наристенин эӊ алгачкы кадамын.
Байгени
бөлүп киришти.
Кол булгабай кетип калдык
байкем экөөбүз ызаланып,
капаланып.
Келсек үйгө
апабыз
шымыбыздын жыртыгына
жамаачы салып отуруптур...

Сагындым, жыртык шымым!!!



## БАЛАЛЫК

Оюмда санаа жок эле,
Мүнөзүм тентек, шок эле.
Байкабай бассаң бакырткан
Балалык – кызыл чок эле.

Жарышып желге чуркачу,
Белине турбай турсасы.
Бал экен көрсө ал курак
Чайыңа салып ууртачу.

Кири жок таза ойлонгон,
Наристе сүйүү ойгонгон.
Кызарып кетчү кыздар-ай
Колунан кармап койгондон.

Булутту кечип жүргөн кез,
Булактай тунук күлгөн кез.
Дайыма бала болсом не
Кекселик жагын үйрөнбөс.

Азыр да ага кетсем дейм,
Артынан кууп жетсем дейм.
«Чоңойсом экен» деп жүрүп,
Чоң акыл кийин, кеч келген!!!

## ӨТКӨН ӨМҮРГӨ ШТРИХТЕР

Сыр жыттанган парталарга отуруп,
Тамга үйрөткөн мугалимге кошулуп,
Биз бир кезде чөкө таандай чурулдап:
– Ата, атка така как, – деп окудук.

Сабактан соң үйгө чуркап энтигип,
«Төрт», «беш» алсак сүйүнчүлөп келчүбүз.
Эч кими жок Айкан деген эненин
Күндө барып суусун ташып берчүбүз.

Балдар болуп эшек минип анан да,
Чүкө ойноп кармалчубуз агайга.
Кечиндеси кой тосконду унутуп,
Атабыздан тил укчубуз далайга.

Канаттуунун баарын дос деп билчүбүз,
Арасынан чыйырчыкты сүйчүбүз.
Багыбыздын бутагына жазында
Уя кадап коюп күтүп жүрчүбүз.

Чыбык минип чымын-куюн жарышкан,
Көкүлдөрүн суулап тарап алышкан,
Октябрят болуучубуз биз анда
Ак көйнөккө кызыл жылдыз тагышкан.

Инилерге берип кийин жылдызды,
Пионердин катарына алындык.
«Чынчыл балдар болобуз!» – деп ант берип,
Желбиретип кызыл жагоо тагындык.

Пионер кез – темир канат кез эле,
Анан бойго жете түштүк тез эле.
Бирден кызды жандап жүрө баштадык
Мектептеги комсомолдук кечеде.

Чачтарды да ыгы менен таранып,
Күзгү алдында узагыраак каранып,
А жайында биргелешип иш кылып,
Колхоздун көп керегине жарадык.

Ажырышаар мезгил жетип акыры,
Автоунаа бизди ар кайда ташыды.
...Эми кайра жолугууга келатып,
Сылап коём суйдаң тарткан чачымы.

## БАЛА

### I

Бул дүйнөгө жомоктун
көзү менен караган,
бир тентеги шаардын
башкача эле баладан.
Короодогу ээси жок
күчүк менен ойночу,
сүрөт тартып, күн сайын
чоң атасын ойлочу –
кечээ таңда ойгонуп,
кетти чыгып үйүнөн.
Күчүгү да кошулду
көп кабаттын түбүнөн.
Телевизор тиктеген
калды атасы үйүндө,
телефондон чыкпаган
калды апасы үйүндө.
Терезеге өстүргөн
гүлү калды кол булгап,
түтүн баскан таңкы шаар
өз түйшүгүн калды ырдап.
«Чоң атама, айылга
барамын» – деп ойлогон.
«Күчүгүмө дос бойдон
каламын» – деп ойлогон.
Бала кетти булактай
жол кубалап жүгүрүп,
жандай чуркап күчүгү,
борс-борс үрүп сүйүнүп.

## II

Чыкса шаар четине
Айдың талаа ачылды,
Алыстагы алп тоолор
Барбалактап чакырды:
– Куурай баскан жолумдун
Көзүн аччы, кулунум?
Түн каптаган койнума
Шоола чаччы, кулунум?
Кулун болуп даң салып,
Бала желге жанашты,
Көздөрүнөн шам жанып,
Күчүк кошо баратты.
Арт жагынан аздан соң
Күлүп-жайнап Күн чыгат.
Маңдайынан кең талаа
Не бир түркүн гүл сунат!

## МЕКТЕП МОЗАИКАЛАРЫ

### I

Суук көчө,
кык чокуган
каргалар каркылдашат,
чоңураак кара карга
күрөндүдөн күрөндүгө калдалактап
шашпай басат,
кыдырекей үйлөрдүн узун моюн
морлору кызыл, көгүш жалын чачат.
Аюудай калган уктап
кар басып калган кыштак –
жолоочу кар алдында калган кыштап.
Тоңголок көчөсүнөн мектебине –
сабагына кечиккен балдар чуркайт,
шашканынан Жалкообай сумкасына
бир да китеп, дептерин салбай чуркайт.
Ооруп калган Темирбек терезеден
карап турду кар сүзгөн тракторду,
аяп турду ичинен тизилишкен
кан-сөлү жок жылаңач теректерди,
мектептин короосунда чылым чегип
турган тигил жылаңбаш директорду.
... Сагынгандан сары чач парталашын
сабагына баргысы келип турду.

### II

Көпкөк асман.
Төбөдө ойноодо Күн
кар менен чагылышып,
кыздардын  баары бышык:

секелек көөдөндөрү алып учуп,
балдарды карга басат жабылышып.
Чабалбайды качырбай кармап алып,
ыйлатышып коюшат чала-бучук.
Жүрүшөт ушунчалык жыргап алар,
күлүшөт таза, назик шыңкылдашып,
шыбырашып коюшат: «Агайды да
карга оонатып койсок, – деп, –
кыңкылдатып...»
Агайы турат ана
кызарып мурду үшүгөн,
колдорун чыгарбайт эч чөнтөгүнөн
күндө үшүгөн.

### III

Мектептин артындагы чоң дөбөдө
окуучулар тебишет жылгаягын.
Көп кийилип жешилген батинкелер
көк өзөнгө жеткирет дыргаягын.
Түшкө чейин тебишет зуулдатып,
түштөн кийин тебишет зуулдатып,
танаписте тебишип анан калса,
класстарга киришет дуулдашып.
Ынтымактуу калк алар «паравоз» деп,
чиркелишип дөң ылдый жүрүп кетет.

Чурулдашкан бул балдар муз тебүүнү
«Дартка каршы массалык жүрүш» – дешет.

### IV

Жайкы чилде.
Ызылдашат
чиркейлер үйүлүшүп,


кой сарайдын артына чөп үйүшүп
жүрүшөт окуучулар,
күлүшөт шаракташып.
Мурат менен Атыркүл бир боо чөптү
биргелешип үймөккө барат ташып.
Сарайдын эшигине Мааткеримов
«М+А=Сүйүү» – деген
сүйлөмдү аппак бор менен салат жазып...

Чөп чогултуп Чоң тоонун этегине,
мына ушинтип иштешчү кезегинде.
Табышты экөө бул жерде капилеттен,
он жыл жүрүп табышпай кетеринде.

## V

Бурулдайт жаңы чыккан чөптүн жыты,
дарылдайт чана тартып жүргөн ДТ(ы).
А төбөдө
жайдары тийип турган күлкүчү күн –
ак фартук кийип турган,
жадырап күлүп турган окуучудай,
колхоздун талаасынын
жадыбал кылып жаттап ала турган
жооптуу окуусу бар.
Жардамчы окуучулар
күжүлдөп  иштешүүдө:
көп тоолорго
чөп тоолорду жайнатып кошуучудай.
Бул балдардын,
бул кыздардын колу менен
жыйналган чөптү жеген
колхоздун койлорунун –
козу этин жакшы көргөн кой ферманын

сүйкүмдүү баласындай козулары
даң салып кетээр бекен?!
Же жайрап жаштайынан,
кор болуп,
конокторго тартылып кетээр бекен?!..



## БАЛАЛЫК МЕНЕН КОШТОШУУ

Булдур-чулдур сүйлөп аккан булактын
Башатына келип бир аз отурам.
Суу агымы жарып чыгат жер астын
Балык сымал уясынан чочуган!...

Жер үстүнө өз чыйырын калтырып,
Жетелешип кайда барат бул агым?
Көлөкөм да кошо акчудай тартылып,
Мен өзүмдү араң кармап турамын.

Кокту ылдый түшүп барып айылга,
Эгин өскөн талаасына жайылат.
Машинанын чаң жолунун жанында
Шыбак каптап турган кезин сагынат.


Жай келгенде бул жол менен уңулдап,
Жайлоолорго жеткирүүчү машина.
Жай бүткөндө биз өзүбүз жулуңдап,
Жакабызга жөнөөр элек шашыла.

Ал жол эми өткөн күндү эстетип,
Балалыктан кол үзбөөгө чакырды.
А мен билбей жигиттикке кездешип,
Сылап турдум жаңы койгон чачымды.

Сылап коём, карап коём суу бетин,
Чач койгон да бир чоң азап турбайбы?
Мурда кантип тароо жолун билбепмин,
Жаткыралбай койдум такыр маңдайды.

Тыбырчылап туйлайт, туйлайт жаш жүрөк,
Жаш кунандай так секирип түйүлгөн.
Бул жер мага кымбаттыгын сездим-эх,
Алыс кетип жатып алгач үйүмдөн...

«Шылдыр, шылдыр» –
                    чулдур булак шылдырайт,
Балык болуп колго суусу токтобой.
Тамчысына тамчыларын койду улап,
Агып кеткен суусун арттан жоктобой.



## АТАМА

Мен дыйкандын баласымын,
Көп эстеймин талааны.
Эгин тарткан машинаны,
Саман тарткан чананы.

Жазда балкон түбүндөгү
Бакка конгон чыйырчык.
«Жүр! – дегенсийт, – кыштагыңа,
Бир кетелик. Кийин. Чык».

Аялымды кусалантып
Тынбай жааган жамгыр да,
Элеттиктей эшик кагып,
Турган үйдүн алдында...

Жалтырата туфли майлап,
Үлпөттөргө баргандан
Бутка жаман өтүк кийип,
Жакшы түндө суу жайган.

Ата жолун улап кийин,
Минбесем да трактор,
Талаа сүйгөн жан сезимим –
Сезимине мураскор.

## КОМБАЙНЧЫ ЖИГИТ

*Классташтарыма*

Төгүлгөн жамгыр куюлган жаштай салаалап,
Жез кийген күздүн жемишин күбүйт, карачы,
Түйшүктүү ишке көкүрөк тосуп талаалап,
Дан жыйып жүрөт иштерман колхоз баласы.

Күркүрөп күндөй комбайны жүрүп түнүндө,
Чагылган сымал «жарк» этип күйөт фарлары.
Токтолуп калуу көк таштай тиет көңүлгө,
Чарчаса гана кеселеп жутат жарманы.

Рулда колу, көзүнө селки элестеп,
Кулакта турат жылаажын үнү жаңырып.
Жаткандыр балким уктабай аны келет деп,
Уурдана басып, караңгы түндү жамынып.

Көңүлү кыйып туулган жерден кеталбай,
Талбастан иштейт эмгектен күтүп бактыны.
Канатсыз куштай максатка учуп жеталбай,
Сары оору болуп, иштебей жаткан жакшыбы?!

Төгүлгөн жамгыр куюлган жаштай салаалап,
Жез кийген күздүн жемишин күбүйт, карачы.
Түйшүктүү ишке көкүрөк тосуп талаалап,
Дан жыйып жүрөт иштерман колхоз баласы.

## АПАМ

Карындашым Нуржандан
Кат жаздырат: «Балам» – деп.
«Кандай окуп жүрөсүң?
Биз жатабыз аман» – деп.

«Бөбөктөрүң чоңоюп,
Кол-арага жарады.
А биз карып калсак да
Үйгө жатпай калалы.

Тырмалаңдап колхоздун
Ишин кылган болобуз,
Эртели-кеч олтуруп
Силерди ойлоп коёбуз.

Балам, деги курсагың
Ачкан жокпу, токсуңбу?
Тыйын-тыпыр жагынан
Кысталышкан жоксуңбу?

Көптөн бери түшүмө
Кирчү болдуң, каралдым,
Барып-келип үйүнө
Жүрөсүңбү агаңдын?


Гүлжандан кат кечикти,
Улуу байке-жеңеңдер
Алып келип балдарын,
Учурашып кетишти.

Баса, балам, уюбуз
Түндө музоо тууптур.
Атаң чыкса эшикке,
Жаңы эмизип туруптур.

Ырас болду, каралдым,
Сүзмө куюп беремин...»
А кат кантип бүтөөрүн
Болсо жатка билемин.

«Болуптур, – дейт, – кулунум,
Кыштак тегиз жатыптыр.
Атаң менен апаңды
Унутпай кат жазып тур».

Ортосунан бүктөлгөн
Ушул каттар топ барак
Момпо салган апамдын
Кемсели эле жыттанат...



## БӨБӨКТӨРГӨ

Чурулдаган кетирекей бөбөктөр,
Мен силердин көчөңөрдө жүрөмүн.
Бул мүнөттө бардык ишти унутуп,
Бала болуп кеткиси бар жүрөгүм.

Бала болуп кеткиси бар жүрөгүм,
Балдар менен кумга жатып чалкалап.
Көркkө бөлөп көгүш, тунук көл өңүн,
Балык болуп сүзгүм келет Ай тамак.

Балык болуп сүзүп кетсе агаңар,
Бакалоордон алгыла да баарылап,
Түбөлүккө силер менен калайын,
Тереңине кеткиле алып арылап.

Чурулдаган кетирекей бөбөктөр,
Мен силердин көчөңөрдө жүрөмүн.
Бул мүнөттө бардык ишти унутуп,
Бала болуп кеткиси бар жүрөгүм.



## ТААЗИМ

Көлчүк кечип, көчөлөрүн чаңдатып,
Көлмөсүндө далай ирет киринген
Балалыгым өткөн жерге кайрылып
Кайра келип олтурамын бүгүн мен.

Ак чачтарын жоолугуна жашырган
Апакемди көргүм келет шашылып,
Шаардагы сүйгөн кызым жөнүндө
Ага баарын айтып берем ачылып.


Узун саптуу чалгы кармап колуна,
Атам үйдүн короосунан жолугат,
Салам айтсам башын ийкеп коёт да:
– Үйгө кирип чыккының, – дейт кобурап.

Мурдагыдай айылдагы иттерге
Нан ыргытып, эркелете карабайм.
Унутушкан адаттарын алар да
Чуркап келип колдорумду жалаган.

Өздөрүнчө чогулушуп алышып,
Эмненидир шыбырашып сүйлөгөн
Онунчунун кыздарынын жанынан
Жакын басып өтүштөн да ийменем.

Гитар чертип, созолонтуп ырдашат
Шок жигиттер ал кыздардын тушунда.
Кандай сонун кыштагыңды сүйүш, эх,
Сүйүп калыш анан анын кызын да!

Туулган жерим, чөбүң, ташың менен мен
Сагынычтын тили менен сүйлөшөм.
Бала кезден сени сүйүп үйрөнгөм,
Эми ошону жаш балдарга үйрөтөм!



## ТООЛОРУМ

Канатын куштун талыткан,
Карааны менен сагынткан
Калдайган кара тоолорду
Келатам тиктеп алыстан.

Какшыган сайдай ташка бай,
Кейпинен кетип... башкадай.
Керилип жатчу жайлоонун
Кезээрип малы ачкадай.

Каякта тоонун улары?
Кыскарып узун тулаңы –
Кан өтөт ичтен, кантейин,
Койлордун казып туягы.

Канча бир кылым калчаган,
Калдыбы кыйган арчадан?
Кажыбас алптай көрүнчү
Кыргыздын тоосу чарчаган.

Канатын куштун талыткан,
Карааны менен сагынткан
Калдайган кара тоолорду
Келатам тиктеп алыстан.

## АКУНДУН АКЫН УУЛУНУН АЙЫЛЫНА АРНАГАН ЫРЫ

«Акундун акын уулу келатат» – деп,
Кубанып, дүргүп тоскон тууган айыл.
«Башкадай деги качан бел ашат?» – деп,
Артынан сүрөөн салып кууган айыл.

«Биздин да балабыз бар илимпоз» – деп,
Мактанып коңшуларга жүргөн айыл.
Дайыным чыкпай калса күйпөлөктөп,
Жалпаңдап жаман уулун сүйгөн айыл.

«Балдарым жылгаяк тээп турат го» – деп,
Секинин асты-үстүнө түшкөн айыл.
«Буюрса, бүгүн ыры чыгат го» – деп,
Күнүгө бир маал почто күткөн айыл.

Жакшы эле жашап жаткансыган менен,
Дарагы аз, клубу жок – жайдак айыл.
Балдары бир аз узап чыгар менен,
Унтулуп көз жаздымда калган айыл.

Иш кылып ар ким өз-өз чарбасында,
Кар күрөп жаш балдары там башында,
Жүргөндөй болгон менен борбору – айыл
Бүтпөгөн бул дүйнөнүн кармашында.


## ЖАКШЫЛЫК

Тереземин тушуна
Келип жаңы отурган
Эки кара чыйырчык
Жайлай болду кошунам.

Чөп-куурайдан чогултуп,
Экөөлөп жай курушту.
Чокулашып урушпай,
Ынтымактуу турушту.

Беш балапан чыгарып,
Учурушту уядан,
Терип салып койчумун
Тентектерин кулаган.

Жакшылыкты унутпай
Коштошкону келиптир,
Үзүлбөсүн тукумуң,
Ар жыл сайын келип тур!



## КОЙЧУЛАР

Ар биринин ити бар үрүп чыккан,
Бөрү түшсө короого сүрүп чыккан.
Бир айыбы болбосо сүйлөбөгөн,
Артыгыраак алдамчы дос-теңтуштан.

Аттары бар алардын желдей күлүк,
Жайы-кышы бир түшпөй жүргөн минип.
Ишенимдүү кайсы бир кошунадан
Котур ташын көргөзбөй кирген күлүп.

Аялдары калк келет момураган,
Кандай күндө жүрсө да моюбаган.
Ар жыл сайын бирден уул төрөп берип,
Эрдик менен өмүргө жол улаган.



## ОКШОШТУК

Кыргыздын 16-жылда болгон
үркүнүндөй
кийиктер качып барат,
жашоонун айласынан жерин таштап,
энеси улагынан, улагы энесинен
адашып азып барат.
Эң артында
баласы менен калган картаң эчки
жанашып шашып барат.
Улагынын
жаш баланын көзүндөй көздөрүндө
суроо белги – ?
Тынч жаткан жайытына эмне келди?
Улуу тоону жаңырткан башка суроо –
мергенчи кайсынысын атып салат?
Жан айласы кылышып качып барат.
Кары мерген ордунан тура келди,
ким билсин ойлогонун эмнелерди?
Үйдө калган кемпирин сөктү ашата,
мылтыгын ташка чапты...

## КАЧЫП КЕЛЕ ЖАТАМ ШААРДАН МЕН БҮГҮН

Кең талаада келе жатам кар баскан,
Жеңиш менен кайткан эрдей кармаштан.
Көңүлүм ток, башты бийик көтөрүп,
Карайм кырка тоолорумду кар жаткан.

Оо, Теңир-Тоо аскалары аркайган,
Улуу чептей калкын жоодон кайтарган,
Атка артып, төөгө жүктөп силерди
Кыргыз ала келген белем Алтайдан.

Жомок болгон Кошой дөбөм айтылуу,
Көз ирмемге кароолчулук салтыңы
Келе жаткан уулуң үчүн унутуп,
Бир кылчайып карап койчу артыңы?

Коктусуна түшкөн кырка ак тамдар
Атасынын колтугунда жаткандай.
Дүйнөкапар көк түтүнүн булатып,
Кыш чилдесин уктап тосот барк албай.

Бурганагы буйга салган үнүңдөн,
Булуттар-ай аркы-терки сүрүлгөн.
Туулган жерим түшкө кирип, сагынып,
Качып келе жатам шаардан бүгүн мен.

## МАРТ ЭЛЕ

Март эле анда дагы,
Максаттай алдыдагы
Башбагып келе жаткан
Бактардын жалбырагы.

Мал төлдөп, сакман жүдөп,
Маараган үндөр эле.
Тарсылдап каккан жүрөк
Талаада гүлдөй эле.

Жоолугун оңдогондо –
Жоогазын күйгөн жондо.
Козудан кол тийбеди
Куушуп ойногонго.

Кар кетип, күн жылымдап,
Кайрадан жер дыңылдап,
Жаңыртат ава, сууну,
Жакында булбул ырдап.

Кайдасың, классташ кыз?
Кабарың – «Маскөөдө» дейт.
Сакманды унутпас биз,
Сагынып жүрсөң керек?

Март мына азыр дагы,
Майрам, эх, жазындагы!
Жаштыкты эске салат
Жаш кыздар кашымдагы.


## АЙЫЛ

Таң менен бадага айдап чыгып уйду,
Күүгүмдө кайра тосуп күтүрөгөн,
Сүйөмүн түйшүгү көп турмушуңду
Кечээги чыт курсак кез – кичинемен.

Кайтарып уйдун, койдун кезүүлөрүн,
Кирдеттим канча суунун кечүүлөрүн.
Кайрылып кайра сага келип, айлым,
Кайрыгын элет жердин сезүүдөмүн.

Мектебиң колун булгап чакыргандай,
Көчөңдө бала чагым катылгандай.
Кокустан бир сөз айтсам тааныш терек:
– Кандай? – деп моюнума асылгандай.

Түшүптүр секичеңе жаңы тамдар,
Торолуп келатыптыр чоочун балдар.
Көрүнбөйт бирок күтүп алик алчу
Кыдыйып эшек минип жүргөн чалдар...



## АЛА ШАЛБЫРТ

Ар кай жерди жаза аттап,
Болуп кышты узатмак –
Ала-шалбырт жаз келди
Байчечекей кучактап.

Кечке көчө, жер таптап,
Бүткөн бою кар, баткак.
Кыз узатат үйүнө,
Ага болбой дардактап.

Күүгүм менен шак гана
Кирди шашып бакчага.
Калды Алмагүл «шыңк» этип:
– Ай, болбостур, шок бала!

Жамгыр менен боюн жууп,
Аппак болгон Кайың-Кыз
Алдагайдан азгырат
Боз балдарын айылдык.

Жазга жүрөк элжиреп,
Баткак, карга мейли деп,
Жүрөм мен да талаада
Балчык кечип, кар жиреп.


* * *

Жалбырактар кубулуп бүтмөк болду
Күздөн баштап унчукпас теректеги.
Бутактардын жылаңач кучагында
Кар жамынган кыш уктай берет эми.

Күүгүм тарткан шаардын көчөлөрү
Ырдайт күздүн кусалуу обондорун.
Сезимдеги тынчтыкка чыдай албай,
Кыштын күтө баштадым бороондорун.

Алыс кеткен достордун элестери
Көз алдыма кайрылып келет кайра.
Муздар тоңуп жээгине, муңайыңкы,
Мурдагыдай боло албай агат дайра.

Кан-сөлүнөн айрылып, үшүп турат
Уктабаган кеч күздүн теректери.
Чыныбайды жоготкон кыздар менен
Биргелешип издегим келет мени.



## ЖАЗ

Жаш келиндей кызыл этек,
Кызыл-тазыл гүл төрөп,
Талаа-түздөн адырларга
Акырындап жаз келет.

Тоо бетинен кар козголуп,
Суугa кубат кошулуп,
Ар бир үйгө ээрчий кирет
Ала-шалбырт досубуз.

Соко артынан ээрчий учуп,
Жер чокуйт топ чыйырчык.
Тарс-тарс уруп терезени,
Жаз жамгыры кыйынсыйт.

Көтөрүм кой кыш каарынан
Жазга жеткен араңжан –
Так секирген козу болуп,
Чыга келет сарайдан.

Терезени ачсам үйгө
Кирет «бур-р» деп асыл жыт.
Жашыл дүйнө жанды козгоп,
Ойнойт канда асылдык.

## КЕЧКИ СҮРӨТ

Жайы-кышы жашыл түстү жамынган
Карагайлар сыр беришпей мелтиреп,
Ичиркентет тоонун муздак булагы,
Шибер чөбү кытыгымды келтирет.

Жарылчудай сүткө толуп желини,
Жайытынан уйлар кайтып келишет.
Татынакай тумшуктары сууланып,
Музоолору кампайганча эмишет.

Көнүп калган короосуна бет алып,
Жашыл беттен койлор келет жайылып.
Ак мөңгүдөн түшкөн дайра акактап,
Күн кечтеген сайын агат чамынып.

Кемегеде арча отун алоолоп,
Казанында эт боркулдап кайноодо.
Кечээ кечте келген бала шаардан
Бүгүн кечте калгысы жок жайлоодо.



## ЖАЗГЫ КЕЧТЕ

Талаада дыйкан жер бузуп,
Көңүлдү жамгыр сергитип,
Кабарын жаздын айтууга
Чыйырчык бакка келди учуп.

Ачылып Күндүн көздөрү,
Кызартып кечти өрттөдү.
Карарып өчүп калгансыйт
Карагай гана беттеги.

Табактай болуп көмкөргөн,
Кабактай кээде бүркөлгөн
Асманды тиктеп турамын
Агыш, көк боёк сүйкөнгөн.

Дайра жок ташып кирбеген,
Айла жок жазда сүйбөгөн.
Жан дүйнөм барат козголуп,
Жолугар экем кимге мен?



## ТҮН

Караңгы түн – кыздын кара чачындай,
Көктө сансыз жылдыз күйөт балбылдап.
Түштүктөгү тоо кыркадан шашылбай
Чыгып келе жатат жарты Ай жалжылдап.

Сугатчынын колундагы кетменге
Чагылышып Айдын бермет нурлары,
Кыл муруттуу буудай, арпа, өскөн жер
Балык болуп туйлап жатат суудагы.

Жаш кайыңды түн шамалы ыргалтып,
Кыштак кызы алда небак уктаган.
Аны таттуу түшүндө да жылмайтып,
Сугатчы улан киргенине суктанам.

Дөөлөт күткөн колхозчунун тамынын
Айнегинен неон шоола төгүлөт.
Сүйгөн кызым – эң кымбаты жанымын,
Ата-Журтум андан артык көрүнөт.



## МАРАЛДАР

Чыга калдым капыс кырчадан –
Белден келген узун туландар.
Кыр алдында кызык маңкайып,
Карап калды бир саам маралдар.

Ушулардай укмуш болуучу
Кинодогу көргөн бугу эне.
Мээрим чачып күлчү апамдын
Көздөрүндөй көзү куду эле.

Шыйрактары жаадай ийилип,
Көз ирмемде алыс кетишти.
– Жаап салган белек, адамдар,
Табигатка барчу эшикти?!

Чөбү оттолуп, суусу ичилбей,
Жашыл тууру калды маралдын.
Дүрбөлөңгө түшүп кеттиби
Камкордугу жетпей адамдын?

Перилердей сулуу маңкайган,
Зор Бугу эне, учкул маралдар,
Силер менен достошчу кезге
Балким дагы бир аз кадам бар.

## ӨТКҮН

Эч болбосо бир ооз кепке жарабай,
Эсти оодарып куюп ийген аябай,
Табияттын бул эси жок эркеси
Тез басылып, тез ыйлаган баладай.

Азыр дагы кирип айыл учунан,
Апыл-тапыл качып берди кошунам.
Аркасынан сая түшкөн тамчылар
Тооктордой кумурска кууп чокуган.

Жайган кирин кайра жыйнап алалбай,
Кокуйлашып чуркап жүрөт аялдар.
«Өткүн, өткүн, өтүп кет?» – деп ырдашып,
Кубанычтуу кыйкырышат а балдар.

Жаңы отурган кемпир сабоо чапканга,
Үлгүралбай калды тура качканга.
Өткүн жетээр менен көчө башына,
Көпкөк болуп кетти ачылып асман да.



## ТУТКУН

Аргымак аркандалуу,
Бедеден кертип жебейт.
Эркиндик көздөн учуп,
Көөдөнгө тынчтык бербейт.

Талаада жүрөт үйрү,
Аркар көз, кула бышты.
Сыйыртмак илер күнү
Жалындап жанган ышкы.

Туландын шириндиги,
Булактын муздактыгы,
Курчуткан туяктарын
Сапардын узактыгы.

Бир кезде эркин эле
Желбиреп жал-куйругу.
Жел менен тең жарышчу
Сезбестен кайгы-муңду.




## САБАК

Ысык-Көлдүн тумарындай тагылган,
Түгөй аккуу сууда сүзүп жүрүшөт.
Кош ак шамдай болуп алар жагылган,
Түнү бою көл бетинде күйүшөт.

Жээктеги эл-журт улам карашып,
Айрымдары терең ойго батышат.
Балким эстеп калган жарын адашып,
Өздөрүнчө күйүт тартып жатышат.

Оо, табият! Махабаттын өчпөгөн
Мисалынан сабак кылып өмүргө,
Түбөлүктүү бир сүйүүнү көксөгөн
Бийик сезим уюп турду көңүлдө.



## КАРГА

Дубалга конуп отурат карга.
Кампалар жабык, жок эми арга.
Эгиндер эчак тартылып бүткөн,
Мезгил да келип чыкыроон түшкөн.

Дубалга конуп, чыйпыйы чыгат,
Кайгылуу –  кантсин? Азап жеп турат.
Анткени жешке жеми жок карга,
Сууктан сактаар жери жок карга...



## КОЁН


*(Рубцовдон)*

Токойдон кайтып баратсам,
Токойго чуркап келаткан
Коёнек байкуш кашыма,
Корккондон калды отура!

Серейди айбан тынымга,
Жоготуп өзүн чынында.
Укканда шайыр үнүмдү,
Карагай беттеп жүгүрдү.

Тынчтыктан коркуп жатаар тим,
Тыбырабастан а балким
Балаты шагы жондонуп,
Мени да, өзүн ойлонуп.

Кычашып бир ой көөнүн жейт:
Кылайып бир дос көрүнбөйт.
Кайыкка салып доорду ача,
Өткөн соң Мазай чоң ата!




## КАРЕКТЕ КАЛГАН КҮЗ

Айылдагы таш төшөлгөн көчөгө
Жалбырактар калаар эле төгүлүп.
Кызыл, сары боёкторду сүртүнчү
Жайды-жайлай өскөн чөптөр өрүлүп.

Калчу бир күн бакалар да чардабай,
Кумурскалар жер астынан чыгышпай,
Мурдагыдай тал-теректер куштардын
Жан жыргатып сайраганын угушпай.

Байрак мисал турар эле желбиреп
Ак булуттар чокуларга оролгон.
Оюн салып, шамал менен жарышчу
Жылкылардын кулундары торолгон.

Аңыз жыттуу талааасында колхоздун,
Саман-топон жатаар эле чачылып.
Ойноп жүрсөк кампачынын аялы
Буудай кууруп берээр эле чакырып.



## ТАҢ

Парча-парча тытып түндүн пардасын,
Таң сөгүлүп келе жатат чыгыштан.
Чакаларын калдыратып аялдар,
Уйларын саап, агытууга чыгышкан.

Күндүз кечке топ артынан жүгүрүп,
Көлмөлөргө кайра-кайра түшүшкөн
Балдар дале уктап жатат мемиреп,
Ар бир таңдын тез чыгышын күтүшкөн.

Асмандагы бирин-серин булуттар,
Бара жатат бир бүтүнгө айланып.
Балким жамгыр керектигин унутпай,
Жаап кетээр жерге бир аз байланып.

...Чыгыш тарап алоолонуп кызарып,
Жерди уйкудан шарт ойготуп таштады.
Биздин өмүр да бир күнгө кыскарып,
А бир бөбөк өз жашоосун баштады.



## ЭТЮД

Айдын күмүш нурлары
көк өзөнгө көлөкөсүн түшүрөт
тармалданган кайыңдын –
эки чака көтөрүп,
суунга келген кызындай ал
дөңсөөдөгү айылдын.
Асмандагы жылдыздар
жаш келиндей жымың-жымың күлүшүп,
ак чатыры ак калпактай жарашкан
үйлөр менен көз кысышат алыстан.
Күлдөбөдө оонап жатат эки эшек,
такый кезден табышкан.
Кечке чейин минилип,
ачка болгон ат акырды чапчылап,
чыга калган бала эшиктин алдына
асмандата аттырат...




## ЧАБАЛЕКЕЙ

*(Рубцовдон)*

Чабалекей учуп-күйөт айтып арман –
Балапаны уядан түшүп калган.
Тегеректин балдары заматта эле
Чуркап жетип келишти ошол жерге.

Мен алдым да темирдин кесиндисин,
Чуңкур каздым ал өлгөн байкуш үчүн.
Чабалекей жүрдү учуп дал төбөмдө
Ишене албай баласы өлгөнүнө.

Шыпка курган үйүнүн астында ал
Учуп-күйдү далайга чыдай албай...
Чабалекей! Кымбатым, эмнеликтен
Тентегиңе көз салбай койдуң экен?



## ЖАЛГЫЗСЫРАГАН АЙ

Алты бакан селкинчектер байланган,
Кыз, жигиттер оюн куруп, шаңданган
кездердеги түндөрүнөн жайлоонун
Көк асманда жалгыз сүзгөн Ай калган.

Өзүн анда жаштарга тең санаачу,
Алар араң Ай батканда тарачу.
Ошол кезде көз ирмемдик жол эле,
Азыр алыс чыгыш, батыш арасы.

Эрмек үчүн эске салат өткөнүн:
Жигит кызды кантип араң өпкөнүн.
Азыр минтип чаңы учкан жайлоонун
Ал кездеги белден келген чөптөрүн.

Карагайын, карагатын, четинин,
Катар конгон жайнаган көп боз үйүн.
Көзү тунук мөлтүрөгөн булагын,
Толукшуган жүзүн көргөн өзүнүн.

Ал эңкейип кайра Жерди карады,
Жалгыз жарык, жайнаган кой баягы.
Кыйкырышып кайрып жүрөт койчунун
Жаш балдары, оорусу бар аялы.

Эмнегедир Айдын жаны турду ачып,
Заңылдата үналгысын ырдатып,
Кызуу койчу аттан ооп, оңолуп,
Кыштак жактан келе жатат кырды ашып.

Көргөндөрдөн көөнү муздап заматта,
Жалгыз дарак күткөн батыш тарапка
Сапар чекти. Үргөндөн да эринген
Карган итти караан тутуп бир азга.

Кеткенби же жаны катуу ачынып,
Жашын төктү булуттарга жашынып.
Жатаар кезде сыртка чыгып карасам,
Калган экен бак учуна асынып.



## КЫЗЫЛ КОРОЗ

Аты чыккан айылга
Кызыл короз бар эле,
Өмүрүндө согуштан
башы чыкпас жан эле.

Тооккананын төрүнөн
Түнү орун алуучу,
Короолорду кыдырып,
Күндүз чырды салуучу.

Койколондоп тооктун
Бардыгына чоң эле.
Короздордун ичинен
Ага теңдеш жок эле.

Жадагалса иттердин
Жугундусун талашчу,
Таңдан-кечке кыйкырып,
Айыл элин тажатчу.

Урушаарда үрпөңдөп,
Таажылары тик турган.
Кызыл короз жөнүндө
Айыл аңыз кеп кылган.

Жеңилгенче душманы
Урушканы урушкан.
«Ээсин тарткан тура» – деп
Тамаша кеп кылышкан.

Канат, жүнү жулунуп,
Калса дагы жылаңач,
Тооктордун артынан
Жүрчү күндө кубалап.

Жумуртканын планын
Чарба калса аткарбай:
«Корозуңду бергин» – деп
Тамашөкөй башкарма-ай,

Короз ээси Сарбашка
Калптан сурап келүүчү,
Кубангандан абышка
Кармап аны берүүчү.

Уулу келип бир күнү
Кызмат өтөп аскерден,
Түлөө кылаар малы жок,
Байкуш чалга күч келген.

Айла кетип ошондо,
Ал корозду союшкан.
Канат-жүнүн жулушуп,
Жаздык жасап коюшкан.

Аз түтүндүү бул айыл
Тамашаны сүйүшөт.
Кызыл короз жөнүндө
Дале унутпай жүрүшөт.

## НАН ЖАНА ЫР

Соколор жер коңторгон жаз айында,
Мен жокмун атакемдин катарында.
Өзүмдү жооткотом «ишим көп» деп,
Эки-үч ыр эптеп жүрүп жазамын да.

Түшүмө кирет бирок айдоо убак,
Суу, сугат жаштык күчүн турган сурап.
Элетти, элет элин ойлогондо
Жүрөгүм убайымдуу булкуп алат.

Талаага барам качан Күн жыттанган,
Адырды көрөм качан гүл жыттанган.
Шаардын бетон үйү, коё берчи,
Эгиндер өскөн жерди унуталбайм.

Калаада, жайкы аптаптын убагында
Көп кабат үй алдына чыгамын да,
Суу жайып бакка,
Айга кайрыламын,
Каалгыган чаң, түтүндүн туманында:

– Айта бар салам менин айылыма,
«Аман де уулуң» апам жарыгыма.
Атама «кечир» дейт де, суу сугарган,
Сыйынып сенин тийген жарыгыңа.

Комбайн эгин чапкан күз айында,
Мен жокмун атакемдин катарында.
А бирок болсо деймин нандай тангыс
Шаарда жатып бир ыр жазамын да.

## ТАЛААЛАР

Талаалар, жаркын талаалар,
Жашылдан көйнөк кийишкен.
Көңүлдөн кетпес санаадай
Азгырып түшкө киришкен.

Сагындым чексиз чалкыган
Кыйрыңды кезген күндөрдү.
Жыпарын чачып аңкыган
Чөбүңдү кечип жүргөндү.

Койберип оозун аттардын,
Кеткенди эркин куштардай.
Алдында түпсүз асмандын
Сезилип кудум учкандай.

Торгойду, күндү, шыбакты,
Чычкандын ийнин казылган,
Эстеймин түнкү сугатты
Каныма сиңген жашымдан.

Атамдын салган жолдору,
Билемин, уктап жатышат.
Күч алып арман ойдогу,
Көкүрөк чиркин ачышат.

Талаалар, учкул шамалдан
Кабарың келген кездерде
Кошулуп таңга агарган,
Даярмын сызып жеткенге.

Талаалар, жаркын талаалар,
Жашылдан көйнөк кийишкен.
Көңүлдөн кетпес санаадай
Азгырып түшкө киришкен.

## ӨСКӨН ЖЕРДИ САГЫНУУ

Түшкө кирип талааларың эгиндүү,
Адырларың жайкы аптаптан чарчаган.
Ак тамдарың чай кайнаткан келиндүү,
Карыларың сакалдарын жайкаган.

Нарын дайраң кышта бир аз тартылып,
Жазда, жайда сайга батпай чамынган.
Короолордон топураган мал чыгып,
Кермелерде толтура кир жайылган.

Он баланын бириси жок жанында,
Чал-кемпириң жетимсиреп отурган.
Күндө бир маал каттап турчу айылга
Почта тарткан үстү жабык машинаң.

Алп тоолоруң көк чөп басып этегин,
Чокуларын кетпес мөңгү каптаган.
Кайырмагым – кетээримде кепенин
Бир бурчуна аны сайып таштаган.

Түн ортосу... мен уйкумдан ойгонуп,
Сагынычын таркаталбай жүрөктүн,
Учкан куштай жет деп сага «зуу» коюп,
Шашып жазып, айылга кат жөнөттүм.

Сагынычым толуп-ташып баары бир,
Бир кабарын уккум келет айылдын.
Жалбырагын катың менен салып ий,
Карындашым, биздин жалгыз кайыңдын.

## КЕЛАТАМ

Чымылдап жолдор тосушуп,
Чымчыктар обон созушуп,
Күрмөмдү илип каруума,
Дүйнөмдү келем козутуп.

Адырлар, түздөр, белестер,
Агылып көздөн элет жер:
– Баламбы? – дешсе бүшүркөп,
– Аманбы? – дешет теректер.

Баш ийкеп улам аларга,
Баратып токтой калам да,
Жактырам шыбак үзгөндү,
Аптыгам соккон шамалга.

Күркүрөп Нарын сайдагы:
– Күттүк! – деп кетти ал дагы.
Эгиндер уяң жүгүнүп,
Жеңимден бадал кармады.

Агарып жону арыктан,
Агат суу чыкпай калыптан –
Атыма минип аттиң-ай,
Машина менен жарышсам.

Чымылдап жолдор тосушуп,
Чымчыктар обон созушуп,
Күрмөмдү илип жонума,
Дүйнөмдү келем козутуп.

* * *

Айдын аппак нурларына киринип,
Жымжыртыкка көшүп барат теребел.
А булуттар – аскаларга илинип,
Жөргөмүштөр тартып койгон желедей.

Арчалардын өңү тартат каралжын,
Күндүзгүдөй көркөмдөнүп жашарбай.
Үшүп турган тоо гүлдөрүн аяймын
Муздактыктан назик жүзүн каталбай.

Жолундагы аң-чөнөктү толтуруп,
Булак суусу агат секин шылдырап.
Өз өмүрүн тартып бара жаткансыйт
Сапардагы арабадай кылдырап.

Бакалардын көлмөлөрү чалкалап
Жатып алып тартат асман сүрөтүн.
Жакшы  көрүп бараткaным байкалат
Табийгаттын жаны тынбас мүнөзүн.

Кыз-келиндин жүрөктөрүн түшүрөт
«Гүүлдөгөн» үкүлөрдүн добушу.
... Табийгаттын таасир берээр күчү көп,
Ажеп эмес акын кылып коюшу!



## ОН МИҢ ТҮЙШҮК

«Карып көрсөң кокустан
Жардамыңды аяба?»
Минтип апам окуткан
Ондун бири – мага да.

Он баласы он башка
Мүнөз күтүп чоңойду.
Апам – тизип бир сапка
Турган улуу жол өңдүү!

Кимибизге үйрүлүп,
Түшүп турат көбүрөөк?
Тең экенин билдирип,
Күн сыяктуу төгүлөт.

Апабыздын ордуна
Башка эч кандай күч түткүс.
Он баласы мойнуна
Түшкөн он миң түйшүкпүз.



## КӨЛҮМ, СЕН


Ак, жашыл, көк боёктору түрдөнгөн,
Көл кылаасы жомоктогу түндөрдөн
Чыга калган айперидей суйкайып,
Ашык кылдың акыныңды бир келген.

Балыкчыдан тентек шамал жол тосуп,
Андан өтсөм жоомарт айлың токтотуп,
Алма сунуп, өрүк сунуп чакалап,
Күтөсүң сен бейиш жайга окшошуп.

Көк иримдүү Көлдү тиктеп кумармын,
Кумдарыңда жатып келди чыңалгым.
Чындап келсе жетпей турган түш, элес,
Чындык болуп калганын көр кыялдын.

«Келем» деймин, «кетем» дебейм мен сенден,
Гүлдөрүңдү жазда желге теңселген,
Асманыңды анда-санда бүркөлгөн,
Ак карыңды чокуларга сүйкөлгөн,
Анан аппак кыздарыңды эңсейм мен.

Күңгөйүңөн Койсарыга жеткенде,
Тескейиңен Түп суусунан өткөндө
Мен кайрадан таазим кылам: «Алыкул
жашап, жазып кеткен,– деп,– бир кездерде».



## ШИБЕРДЕ

Кыбырашат
Чөптөр,
Шыбырашат
Чөптөр:
– Акын экен,
Чынбы?
– Жакыр экен,
Чынбы?
– Бала окутуп
Шаарда
Жатыр экен,
Чынбы?
– Жасайт ишин
Баланын
Дешкендери
Чынбы?
– Жакшы көрөт
Аялын
Дешкендери
Чынбы?
– Атасына
Кыздары
Окшош,
Көргөнсүңөрбү?
– Тынч!
– Тынч!
– Тынч ай
Уктады,

Сөздөн
Өлгөнсүңөрбү?
... Моюн-башты
Сайгылап,
Кыбырашат
Чөптөр.
Өздөрүнчө
Мени айтып,
Шыбырашат
Чөптөр.



## ТАБИЯТ

Оо, табият, келдим сени сагынып,
Карааныңа миң мертебе жалынып.
Көркөмүңөн көзүм тартып алалбай,
Сенин чексиз кубатыңа багынып.

Кереметтүү поэзияң ачылып,
Карагайың катар-катар тизилген.
Кумарлантып сайрап турган сан-миң куш –
Күү чалуучу оркестр дейм ичимден.


Көк асманың көмкөрүлгөн чөйчөктөй,
Ичинде анын тамчы калбай ичилген.
Сенин ушул келбетиңди ажайып
Көрө турган бир бактылуу кишиң мен.

Тоңкулдагың барабанын койгулап,
Суурлар болсо сурнай үнүн созултат.
Музыканын коштоосунда дем албай,
Бийлейт бирге, бийлейт бирге жол, булак.

Жыпжыланач жылдыздардан суудагы
Башын буруп уялгандай болушат.
Алдакайдан сүтак үнү азгырып,
Чакчыгайдын ою шат да, бою шат.

Чөбүң, гүлүң буркураган жыт менен
Барат мени жыпарына мас кылып.
Учурасың жапжаш, тунук ойлорду
Балапандай көккө канат кактырып.

Тээ бийиктен чокуларың агарып,
Бирин-бири күзгү кылып каранып,
Тулаңдарың кылыктана ыргалат
Жан жыргаткан сыдырымга таранып.
...Сен ушинтип түбөлүккө жапжашсың,
Биз тез эле, аттиң, карып калабыз.



## ЖАЛБЫРАКТАР

Жалбырактар
      Шыбырашып
            Жатыптыр:
– Байкуш бала
      Өңдөн катуу
            Азыптыр.
– Анын кышта
      Атакеси
            Ооруптур,
– Ажал өзү
      Алыш үчүн
            Тооруптур.
– Ак куу болуп
      Сүйгөнү учуп
            Кетиптир.
– Ага жазда
      Кайтып келбейт
            Дешиптир.
– Жалгыз дүйнө
      Кармашына
            Чыгыптыр,
– Душманынын
      Жайган туусун
            Жыгыптыр.
– Бир жыл бою
      Бир сап ыр да
            Жазбаптыр.

– Жазганды ал
    Такыр эле
        Таштаптыр.
...Жалбырактар
    Шыбырашып
        Жатышты,
Да бирөөнүн
    Сырын мага
        Ачышты.



**ШАМАЛ**

Жанга кирип барат улам теребел
Жаш баладай уктап жаткан мемиреп.
Терезени, каалганы каккылап,
Ырчы шамал ышкырынып элирет.

Тал, теректи күн батышка жүгүнтүп,
Удургутат асмандагы булутту,
Жула качып илип койгон кирлерин,
Аялдардын  тынчын алып курутту.

Көпөлөктү ээн-эркин учурбай,
Чачат үйгөн саман, чөптү ар кайда.
Жер эненин жеңил-желпи камгагы,
Издеп келет тегеренип жанга айла.

Тартат, жулкат чатырларын үйлөрдүн,
Суунун бетин сылап өтөт толкутуп.
Балдар гана каршы чуркайт шамалга,
Табийгаттын долу күчүн коркутуп.



## КҮЗГҮ КҮҮГҮМ

Аңкыган аңыз жыты
Айылдын ичин өрдөп,
Алп күүгүм адыр-тоону
Алдейлейт «кичинем» деп.

Коңгуроо болуп соңку
Мектептен балдар чыгат,
Чурулдап үйлөрүнө
Кайтышат куштар сымак.

Сыдырым түнкү уурудай
Баш багып ар короого,
Жалбырак, кагаз терип
Жай гана алгалоодо.

Эки адам айыл чети –
Айдоодон жолугушат.
Мезгилге уурдатышкан
Жаз, жаштык көздөн учат.

## ЫСЫК-КӨЛДӨ

Кеме жайга чыгып ар бир келиште,
Көл түбүнөн издейм балык-перипште.
Көрүнбөсө же чабагы, же чоңу,
Көңүл чиркин түшөт биртоп кейишке.

Кыштын күнү суу таптаза, суу тунук,
Көл үстүндө каз-өрдөгү кулпунуп.
Кулак жыргайт шарпылдаган доошунан,
Күндөлүк иш, көр оокатым унтулуп.

Бул ааламда жалгыз мен бар, көл бардай,
Жер-асманда жалгыз көпкөк өң бардай.
Кыш ызгаары муну менден кызганып,
Чымчыйт кулак-мурунумду жөн калбай.

Жаным менен табиятка биригип,
Көздүн оту, көөдөн ышкы тирилип,
Өрөпкүгөн ой-кыялга баш ийем,
«Өтө бер» деп өлүп кеткир тирилик.

Асман таза, көл да таза, жер аппак,
Ага кээде кирип кышта мен аттап,
Жан дүйнөмдү тазалоого умтулам,
Жаратылыш, сага чексиз ыракмат!

## ТООДОГУ КҮН

Тарбайган тоолор көктөмгө кирип кубанып,
Туйлаган өзөн коктудан ылдый суналып,
«Көрсөтсөм» дейби көктөгү Күнгө келбетин,
Көк көйнөк кийген келинден бетер сыланып.

Азгырып агып, өз жанын өзү камчылап,
Алоолоп турган денеси тынбай жанчылат.
Алыска ташып арзуусун ушул жашоонун,
Аягы жеткен ар жерге изин калтырат.

Аскага, ташка урунган жери иримдеп,
Ар жакты көздөй чачырайт бермет бириндеп.
Адаты болуп үшүбөс тоолук балдардын
Ар дайым келип бул суuга түшүп, киринмек.

Муздагы шумдук! Бутумду малдым – ичикий!
Мултуңдап келип, «чулп» этсе бала кичикий,
Шылдыңдап мени,
мылжыңдап күлдү досторум,
Аргасыз мен да аларды күлүп коштодум.


...Тоо койну ушул: заматта мында түн кирет,
Тынчыбайт өзөн –
түркүн үн коштоп күлдүрөп.
Табына оттун колдорду сунуп ысытып,
Талыкшып дене, барабыз улам үргүлөп.

* * *

Керкашка минип,
курсгуйлап түшкөн тик беттен,
Кермурут, сени өзөндөн кечүү издеткен –
Кандай күч, айтчы, шаарга жаткан чакырып?
Керемет издеп биз келсек качып Бишкектен.

Кишенейт атың чакырып, издеп үйүрүн,
Качпасын артка түтүнүн искеп үйүңүн.
Көздөрүң калып сен көнгөн жайыт, малыңда,
Күүсүнө түштүң көөдөндү тепкен сүйүүнүн.

Кызгалдак болуп ал элес кырдан кылактап,
Кылыгы эзип төшөктү салган кыястап,
Кара тер баскан күлүгүн тынбай теминип,
Күүгүмгө сиңип, тоолордон кетти ыраактап.



## ТОО КОЙНУНДА

Барамын жиреп-өрдөп капчыгайда,
Күрпүлдөйт тоонун суусу чапчып Айга.
Жылкыдай кишенесе кулак түрүп,
Мингеним токтой калат чакчыгайга.

Секирип талдан-талга сагызган да,
Жонуна  даяр аттын жабышканга.
Жоорубай жүрүп өтсүн кайран атым,
Байгеден калбай келген жарыштарда.

Жол жээктен «пар-рп» деп учуп бөдөнөлөр,
Чочутуп-үркүткөндү көрөбү өнөр?
Жатышса балапандар оозун ачып,
Эзилди ичим менин чөбөгөдөй.

Караган, жарчаларга бекиниптир,
Капыстан уча качат кекилик-чил.
«Атыңдан түшө калып же» дегендей
Солкулдап ышкындары жетилиптир.

Кызыгып карап коюп дөңдө мени,
Кыйынсып турат суурдун чөңдөлөйү.
Жарашпай ээрге бош отурганым,
 ага күлкү өңдөнөбү?!

Көз түшүп түркүн түстүү көпөлөккө,
Көңүлүм өсүп жатты көкөлөсө.
Жетинмек эмес минтип калдыркандар
Жер өзү сан-миң гүлүн төшөбөсө!

Чагылып Күнгө тоонун мөңгүлөрү,
Жел ташыйт салкындыкты мөңгүдөгү.
Келтирип айтып берсем балдарыма,
Келеттир алар муну көргүлөрү.

Баратам капчыгайдын ичи менен,
Бакылдап сүйлөшкүм жок киши менен.
Ээрге илгеркидей көнүп аздан,
Ат мага көнүп келет кичинеден...







## АК ЖООЛУКЧАН КАРА КӨЗ

Көргөн кезде баштан ойлор жылт коюп,
Эки нерсе чыкпай калды эсимден:
Анын бири – башка оронгон ак жоолук,
Бири – көзү айсыз түндөй сезилген.

Бейтаанышты – козгоп кеткен сезимди
Бир автобус алып кетти түшүрүп.
Мен ыңгайсыз сезип калдым өзүмдү,
Кечке карай бергенимди түшүнүп.

Кайдан жүрүп айкалышып алышкан
Эч кошулбас ак түс менен кара түс.
Кээде минтип келишимге барышкан
Каршылыктан кандай лаззат аласыз!

Бек байланган ак жоолугу баштагы,
Кара көзү эстен кетпей ак жүздүн –

Башкалардын унут калып бүт-баары,
Билбейм, канча автобусту өткөздүм.

Ырахат таап андагы көз ирмемден,
Унутпастан айтам, жазам сүрөттөп.
Аман болсок жолугарбыз бир жерден,
Ак жоолуктун ичиндеги кара көз.



**КАЙДАСЫҢ?**

Жарыгын чачып ар кимге,
Ай элең тийген алтүндө.
Сезимдин күчү багынтып,
Сен калып калдың кайсы үйгө?

Көпөлөк болуп жолдошуң,
Бөпөлөп турган колдосуң.
Ким билет балким кор болуп,
Чыгалбай турган тордосуң?

Жарыгың чачып ар кимге,
Ай элең тийген алтүндө.
Сезилбей бары-жогуң эч,
Сен калып калдың кайсы үйгө?!



## ОЙГОНЧУ, СУЛУУ

*(Феттен улам)*

Мен келдим сага айтканы
Агарып таңдын атканын.
Жагымдуу нурлар жаздагы
Шыкаалап бактан жатканын.

Чымчыктар тынбай чырлыйттап,
Эшикке эчак жан кирген.
Ушундай таңда ким жатмак,
Уйкуңдан ойгон, жан биргем.

Эртелеп чыгып талаага,
Таза аба жутуп келели.
Тар бөлмө менен санаага
Ууланта бербей денени.

Жыпарын жыттап гүлдөрдүн,
Ырларын уксак торгойдун.
Анан мен кантип сүйбөймүн,
Кана эми, сулуу, ойгонгун.

## САГА

Канча күн-түн кыял менен жарыштым,
Канча күн-түн күтө берип зарыктым.
Сен мен үчүн жумушчуга парадда
Бир көрүнгөн министрдей алыссың.

Калп болсо да кирген суудай күргүштөйм,
Өмүр кемип тургандыгын билгизбейм.
Акак сезим, ак сүйүүгө айланган
Сенден башка бул ааламдан кимди издейм?!

Кээде ызадан көздөрүмө жаш алдым,
Мезгил менен бирге кемип-азайдым.
Эки башка кеткен менен экөөбүз,
Сени сүйгөн жүрөк менен жашаймын.



* * *

Эч кимди чындап сүйүп жарытпаган,
Эркекти бирок дайым айыптаган,
Эсен бол кара көздүү ак көпөлөк
Кыргыздын кыйрын түгөл чабыттаган.

Билишпейт кайда гана ысымыңды,
Көрүшкөн көп эркектер кызыгыңды.
Байкасам, сен боёкко алмашыпсың
Беттеги уят аттуу кызылыңды.

Калп күлбө «шыңк, шыңк»этип,
                    Кудай бардыр,
Сен үчүн балким ал да уялгандыр.
Эркиңе ээ боло бил, эссиз селки,
Көркүңө мейли канча кумарландыр.

## ЭЛЕГИЯ

Көңүл дегдеп, көңүл сүйүп албырттап,
Көчө жээгин жашыл каптап – жаз келет.
Сезим күйүп турган кезде жалбырттап,
Сен экөөбүз, курбум, канча жашта элек?

Булут каптап, жамгыр жаап басылат,
Бул турмуштун жакшылыгы түгөнбөйт.
Мен өзүңдү ыйык тутуп азыраак,
Мен өзүңө айтканым чын «сүйөм» деп.

Ак-каранын дайым түгөй болушу,
Адам үчүн кимден калган акаарат?
Экөөбүздү табыштырган жол ушу
Экөөбүздү бөлүп кайда апарат?

Көңүл калат, бирок көңүл карыбайт,
Күздөн кийин кайра айланып жаз келет.
Балким эртең сендей кыз да табылат,
Бирок аны сүйө турган жаш керек.



* * *

Суу болсоң не – кана жутуп алмакмын,
От болсоң не – күлгө айланып калмакмын.
Таң экенсиң аткан жаңы кылайып,
Тал экенсиң турган өсүп буралып.
Жан экенсиң бир асылга ылайык,
Айга, Күнгө тең келүүчү ардактуум.

Айга, Күнгө тең келүүчү ардактуум,
Мекен болсоң – мен Куш болуп бармакмын,
Куштар жашай турган уя салмакмын.
Көздөрүңдөн букка толгон сүймөкмүн,
Жаш денеңдин жалынына күймөкмүн.
Бирок мага имерилип күлбөссүң,
Айга, Күнгө тең келүүчү ардактуум.

Айга, Күнгө тең келүүчү ардактуум,
Сен келбессиң, мен айла жок барбасмын.
Бирок жүрүп капшабында кармаштын,
Күрөш менен сени самап, кымбаттуум,
Сүрөт менен сенден калган, кымбаттуум,
Жүрөк менен сени сүйгөн, кымбаттуум,
Жашаарымды мен эч качан танбасмын!

## БОЛОЧОК СҮЙҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

Жашап жүргөн күндөрдүн бир күнүндө
Мен бир кызга жолугамын татына.
Сүйүп калып ал перини берилип,
Көп кайталайм куштар болуп атына.

Сүйөөрүмдү айтамын деп, айталбай,
Далай сүрдөп, далай жолу тартынам.
Бирок аны кинолорго чакырып,
Ашыктыктан ээрчип алам артынан.

Көпөлөктөй чарк айланып жүрүп мен,
Жүрөгүнө жетчү жолду табамын.
«Ушул бала көп убара болду» – деп,
Башкалардын кеп-сөзүнө каламын.

Кадимки көп кыздын бири болот ал,
Меникиндей болот бою кичирээк.
Менде болгон ой-тилектин бардыгын
Айттырбастан көздөрүмдөн түшүнөт.

Бири-бирин арка-жөлөк туюшкан
Эгиздердей ажырашпай калабыз.
Бир топ жандын кызганычын тутантып,
Бий, кечеге жетелешип барабыз.

Акыр бир күн биздин чакан айылга
Келин кылып алып барам мен аны.
Кемпир-кесек көчүп келет көргөнү,
Оттой ысып чыгат эки жамалы.

Биргелешкен өмүрүбүз башталып,
Ачуу менен таттууга тең күйөбүз.
Бала көрүп, бала багып өстүрүп,
Жыргап-куунап бирге өмүр сүрөбүз.



## БОЙГО ЖЕТКЕН КЫЗ

### I

Баягыда бантик байлап чачына,
Көпөлөк кууп чуркап жүргөн кыз эле.
Бүгүн минтип селки болуп татына,
Жигиттерди бир кылчайтат көчөдө.

Тып-тып этип ээрчип алып энесин,
Кызыгы көп аш-тойлорго барчу анан.
Балдар тартып махабаттын желесин,
Азыр анын чуркап жүрөт артынан.

Мектепте аны колу шоктор ар дайым
Чачтан тартып ыйлатышып коюшчу.
Эми минтип ичке катып арманын,
Сырдуу карап сөз айтышчу болушту.

Көйнөктөрүн күндө жууп, үтүктөп,
Көп баруучу болду бийге, кечеге.
Апасы анын кейип калат: «Ушинтмек,
Бойго жетип калган тура тез эле».

### II

Онунчуну бүтүп келген кезинде
Балдар карап койсо деле сүрдөгөн,
Гүлдүү чыттан көйнөк кийген кыз эле
Орус тилин араң-араң сүйлөгөн.

«Кичинем» деп эркелеткен апасын
Эстеп алып көздөрүнө жаш алчу,

Кээде аны балдай таттуу кыялы
Тээ секелек кыз кезине апарчу.

Уяңдыгы жана узун чачтары
Менен  жагып калчу айылдык балдарга.
Азыр болсо калат ичи тызылдап
Чачын кыска кылып кыркып алганга.

Кымбат баалуу сөздөр менен жазылган
Кат албады канчалаган жигиттен!
Бардыгына үмүт болуп көрүнүп,
Жанып турчу жылдыз болуп бийиктен.

Куурчагына көйнөк тигип ойногон,
Кош өрүм чач секелек жок кечээги.
Өз бактысын тереӊ талдап ойлогон
Жыйырмадагы акыл-эстүү кыз эми!




## ЖАҢЫ ЖЫЛ АЛДЫНДА

Балатыны досум менен коооздоп,
Бүгүн недир кубанычтуу ырдадык.
– Жаңы жылды өткөрөлү бирге, – деп
Маңдайдагы эки кызды кыйнадык.

«Бизди таштап кетишпесин, – деп, – алар»
Пальтолорун катып алып бербедик.
«Башка оюн-шоок, хандын тою болсо да,
Биздин гана кечебизге кел», – дедик.

Түшүнүшпөй махабаттын күчүнө,
«Бизден мынча сураныша нeге?» – дейт.
А биз болсо жакшы көрүп аларды,
Жаш балдардай чуркап жүрдүк «эжелеп».

Бирок алар болбой кетип калышты,
Жакшы түндү жалгыз тосуп өткөрдүк.
Эки жигит – эки бойдок студент
Жаңы жылдан бактыбызды күткөнбүз.



## СУКТАНУУ

Студенттин жарык, таза бөлмөсү
Китеп менен шат-күлкүгө жык толгон,
Келгендердин көңүл отун азгырып,
Кандай сонун тазалыктуу кыз болгон.

Жалт караса көрөм кара көзүнөн
«Бойго жеттим» деген уяң ойлорун.
Кечээ эле бир партада олтуруп,
Бантигинен келчү тартып ойногум.

Аппак дубал, төрт кез бөлмө ичинде
Студент кыз аз эмес, көп окуган.
Эми айта турган ар бир сөзүмдү
Терең талдап маңдайында отурам.



## СҮЙҮҮ МААНАЙЫ

Студенттик жатакана күүлдөп,
Бир топ бала залда басып жүрүшөт.
Ашканага чогулушкан төрт селки
Кимдир-бирөөн шылдың кылып күлүшөт.

Мына мобул маңдайдагы бөлмөдө
Бир кыз жашайт татынакай, сымбаттуу,
Эмнегедир айткым келет башбагып:
– Жигит керек эмес бекен ыр жазчу?

Мейли турсун кескен чачын таранып,
Же каранып турган болсун күзгүгө,
А мен болсо күңгүрөнүп ыр окуп,
Шоктук кылып кирип барам үстүнө.

– Келиңиз,– деп тосуп алып күлүңдөп,
Көк чайнегин алып барып чай коёт.
Кийин менин бий, кечеге чакырып,
Бирге жүрө турган кызым бар болот.

Эстен кетпей сүйлөгөнү, күлгөнү,
Кайра-кайра көз алдыма элестейт.
Бөлмөсүнө кирип барып ал кыздын,
Жазгым келет дал өзүндөй сүрөттөп.

Студенттик жатакана күүлдөп,
Балдар дале залда басып жүрүшөт.
Ашканада турган төрт кыз болсо эми
Башка бирөөн шылдың кылып күлүшөт.

* * *

Ачыктыгың тартынганды билбеген,
Шок мүнөзүң тамашасыз жүрбөгөн
Тутандырып кетти менин сүйүүмдү
Ширеңкенин суу талындай күйбөгөн.

Бирок балдар кичине деп боюңду,
Чачыңды да кесик дешет далыңан.
А мен сени жакшы көрөм узун чач,
Бойлуу келген селкилердин баарынан.

Башкаларга карапайым көрүнгөн,
Чачы кыска карлыгачым, кичинем,
Жүрөгүмө койгон отуң чыдатпай,
Күйүп кете турган болдум ичимен.

Кээде мага так секирип жүгүргөн,
Көрүнөсүң кичинекей кыз болуп.
Мына ошондо сүйүү азабын унутуп,
Кетким келет балалыкка тыз коюп.

...Эгиз болсок кош каректей экөөбүз
Бир мезгилде бир багытты караган.
Түгөй болсо жүрөгүбүз ар дайым
Бирин-бири дарылоого жараган.

## СҮЙҮҮГӨ

Күндөй жарык сезим болду өмүрдө,
Түндөй кара тактар калды көңүлдө.
Сен кайрадан кейпин кийип сулуунун,
Жетет, сүйүү, эми мага көрүнбө!

Чертпегиниң жүрөгүмдүн кылдарын,
Он сегиздей чебеленип турбайын.
Отуз жаштын салкын ыры бар дешет,
Андан көрө ошол ырды ырдайын.

Жашылданба, карабайт деп ыйлаба,
Көздүн жашы менен мени кыйнаба.
«Кош!» деп коюп, унуталбай өзүңдү,
балким мен да боздоп жүрөм кыйлага.



## БИЙ АЯНТЫНДА

Келдиң бийге, аппак киймиң, ыраңың,
Туу көтөргөн актык, ууз курагын.
Жаш кыздардын арасында жалбырттап
Күйүп турган менин алтын чырагым.

Келдиң бийге, балдар жетти жаланган,
Карабадың, эки көзүң алайган.
Топ ичинен мени издеп кубаныч –
Кабар айтып келе жаткан чабарман.

Бирок кантем: бийлей албайм, бара албайм,
Башкалардан, кечир, сактап кала албайм.
Мен өзүмдү сезип турам жээкке
Ыргытылган балык өңдүү араңжан.



## КЫЗГАЛДАКТУУ АДЫР

Жан курбум, кеттик көргөнү
Кызгалдак өскөн адырды.
Гүлдөрдүн кызыл өңдөрү
Дүргүтөт жүрөк-каныңды.

Жагымдуу жаздын Күнүнүн
Жалынын алып бышкандай,
Кийинип кыргыз кийимин,
Көчөгө чыккан кыздардай.

Жигиттер, кыздар барышып,
Жыргашып көңүл сергитет.
Жытынан анын алышып,
Жүрөгүн берип келишет.

Жалбырттап күйгөн от сымак,
Адырды, кеттик, көрөлү.
Шаарга – жаткан ныксырап
Отунан алып келели.



## ЖАЗГЫ ТҮНДӨ

Түн жакшы. Көлмөдө ай – күмүш балык,
Алтын жон балыктарга бүлүк салып,
Жылдыздар терезеден шыкаалашат
Көз кысып, жаш досумдай күлүп-жанып.

Жаз түнүн тосуп алам сүйүү менен,
Жел чачтан сылап өтөт сылыксынып.
Ыргалып кайың турат – буурул түндүн
Тармал чач, ак кызындай кылыксынып.

Жаш досум, бүттү бекен түнкү смениң?
Жалынып эриниңди «кишмиш» дедим.
Жаз түнү кудум сендей кумарлантып,
Көрүнөт жанды койбос укмуш келин.



## ЫМЫРКАЙ ТӨРӨЛГӨНДӨ ЖАЗЫЛГАН ЫР

Ак жалаяк, ак шейшепке ородук,
«Атасына окшош го» – деп коёбуз.
Досубузга улам каалоо айтабыз:
– Балаң өссүн дал өзүңдөй торолуп.

«Атасындай көздөрү чоң алайган,
Чачтары да окшош тура карарган» –
Деп ойлодук ар кимибиз баланы
Махабаттын эргүүсүнөн жаралган.

Бир сындырым нанды бөлүп тең жеген,
Таттуу-таттуу кыялданып сүйлөгөн
Биз өзүбүз кечээ жапжаш бала элек
Ата болуу ырахатын билбеген.

Ырас, анда кыялдансак аптыгып,
Күлөөр элек кирсиз таза каткырып.
«Биз бир күнү үйлөнөбүз, – дечүбүз, –
Бир айылдын эки кызын жактырып».

Бирок турмуш көнбөйт тура оюңа,
Сен экөөбүз түштүк жайган торуна.
Сүйүп калдык бир айылдын бир кызын,
Мүмкүн эмес же ал эки болууга.

Мүмкүн эмес ал эки кыз болууга,
Мүмкүн эмес бирок сүйбөй коюуга.
Ошондуктан экөөбүздүн тоюбуз
Мүмкүн болбой калды бир күн болууга.

Ажар ачкан аппак көйнөк кийинип,
Келген элге сылык, сыпаа жүгүнүп,
Келин болуп барган ал кыз үйүңө,
Бүгүн минтип төрөп берди – сүйүнүч.

Эми атанын милдети бар мойнуңда,
Тыбырчылап наристе ойнойт койнуңда.
Көтөрөөр жүк, тартаар түйшүк көбөйдү
Бул турмуштун ойку-кайкы ойнунда.



## ТААРЫНЫШУУ

Тилдегеним үчүн сени бир ирет
Тилдеп алам мен өзүмдү миң ирет.
Бир төшөктө жатып – алыс жашаган
Кезде сүйүү кудурети билинет.

Оо, таарыныч, түшүнбөстүк, ызалык,
Жолуктурбай жаткан кезде кусабыз.
Кечирүүгө жол издеген мүнөттө
Убакыт да туруп алат узарып.

Баары майда. Майда биздин чатак да,
Бирок, жаным, салды кандай азапка.
Түшүнгүнүң тирүүлүктө көз ирмем
Болбостугун сүйүүсү жок жашашка.

* * *

Жан эркем, сени сүйөмүн,
Жашоо жок менсиз сага да.
Жаштыктын жалын илебин,
Жүрөктү бердим, садага.

Кубандым сен деп, кайгырдым,
Каaладым дайым күлкүңү.
Күз келип сенден айрылдым
Күтпөгөн жерден бир күнү.

Суугунан коркуп сен күздүн,
Суурулуп кеттиң кучактан.
Сурансам кайтып келбессиң,
Сулуу кыз, көптү суусаткан.

Эмне дейм кетсең болбостон,
Эстей жүр мезгил өтөөрүн,
Эркиңче сүйүп, ойноткон,
Эсиңе ал жаздын кетээрин.

* * *

Жакшы көрөм жашоону,
Жашоо – күрөш майданы.
Эт жүрөгүм – учкул ат,
Күтөм сени жайдары.

Күтөм, жаным, жолуңдан,
Көөдөндө бук тыбырап.
Күлүп келип күн нуру,
Кучагыма жыгылат.

Троллейбус, автобус
Келет, кетет тынымсыз.
Күтүү деген азапка
Чыдап жатам чылымсыз.

## БЕГАЙЫМГА

Эскиликтин айрым салты сүйрөлүп,
Тушамыштай тушап келет али да.
Кызды уурдай качып барып үйлөнүш –
Бата турган болду дайым жаныма.

Сен учурдун талабына ылайык
Окуй билген, жашай билген кыз элең.
Анан сени «Ала качып барышып,
Отургузду...» – дешсе кантип ишенем?

«Баш кошобуз, – дечү элек, – той кылып,
Кол кармашып барып «Бакыт» үйүнө».
Сенин ошол күйөөңөбү, сагабы,
Эми, жаным, күнөө коём кимиңе?

Досум айтат: «Эскиликти чогултуп,
Бензин куюп өрттөп салса баарысын –
Эне болуп, тукум улап берүүчү
Кыргыз кыздын сакташ үчүн намысын!»

«Балам, үйлөн. Мени көрүп турасың» –
Деген кечээ катын алдым апамын.
Сени сүйгөн жүрөк менен, Бегайым,
Дале жалгыз... жалгыз жашап жатамын.

## ИЗДЕЙМ АЗЫР

«Ашкан сулуу» деген сөздү көп уктум,
Өзүм дагы кээде андайга жолуктум.
Бойдок кезде ээрчий карап айтчумун:
«Ушул болуп калсачы деп колуктум».

«Ушул болуп калсачы» – деп айтчумун,
Андан бери канчалаган акты күн.
Мурдагыдай азгырылбай өң-түскө,
Издейм азыр жан дүйнөнүн актыгын.



## ЖАР

Экиленип Айга, Күнгө теңебей,
Аз көрүшүп, ылдамыраак баш коштум.
Көк деңизде туура тандап багытын,
Сапар алган кемеге эми окшоштум.

Сапар, сапар... Көз жетпеген мейкиндик,
Кай жериңе жеткен кезде токтолот.
Көйкөлгөн бул табылгаң бой кездеги
Көп кыздардын бирине да окшобойт.

Дүйнөң толук. Аялзаттын атактуу
Туманынан коркпой-үркпөй сүзөсүң,
Көтөрүлгөн бийигиңден деңизге
Кардай аппак бала болуп түшөсүң.



## КЫЗ КЕЗИҢДИ ЭСТЕГЕНДЕ

*(Тамаша-чыны аралаш)*

Сен дайым кыз кезиңди эстегенде
Сүйкүмдүү көздөрүңөн от чачырап:
«Он эки, он үчтөгү кездеримде
Көрүнүп калгам, – дейсиң, – ак куу сымак».
Анан да дейсиң: « Болсок бир айылдан
Экенсиң күндө мага кат ташымак».

Кой, жаным, бул оюңа мени кошпо,
Өзүңчө эстей бергин өткөнүңдү.
Андагы боз балдардын шери жок ко,
Биринчи болуп өзүм өппөдүмбү.

Кайрылып кыз кезиңди эстегенде
Кайрадан көздөрүңөн от чачырап:
«Эгерде он сегизим кетпегенде
Жигиттер турмак, – дейсиң, – эх, топурап».
Анан да дейсиң: «Ушул боюң менен
Мен сени койбойт элем бир да карап».

Алтыным, мейли эстегин шаани менен,
Узоодо экөөбүздөн жаштык курак.
Жашоодон өткөнүмдө: «Аны менен
Жашаган элем, – дээрсиң, – ханша сымак».

## ТАБЫШУУ

Жолугушсак кокус кечээ күнү биз
Билбес элек бирибизди бирибиз.
Жашоочубуз эки чоочун дарактай
Өсүп турган эки башка тигилип.

Тагдыр экен, күүгүм-кечте табыштык,
Биз турмушту таанып, билип калыппыз.
Үнсүз-сөзсүз түшүнүшүп өз ара,
Үйдүн кутман чырагын бир жагыштык.

Менден өткөн жигит сага жок окшоп,
Сенден өткөн сулуу мага жок окшоп,
Энебиздей мээрин төгүп бул түнү,
Эшик ачып күлүп турду болочок.

Сени издеген окшойм өткөн жылдарда:
Эртеңимди ишенимдүү курганга,
Жатаар кезде сылап саамай чачыңды,
Ойгонгондо үнүңдү угуп турганга.




## КЫЗЫМ ТӨРӨЛГӨНДӨ

Каным менен жанымдан,
Карам менен агымдан,
Апаӊ үчүн жагылган
Жүрөгүмдө жалындан!

Эки кара көзүмдөн,
Оозумдагы сөзүмдөн,
Көчөтүӊдү, наристем,
Көчүрдүм мен өзүмдөн!

Оо, бакырган үнүӊөн,
Өйдө-төмөн жүгүрөм.
Сүйүнчү бер, адамдар,
Жентек жеп кет үйүмөн!

Көргүм келип ашыгам,
Кубанычтан чачылам.
Тандап туруп коёмун
Кыргызымдын атынан!



## СЕН

Эшигим «шарт» деп ачылып,
Сен кирип келсең ашыгып,
Калгандай болду төрүмө
Бакыттын өзү чачылып.

Боз дубал өңү ак тартып,
Күлгөнүң көңүл шаттантып.
Колтуктан алып сүйүүмү,
Койдуң сен жолго аттантып.

Искедим кундуз чачыңы,
Жыттанган жаздын атыры.
Жолуккан жерден өзүңө
Жоготуп койдум башымы.

Карматып сезим байрагын,
Жүрөккө канат байладың.
Бактымдай төргө чачылган
Түбөлүк сенсиң майрамым!



* * *

Автобекет: кыймыл – адам агылган,
Узун, кыска сапарларга камынган.
Маңдайымда мончоктой кыз. Ысымы
Жүрөгүмдө өчпөс оттой жагылган.

Миң айтылып, эчак эле жаттаган
Анын атын унутчудай кайталайм.
Үмүт болуп жанып турат ал мага –
Жалгыздыкта жашагандан чарчаган.

Алматынын автобусу акырын
Жылып келип калды аңгыча, катыгүн,
Экөөбүздүн ортобузду кайрадан
Бөлүп калат неченден чакырым.

Терезеден колун секин булгалап,
Жөнөп жатып акыркы ирет жылмаят.
А мен болсо автобусун жөнөтпөй
Койгум келет. Жардам берчи, жылгаяк?

Жылгаяк да, бурганак да кыштагы
Ылдамдыкты асталатып таштады.
Бирок болбой, алып-учуп негедир,
Ыкчам менин жүрөгүмдүн какканы.

**ЖАҢЫЛАНУУ**

Үйүбүздүн төрт дубалын көтөрүп,
Үстүн дагы толук жаап бүтөбүз.
Жакшы тилек, таттуу үмүт ташынып,
Быйыл жаңы тамыбызга көчөбүз.

Үзүлбөсүн арты алыс-жакындын,
Ак дасторкон болуп элге чачылгын.
Кара ниетке жабык болсун эшигиң,
Ак тилектүү болсо кенен ачылгын.

Кыргыздарда өзү жакка тартмай көп,
Ысыраптап дүйнө-мүлктү чачмай көп.
Суу сугарып, кетмен чаппай керилип,
«Чыйт» түкүрүп үй төрүндө жатмай көп.

Эски ойлорду үстүбүздөн чечебиз,
Быйыл жаңы тамыбызга көчөбүз.
Эмгек Ата, Бакыт Эне, Эркиндик,
Кел, келгиле, эшик ачып күтөбүз.

* * *

Барына, жогуна да кайыл болуп,
Бапырап өзүнчө бир айыл болуп,
Жашаймын жүрөгүмө кеткен өңдүү
Жараткан өчпөй турган жалын коюп.

Жардамга, жакшылыкка умтуламын,
Жашырбайм: «даңк» деп кайра унтуламын.
Бирөөнүн бактысына барбалактап,
Бирөөнүн ыйын көрүп буркурадым.

Дос күтүп, ырас, эч ким тандабадык,
Достук деп жүрөгүмдү кармап алып,
Отко мен жалгыз түшкөн күндөр болду
Ортодо турган кезде парвана кыз.

Тагдырым зыңгыраган бой бербеди,
Талаа-түз ой-санаамдын болду эрмеги.
Көрүнөт баа жетпеген сыймык сымал
Көңүлгө күтүүсүз бир ой келгени.

Маңдайга жазган андан айырбасын,
Максатты тагдыр жолдон кайырбасын.
Жаман ыр – эшик тоскон мастан кемпир,
Жакшы ыр – бир уялаш карындашым.

## ЭРГҮҮ

Кечээ кечке буулукпай, ызаланбай,
Шамдай жанган кызды эстеп кусаланбай,
Бүгүн кечке сезимди булут басып,
Бир топ китеп барактап, угут татып,
Жазындагы дарактай жашыл элем,
Жазылбаган барактай кысыр элем –
Көкүрөктөн көңүлдүү ыр төгүлүп,
Күзгө айландым заматта күтүрөгөн.

## ЖИГИТТИН ҮЧ МИЛДЕТИ

Калгычакты көөдөй кара түндөрдө,
Кайыл болуп канаттары күйгөнгө –
Отко түшкөн көпөлөктөр өңдөнүп
Кыздар дагы келет өрттөй жүргөнгө.

Карыгансып чүнчүй түшсөң кээде сен –
Койнуңдагы жаткан жарың берешен
Терс бурулуп, коёт балким карабай:
«Чиркей кууган түтүн го, – деп, – кебетең...»

Ар бир башта күлкүгө тең арман бар,
Кээде кайгы катуу сүйүп калгандай
Бек кучактап, куурчак кылып оросо,
Сен өзүңдү сууруп алгын канжардай!

Эгер тагдыр чындап сага күч берсе,
Өмүр-саатың калбай агып бүткөнчө
Унутпастан эстеп жүрөөр ар дайым
Жигиттиктин милдети бул үч нерсе:

Атаң өлсө ордун анын жоктотпо,
Аял кетсе мусапырга окшошпо.
Касың менен ачык кармаш аянбай,
Жеңиле бил, байкатпастан бут тоспо.

## МЕНИН КЫЛГАН ЖАКШЫЛЫГЫМ КЫРГЫЗГА

Кекчил турмуш кечирбеди катамды,
Өксүк жашоо көп нерседен кем кылды.
Өзүм тартам бирок алган жазамды,
Өзгөлөргө түртпөй, досум, сен сындуу.

Тагдыр жолум татаал болуп сынады,
Жок дегенде жанга тыным жай бербей.
Таңдандырсам, атаганат, мен аны,
Ар кармашта кайра туулуп келгендей!

Дос да күттүм кучак жайып, кубанып,
Коюнума жылан таштап ийгенче.
Акын боло албастыгы бул анык,
Болмок бирок адамдыкты үйрөнсө.

Канча жолу жүрөк сыздап, ыйлады,
Колго конбой учуп кеткен сүйүү үчүн.
Бирок анын жашыл канат ырлары
Балким басат башкалардын күйүтүн.

Жалтайлабай эр жигиттин күчүнөн,
Жан кыйнаган ушул көйгөй турмушта.
Жарты сабак ырым сен деп түшүнөм
Менин кылган жакшылыгым кыргызга.

## КАНАТЫ БАР ЖИГИТКЕ

Ичинде канаты бар жигит экен,
Буюрса ою оргуп бийик учат.
Кылыктуу келин-кыздар келип эчен,
Кызганып бир-биринен ыр угушат.

Илеби гүл жыттанган сөздөр сунуп,
Жүрөгү жалтанбаган ойлор айтат.
Ошондо далай сулуу улутунуп,
Ошондо абышкалар тураар алкап.

Өзүнчө сөз деңизин ээлик кылып,
Акыры бактысын ал ырдан табаар.
Ошондо көргөн кордук эстен чыгып,
Ошондо ушул жашоо унутулаар.

Бактылуу бөлмөсүнөн ыр учуруп,
Мөмөлүү дарак болгон кезегинде
Досундай касы тураар колун сунуп,
Ысымын аңыз кылар Мекенинде.

Оо, бирок мунун баары кийин, кийин,
Алдыда күтөт сыноо, күтөт кармаш.
Чыныгы акын болуш кыйын, кыйын,
Ал үчүн тынч жашооңду түйшүккө алмаш.

## ЖАЗДА ГҮЛДҮ,
## КЫШТА КАРДЫ СҮЙӨМҮН

Билинбестен сары жоолук күз өтүп,
Көңүл чиркин кышты самай баштады.
Өздөрүнчө кар түшүшүн күсөшүп,
Каргалар да кужулдашат бактагы.

Кечиккен кыш кечиккен кыз өңдөнүп,
А биз болсо жол караган жигиттей.
Кайсы түнү жерге башка өң берип,
Жатып калаар экен карлар күмүштөй.

Эртең менен турсак көздү уялтып,
«Жарк-журк» этип чагылышып Күн менен,
Чаң, түтүндү басып – мурун кубантып,
А кулакты кычыраган үн менен...

Анда менин чыккым келип талаага,
Достор менен төш таянып кетээрмин.
Же болбосо калып ушул калаада,
Жааган карды жалгыз өзүм кечээрмин?!

Күз узарып, туткунунан бошонбой,
Кусаланат эмнегедир жүрөгүм.
Жазда гүлдү кандай сүйсөм, ошондой
Кыштын күнү аппак карды сүйөмүн.

## ЖЫЙЫРМА ЖЕТИ

Баркын билбей ыйлатып жаштыгымды,
Отко салып өрттөдүм канча ырымды.
Же ушундай жексендеп жашап өтүү
Маңдайыма жазылган тагдырымбы?

Чөнтөгүмө катылган күндөр көптөй,
Жүрүп ойлор деңизин сүзүп өтпөй
Эртеңимден кур калсам азап жээрмин
Жайлы-жайлай жыргаган ийнеликтей.

Өмүр кайтса деп кээде ойго келем,
Өткөнүмдүн көп жерин оңдоор элем.
Жыйырма жети жашыма ал күндөрдөн
Келээр элем башка бир жолдор менен.

Өмүр кайтпайт, а бирок алды жагым,
Кара, кандай мүмкүндүк анда барын.
Бараар жолду караңгы кылган түндү
Жарык кылаар күчү бар шам жагамын.

Жаркыратам жансерек жаштыгымды,
Жаратамын жалындуу жакшы ырымды.
Керек болсо кайрадан жасап алам
Маңдайыма жазылган тагдырымды!

## АЙТЧЫ, КУРБУМ,
## АКЫН ӨЗҮН КАЙДА УРАТ?

Же карылык кубатынан тайдырса,
Же түйшүктөш түгөйүнөн айрылса
Эт жүрөгү көкүрөгүн койгулап,
Эки көзү чырак болуп жалдырап,
Чыдай албай бүркүт өзүн жарга урат.

Табигаттын табышмагы ушунда,
Тоо дайрасы күйүп кеткен учурда
Күчөп улам долуланып шаркырап,
Каржактаган арык жонун камчылап,
Күүлөп келип өз маңдайын ташка урат.

Сапар тартып учуп бара жатканда,
Самолет да күйүп кетсе асманда
Кош канаттап капталдарын ургулап,
Көк түтүнүн таштап артка бир кулач,
Кайтып келип өз денесин жерге урат.

Же бир гана бороштук калып сезимде,
Же «дүрт» этип күйүп кеткен кезинде
Өлтүрүшсө ыры өмүрүн кайра улап,
Өчүрүшсө тутануучу кайра бат
Акын өзүн алып барып кайда урат?
Айтчы, курбум, акын өзүн кайда урат?

* * *

Жээгинен ырыс төгүлгөн,
Мээринен күлкү көрүнгөн,
Атадай бийик наркы бар,
Энедей улук өмүрдөн:

Энчиңди толук алып кал!
Эрсиңби? Элде калып кал!
Айрыган акты, караны,
Артыңда калыс тарых бар.

Мейли сен байлык жыйнагын,
Менсинген чоң бол, жыргагын,
Кезинде жеңем бир муштап,
Келечек – жазган ырларым.

Сапарың, досум, бүтпөсүн,
Саптарың – найза түптөшүм.
Өмүрдү коргоп сайышам,
Өлүмдү үчкө бүктөсүн.

Маңдайга жазган жазуудай,
Максатты ишке ашырбай,
Өткүм жок жапан дүйнөдөн,
Өчкүм жок бийик атылбай.

## МЕНИН ЖАЗГАН ЫРЛАРЫМ

Менин жазган ырларым –

Жаңы чыгып келе жаткан кылыгы
Бала болсо!
Ошол жазган ырымы
Баштан сылап тосуп алса энелер
Башбаккандай үйүнө өз кулуну.

Менин жазган ырларым –

Чымчыктары алыс кетип сагынган
Чынар болсо бутагы кең жайылган!
Же кат болсо
шаардыкка
ата-эне
Акыбалын айтып келген айылдан.

Менин жазган ырларым –

Үмүт болсо! Жыпар жыттуу гүл болсо!
Үстөмөндөн түшүп окуур ким болсо –
Элдик болсо!
Эң башкысы жазганым –
Эл тилеги менен дайым бир болсо!

## КОШ, МУРАТ!

*Жоокер жигиттин жаркын элесине*

Чачтары кара болчу,
каштары кара болчу,
өзү да кара эле,
кылтыйып жаңы чыккан мурутундай –
солкулдаган кырчын боз бала эле.
Кызматын өтөп бүтүп, кетээрине
жарым ай калган эле араң эле.
Кетээр күндү,
туулган жерге жадырап
жетээр күндү
күтчү!
Бирок,
чек аранын ар жагынан
душман огу бир күнү «тарс» дей түштү –
... кызмат бүттү...
... баары бүттү...
Бир күндө учуп жеттим,
айрылуунун,
кайгыруунун күчүн сездим...
Ылайык айтаар сөздү таппай турам,
жазылбаган барактай актай турам.
Жүрөктү мыкчыйт суроо,
сезимди каптайт кайгы:
«Эстеликке –
үйдөгү жашын төккөн апасына,
досу – мага
жиберген узун, кыска каты калды
(жибербей калды бир кат ашыгына).
Кыздыкындай мүнөзү сиңип калган,
кара тору элеси сиңип калган

бул каттары –
кудум эле
тынчтыкты самап учкан
Пикассонун куштарынын канаттары,
убакыттын өтүшү эмес,
сагынычтын күчүнөн
саргайып кеткен анын барактары».
... Кайран жигит капилет алыстады,
көздөрүбүз издешип табышпады.
Көздөрү карап жатты кең асманды,
жаап койдук.
Кара булут каптады көк асманды,
асманды эмес, каптады кабактарды.
Ич ачышат:
жоокер жигит
жылдыздай жашап өттү,
«жалп» этпей, «жарк» деп өчтү,
жыйырма жылы тирүүлүктүн тузун татып,
өлүмдүн арабасы менен бизден
түбөлүк көчүп кетти.
Залп атып автоматтан,
тумактарды колго алып кош айтыштык.
Кечиресиз, апасы, талып жаткан,
жалаң гана эркектер –
тобубуз менен барып көрүстөнгө,
көөмп кайттык.
... Ноябрдын муздак жели шибеңдеп мээге тийет,
адамдардын жашын алган жамандыктын
жакага жармашканы жанга тийет,
түнкү асманда жылдыздар учуп-күйөт,
күйүткө алдырбачы, курган жүрөк:
жер үстүндө ырдалып бешик ыры –
өлүмдү өмүр жеңген,
согушту тынчтык жеңген күрөш жүрөт!

## ТАГДЫР

*Муратка*

Аида деп аты жакшы кыз эле,
Жашы гана бизден бир аз кичүү эле.
досум аны көргөн кезде кубанып:
«Ушул кызды жакшы көрөм» – дечү эле.

«Ушул кызды жакшы көрөм» – дечү эле,
Өлүм менен иши жоктой кечээ эле.
Мен ыйладым бүгүн көрүп ал кыздын
Бала сүйрөп баратканын көчөдө.

Капилеттен кырсыкка туш болду да,
Аруу сезим, ак тилегин койнуна
Каткан бойдон кетти жердин астына
Досум ага кат жазуунун ордуна.



* * *

Жайык өзөн, жайнаган гүл, алтын ай –
Поэзия же бейиштей керемет.
Алыкулду жаттап алган элем мен,
«Эне тилди» окуп жүрүп эжелеп.

Жылдар өтүп, ой-кыялым өзгөрүп,
Студенттин бөлмөсүндө отурам.
Ырларынын жалынына өрттөнүп,
Акындарды унуталбайм окуган.

– Илим иши ыр жазуудан кыйын, – деп,
Кызыл чеке болобуз биз талашып,
Акын болуп жашап өтүү деген бул –
Жашап өтүү жаңы илимди жаратып.

Мени акындар бөлөп чексиз жыргалга,
Эмнегедир кечелерге аз кетем.
Уяң кыздай жоолук салып ырларга,
Күйөө болуп алгым келет шапкечен.

## АПТАПТАГЫ ЫР

Ысык күндөн тосо албаган
Шаар – жыртык алачык.
Пиво ичкени токтой калам
Суусап кетип баратып.

Жигит колу тийип-тийбей,
Кыздын ысыйт билеги.
Көздүн күчүн сакташ үчүн
Көз айнекти киели.

Чоочун шаардын көчөсүндө
Кайдан жүрөт көпөлөк?
Кабат-кабат үйлөр менен
Теңеле албай көкөлөп...



* * *

Айылдыктар келет куржунга
Эт-аштарын шыкап салышып.
Шаарга көп тааныш болбогон
Бышкан аңыз жытын алышып.

Шамал согуп, күнгө күйүшкөн
Кара тору, кызыл жүздөрү.
Автобуста баратып деле
Бак-бак айтат сырын ичтеги:

– Беш коюма, койчу, болуптур,
Кошуналар эптеп көз салаар.
Билсең керек өзүң, каралдым,
Колхоздо аз киши чөп чабаар.

А колхоздун чөбү, эгини
Бышмак турсун, күйүп баратат.
Бүгүн эле кайра кетейин
Шаарың, балам, мени тажатат.

...Айылдыктар кетет: «Балдарга»
Деп куржунга таттуу салышып.
Шаарга көп тааныш болбогон
Бышкан аңыз жытын алышып.


* * *

Байыркы шаар, жомокчу шаар,
Бийлеп алган жүрөктү,
Көзгө жылуу көрүнөт бул
Китеп саткан киоски.

Өткөн күндөр асыл эле
Билим издеп шашылчу,
Кайда кеткен, көрүнбөйт да
Көз айнекчен сатуучу.

Кеткен күндөр бейиш дейбиз,
Келчү күндөр асылзат.
Кимди унуткан, кимди унутпайт
Биз көп барчу жашыл парк?

Көп өзгөрүп, көп өстү шаар,
Аз өзгөрдүк биз гана,
Жада калса жаңырыптыр
Жыгач өтүк-будка да.



## ЧАКЫРЫК

Курбуларым, кумга сиңчү өмүрдөн:
Ойноок бала карап туруп көчөнү,
Көчөгө атып чыгып кеткен кезиндей
Эргип, эргип, эргип жүрүп өтөлү!

Күн астында тоодой ишти бүтүрүп,
Келечекке үлгү болуп калалы.
Ай астында тунук сүйүү кечирип,
Махабаттан энчибизди алалы.

Түркүн түстө жанган шамдай жаркырап,
Башкаларга жүрөлү биз окшобой.
Жалын жүрөк жаш экенин көрсөтүп,
Комсомолго окшой билсин комсомол!



# ҮЙ ЖӨНҮНДӨ СҮРӨТТӨР

«Ленин көчөсү, 52-үй».
Мен мында далай жылдар күн өткөргөм.
Кайрадан ал курагым келет эске
Саргайып бара жаткан сүрөттөрдөн:

Тигине, дубалынын жарымысын
Акилеп бүтүп калган ак чач аял.
Ал айтчу чачтан сылап улуу кызын:
«Аялга жарашат, – деп, – таптаза жай».

Күн тийген терезенин текчесинде
Сүйкүмдүү бала мышык уктап жатат.
Айнекке мурдун басып катаарында
Секелек күлүп калган кыткылыктап.

Көгүчкөн уя салган көк чатырга,
Шатыда чыгып бара жаткан бала
Ак жүрөк, ак ниет, анан бакылдаган,
Окшошот дешчү айылда атасына.

Шымынын мыкка илинген багалеги
Шилтеген жерден бутун айрытчудай.
Бийикти беттеп бара жаткан бала
Түрү жок бирок артка кайрылчудай.



## ЖЫЛДЫЗДУУ ЖЭЭК

Эркелетип сылабастан башымды,
Турмуш мени зор майданга чакырды.
Бала кезден жетким келип эңсеген
Жылдыздуу жээк алыспы же жакынбы?


Ким кетпеген менден мурун ал жакка,
Желбиретип жеңиш туусун саймакка.
Келет жеңиш башын сайган иш үчүн
Дешет адам канын, жанын арнаса.

Келет дешет чегинбесе, качпаса,
Дүйнө-мүлккө ар-намысын сатпаса.
Энесинин сүтү менен оозанган
Жан дүйнөнүн тазалыгын сактаса.

Келет дешет кубандырып, сүйүнтүп,
Дос, тууганды кучак жая жүгүртүп.
Колдон келген жамандыгын аябас –
Душманыңды ыйга салып, бүлүнтүп.

Ал жээк азыр – үмүт күн-түн чакырган,
Ал жээк азыр – тилек кийген жашылдан.
Ал жээк деген максат, ойдун асманы,
Сан жетпеген үрөндөрү чачылган.

Эх, жашоого топук кылып тойбойсуң,
Бир жеңиште экинчисин ойлойсуң.
Эс алдырбай дайым жолго чакырган,
Жылдыздуу жээк аман болсун, бар болсун!



**Аалам, Адам, Мезгил деген алптарды**
**Алаканга салып ырдаар салт калды!**

## СЕЗЕ БЕРЕМ

Жылаңач жылдыздарды жетелеген
Сырлуу түн
Келсе сылап бешенеден,
Мен Жерди
Ай-ааламдын бешигинде
Термелген наристедей сезе берем.


Кучактап кең асманды моюнунан,
Уктайт ал
Чукуранып коюп улам.
Жылдыздар
Бир четинен бийлеп чыгат,
Суурулуп караңгынын коюнунан.

«Уйкудан Жер ойгонуп кетет» – дешип,
Бийлешет
Алар үнсүз кезектешип.
Ичинен
Ай-жылдыздын периштеси –
Чолпонго эң соңунда кезек жетип.

Алар ким –
Алыстагы периштелер,
Чагылып
Таң аткыча семичкедей,
Жоголуп күндүз изсиз,
Аалам кайра
Түнкүсүн берметтердей төгүп берээр?

Биз кимбиз –
Жер баласын аалам не дейт?
Ал тынбай
Күн энесин тегеренет,
Мен сыртка
Аттап аалам эшигинен,
Сырларын жылдыздардын билгим келет.

... Жылаңач жылдыздырды жетелеген,
Түн келсе
Сылап Жерди бешенеден,
Термелген
Ай-ааламдын бешигинде
Күнөөсүз наристедей сезе берем.




## КҮН

Эртең менен күлүп-жайнап чыгып Күн,
Кечте кайра уясына жашынат.
Адам андан жагып отун үмүттүн,
Алдыдагы максатына ашыгат.

Күн бар болсо тээ бийикте жагылган,
Жылдызга да камчылайсың атыңды.
Анын нуру мезгил болуп агылган,
Боёйт акка күндө бирден чачыңды.

«Эртең кайра Күндүн көзүн көрөлү» –
Оо, адамдар, бул бир жөн сөз болбосун.
Ар бир үйдүн күлүп чыккан бөбөгү
Ачык тийген Күн астында ойносун.

Алааматтуу коркунучтун алдында
Адамың да, чөбүң дагы бир өңдүү.
Жалгыз гана бардыгынын камында
Жүргөн Күндүн амандыгын тилейли.



* * *

Асылдык, достук, махабат,
Жүрөккө баарын батырып,
Жашоону келдик тазалап,
Бакытты жүрдүк чакырып.

Калыстык издеп дүйнөдөн,
Чындыкка тике карадык.
Тынчтыкка дайым үндөгөн,
Тилеги таза балалык.

Күзгүдөй тунук ойлордон
Өмүргө канат байладык.
Мекен деп, эл деп ойлонгон,
Бар эле бийик ар-намыс.

Каякта азыр ал сезим,
Калдыкпы эрте айрылып?
Арбыган сайын аң-сезим,
Азайды кайрым айбыгып.

Башаттай экен адамдар
Башында абдан таза аккан.
Жаш өткөн сайын кадамга
Жармашкан кирди жашаткан.

## АДАМ

Бийикке чыккандардын
булуттар бутун өбөт,
Турмушка суктанбаймын
кулдуктан кутулалек.

Койсо да пенде кылып,
көкүрөк көптү самайт,
Буттарым жерде туруп,
көздөрүм көктү карайт.

Айлантып аракечке,
сүйгүзбөй көпөлөкчө,
Акылга канат берсе,
куш болуп көкөлөшкө.

Жылдыздар шатырашып,
төбөгө толгон кезде
Ааламга эшик ачып,
катташсам, колдон келсе.

Арасын асман-жердин
чабыттап жүрүш үчүн
Ааламды ачсам дедим,
мен – адам, жетсе күчүм!

## МУУНДАР ТРИПТИХИ

Жылаңайлак буттар менен
кечишип тиш какшаткан муздак сууну,
иштешип кулдар сымал
жондорунан чыгарганча көпкөк бууну,
анан дагы,
олчойгон чокой кийип буттарына,
куур тонун кийип жалаң эттерине,
көз жаштарын сүрүшүп каруусуна,
чор баскан колдор менен
булгалап кызыл желек,
көтөрүшкөн чоң аталар
бакыттын чулу ташын далысына!
Шинел кийип апарык денесине,
алп көкүрөк аталар
көөдөнүнө батырып Ата-Журтту,
асыл жарды,
балдарды
кулчулуктан коргошкон.
А биздин көз-жашыбыз
бет аарчыга жарашат.
Күлкүбүз күч ыйыбыздан,
жер жарылат ырыбыздан,
акылмандык – куралыбыз!
Тарыхтын ташын алга тоголоткон
Намыс-ары нардай чоң аталарга,
мекенчил, мээнети зор аталарга –
революциячыл жаштарга ыраазыбыз!


**ЖЕР**

Терметип бешигинде тирүүлүктү,
Энедей жүрөгүндө сүйүү күчтүү!
Балдарын алып качып келечекке,
Баратат таштап салбай бирибизди.

Жазында көрсөң жапжаш колуктудай,
Жасанып жигитине жолукчудай.
Жайында гүл көйнөккө батпай чыгат
Жароокер келин өңдүү толукшуп ал.

Күзүндө көнөк-көнөк сүтү аккан,
Жер-Эне баарыбызды багып жаткан.
Ансайын тыта берип көкүрөгүн,
Карасаң калган так көп айыкпастан.

Жамынып ак шейшепти денесине,
Кышында аял болуп элесиме
Тартылып... жымыңдашат сансыз жылдыз
Тоорулган боз балдардай жеңесине.



## ТИЛЕК

Күлүгүмдү минемин,
Кыйын жолго киремин.
Келечектин үйүнө
Байрагымды илемин.

Жардам берип шашамын,
Жаман иштен качамын.
Көрбөгөнгө көз болуп,
Дүйнө сырын ачайын.

Кубантууга жараймын,
Күлкү болуп тараймын.
Кырсык чалган, кумурска,
Сага да ак санаймын.

Чындык менен өбүшөм,
Жалган менен өлүшөм.
Ачка жүргөн адамга
Жалгыз наным бөлүшөм.

Күлүгүмдү минемин,
Кыйын жолго киремин.
Адам болуп жашайын –
Ушул менин тилегим.



## БИЗ


Тоолуктардын таржымалын
мектептен үйрөтүшкөн болбосо да,
аз-аздан билип келем!
Көчмөндөр тукумубуз,
көчмөн элбиз,
кылымдан кылымдарга,
тоодон тоого,
куюндап көчкөн элбиз.
Мына азыр да
шаардын бир учунан бир учуна
көп көчөбүз,
чоңубуздун жонубузда таңылчак бар,
кичүүбүздүн колубузда түйүнчөк бар
(унаа кайдан –
атты, төөнү танганбыз,
жашоого жай жок –
боз үйдү өрттөп салганбыз).
Кыргыздар – биз
көчмөндүктү түшүнөбүз,
көчүп-көчүп келгендерди
кучак жайып күтүнөбүз.
Көчмөндөр – биз
көп көчөбүз,
бир жылда беш көчөбүз.
Биз –
жарыя тактасына,
дарактарга
чапталган кагаздарды жула качкан
шаардын шамалыбыз.
– Кечириңиз,
көчүп келдик,
бош бекен ижараңыз?!

* * *

Кошкула жазгы конок – каркыралар,
Тапшырган тагдырларын канатына.
Тоолуктан конфет, таттуу артына бар
Негрдин жана арабдын баласына.

Кылкылдап буудай, арпа өскөн талаа
Узатат желге ийишип алтын башын.
Кара чач, сары чачтуу бардык бала
Шоктонуп бирөөңө да таш урбасын.

Шоктонуп бирөөңө да таш урбасын:
Учушуп жерге жакын каркыралар,
Түбөлүк жүрсүн үчүн кирип түшкө,
Түбөлүк жүрсүн үчүн кайтып алар!



* * *

Каналекте мен сүйүүгө
Жаштык колдон суурулат.
Жакындоодо мейкиниме
Тизгин бербес буурул ат.

Көксөп, самап алыстарды,
Бирок туяк кызытпай,
Жетпей жолдо калып калды
Балалыгым – кызыл тай.

Аны менен калды кошо
Аппак, аруу тилектер.
Жан дүйнөмө кар, борошо,
Андан бери түнөп кел.

Калды кошо жалаң жалын
Наристе бир үмүттөр –
Дүргүттүрүп адам канын,
Ак булутка сүйүнткөн.

Калды кошо, атаганат,
Тоом, талаам, кыштагым.
Акырындап өчүп барат
Бул дүйнөгө суктануум.

Жолдо калып кызыл тайым,
Жакындоодо буурул ат.
Чет-четинен сызып баарын,
Өмүр колдон суурулат.

## ИЗ

Жээгине іздин
гүл тигишип
жүрүптүр кумурскалар.
– Кимдики? –
деп сурадым
алардан мен.
Бир ооздон:
– Дыйкандыкы! –
дешти мага.
– Ка-арк.
– Калп! –
Каргалар каркылдашты.
Башкарманыкы экенин
далилдешти.
– Бригадирдики! –
Чымчыктар чырылдашты.
Чыйпылдаган чычкандар:
-Милиционердики! –
деп жатышты.
Сагызган талдан талга,
бутактан бутактарга
учуп-конуп:
– Билбейм, билбейм! –
дегенден башканы айтпайт.
Кечти күтүп,
ай-жылдыздан сурасам:
– Өлүп калган дыйкандыкы! –
дешти алар,
анан аста
жылып кирип кетти алар.
Кең талаада
атамдын изи жатты.
...Энкейип өптүм аны.

## АЯЛ

Эркек, сенсиң капитаны кеменин,
Бирок кайда болсун айдайм дебегин.
Ал анткени сен арзыган аялдын
Алаканы – чексиз деңиз дегениң.

«Кана, эркегим, жигит болсоң сүзүп өт»
Деп аёосуз алай-дүлөй түшүрөт.
Анын күчүн жок дегенде бир жолу
Көк деңизге чөгүп көргөн түшүнөт.

Сыноосунан өтсөң – дүйнө чалкыган,
Азабын да дароо унутуп калчу жан.
Чоң сапарды эңсеп чыккан кемең да
Сүзөт жетим толкунунун артынан.

Толкунунун аркасынан келесиң,
Сен капитан эмес, эми кемесиң.
Кайра бороон болсо ажырап калчудай
Бек кучактап алган деңиз денесин.



## ДҮЙНӨ

Чындык жалгыз, жалган миң
Чырылдашкан дүйнөдө,
Ырыс токтоп калган ким
Ырылдашкан дүйнөдө?

Жалгыз чындык – өлүм бул,
Жалганы жок кылайган.
Ырыс толчу – көрүң, бил,
Ыроолонгон Кудайдан.

Дүйнө, дүйнө, бок дүйнө –
Дүнүйөгө жутункан.
Баш-аягы жок дүйнө –
Байлыгына кутурткан.

Тирегиндей дүйнөнүн,
Тырмаңдаган урганым.
Кетпес баштан бир өлүм
Кандай айла кылбагын.

## ҮЙ

Байыркы бабалардын өркүндөтүлгөн үңкүрү –
үй керек мага!
Көрк үчүн эмес,
эл сыяктуу жашаш үчүн,
табигаттын кырсыктарынан сактаныш үчүн,
күндүзгү түйшүктөн эс алыш үчүн,
түнөш үчүн, аялым, балам үчүн
жана да алар менен бактылуу жашаш үчүн
үй керек мага!
Үй керек мага
кабат-кабат тамдары көп чоң калаага
батыш үчүн,
жомоктой турмуш барын бул дүйнөдө
жазыш үчүн,
өмүр бою
 сугарып,
колхоздун коюн баккан,
өмүр бою
ак жашоого үйрөтүп,
маңдай тери менен акча тапкан,
өмүр бою
дыйкан менен койчулардан гана тааныш күткөн
атамдан кандай жардам?
Диссертация менен алпурушкан,
125 сом айлык алган
өзүмдө кайсы дарман?
Диктаторго айланып,
элинин башын алган,
сенек болуп,
далай жыл өнүп-өспөй катып калган,
аягында,

дыйканга нанын,
жумушчуга кийимин
кызыл кулактын баасы менен сатып калган
мамлекетимдин өзүнө керек жардам!
«Жеке менчик –
өткөндүн калдыгы» – деп окутушкан,
«Жек менчик
жоюлат» – деп окутушкан,
жоюлгуча
жеке менчик үйү барлар,
мени ижараңарга киргизгиле,
эмгегимдин жарымын –
70 сомдон
айына төлөп турам:
түнөш үчүн,
аялым, балам үчүн
жана алар менен бирге жашаш үчүн
эмгегимдин жарымын...

* * *

Тизмектешкен жылдар кумдай чачылды,
Жылоо бербес өмүр кайда шашылды?
Бирисинен бири таттуу көрүнчү
Канча күндөр кыр артына жашынды?

Аттын оозун койберүүгө белендеп,
«Аламанда мен биринчи келем» деп
Бир-бирине тыңсынганды сүйүүчү
Биз чыт курсак балдар элек чабандес.

Анын көбү – дале уу-дууда жашаган,
Таңдан кечке чарба иштерин жасаган,
Эгин берип, этин берип, май берип,
Ата-Журтун багып турган жаш Адам.



* * *

Жолоочум,
ким болбогун, кайдан келбе,
жайылып турат «кел» деп
кыргыздын астанасы.
Тартынбай аттап кир да,
өргүп алгын.
Суранам – кетип калба
тамакты таштап атып.

Бир гана аягында муну эскертем –
ордуна ниетиңди түздөп кет сен!



* * *

Жандай көргөн жакынындан айрыган,
Жамандыктан, жанга баткан кайгыдан
Чыдай албай мина коюп, адамдар,
Бейкут жаткан дүйнөңөрдү жардырам.

Менин кайгым силерди бир силкинтсин,
Уйкудагы Жерди кошо күрсүнтсүн.
Жан дүйнөңөр жарылганда асманга
Эркиндикти сүйгөн ойлор бүркүлсүн.

Ошол ойлор осколкадай тирелип,
Оюңардан чыкпай калсын түбөлүк.
Коркуп-үркүп узун өмүр сүргөнчө
Коркпой өткөн жалкы күндү сүйөлүк.

Кайгырышып кабактары бүркөлгөн,
Кара кийген катынга окшоп түйтөйгөн,
Кайран достор, же силерден жардам жок,
Бир чоң ойдун жүгүн жалгыз түртөм мен.

Жакшы тилек, жаркын ойдон айрыган,
Жамандыктан, жанга баткан кайгыдан
Чыдай албай мина коюп мен бүгүн,
Адамдардын жан дүйнөсүн жардырам.

## КҮЧҮК

Жүр, күчүгүм адашкан,
Ээрчип мени жөнөгүн.
Өзүм иччү тамактан
Сага да тең бөлөйүн.

Мойнуңа жип байлашып,
Балдар сүйрөп ойноптур.
Көздөрүңдү жайнатып,
Таштап кетсем болбостур.

Сенделесиң ачкадан,
Кароосу жок таштаган
Кожоюнуң кандай жан,
Эмдигиче таппаган?

Тамак сурап кыңшылап
Турганыңды койгунуң.
Көңүл такыр тынчыбайт,
Жүр, күчүгүм, болгунуң?!




* * *

Адам жерден
муздак ташты колго алды.
Учкунунан таштын
жалын чыгарды.
Тагдырыңыз
татаал, анын сыңары –
керек сөздөн
ушинтип от чыгаруу!
Бирок бул иш
мээ оорутуп чарчаткан
жерде болбос,
рахат үчүн, билемин:
жаркыраган сөз колуңдан
алат, чын –
сезгениңде
чагылгандын илебин!

## АЙТЧЫ?

Жаңылбай же жашырбай айтчы, мезгил,
Азбы, көппү ичээр суу, көрөөр күнүм?
Азбы, көппү айтаар сөз, жазаар ырым?
Айтчы, мезгил, жашырбай, айтчы чынын:
Маңдайыма жазылган кандай тагдыр,
Махабатым жагылган жылдыз кайсыл?

Келиштирип ыр жазып турмуш үндүү,
Кетирейин деп жүрөм бар күчүмдү!
Чамынганга жараша чамынгандай –
Алым кандай?
Ачыгын айтчы, мезгил!



## ЧЫНДЫККА

Чымылдап чуркап жүргөн аз,
ырылдап сага күйгөн аз.
Коркушкан менен бардыгы,
Оо, чындык, сени сүйгөн аз.

Карманып алып бетине,
Бөлүнө калып экиге,
Кагышкан элде – сени эмес,
Издешет пайда өзүнө.

Миң түрдүү жалган чубуруп,
Чындыкпыз дешип кубулуп,
Келишет сенден жүз эсе
Жүрөккө жакын туюлуп.

Оо, чындык, кандай ачуусуң,
Өзгө да жаттай катуусуң.
Жалтанып турат арстандар
Бүлөгөн айга азуусун.

Жаралуу жапан дүйнөдө
Сен жалгыз, жалган миң беле!!!
Жашайсың эркин учалбай,
Жаткансып чыкпас түрмөдө.

Чымылдап чуркап жүргөн аз,
Чыркырап сага күйгөн аз.
Коркушкан менен бардыгы,
Оо, чындык, сени сүйгөн аз.

## КООГАЛАНУУ ЫРЫ

Күн жана Жер – эгиздер бир-бирине,
байланган киндиктери киндигине.
Жер Жер болуп,
Күн Күн болуп жаралганы
жок болуу коркунучун билди беле?
Адамдардын
жанына жанын кошуп,
канына канын кошуп жүрдү неге?
Бириси нурун берип,
бириси өмүр берип,
энедей эмчектери ийгени үчүн,
мээрман ата-энедей сүйгөнү үчүн:
– Жаша! – деп баарыбызга койнун ачып
койгону үчүн
же алар күнөөлүүбү?
Не болот ядролук алааматтан
кийинки адамзаттын түбөлүгү?
Оо, анда эмне болот?
Беш бөлүккө бөлүнүп беш материк,
Күн огунан чыгат да,
Жер жоголот.
Анда азыркы
мен сүйүп, аралашып жашап жүргөн
жакшы, жаман адамдар ойрон болот.
Жашоо деген
жалган болот.
Дан сүйрөгөн кумурскалар болбойт анда,
топ кууган тентек балдар ойнойт кайда?

Мыёологон мышыктар да,
чыйпылдаган чычкандар да жок болушат.

Балким, куштар бир көз ирмем,
талыганча канаттары
Жер-Энени жоктоп учат.
Адатындай акмактардын
мурунy көккө тийип көппөй калат,
жаз келип, жерди жарып,
жашыл чөптөр кылтыйып өспөй калат.
Адамдар адамдарга
жакшылык кылып жаткан Жер жок болот.
...Күн жана Жер –
эки улуу планета, эгиз жылдыз,
экөөңөрдүн тапканыңар,
кам көрүп бакканыңар –
Жердеги өкүм сүргөн жалгыз турмуш.
Ошондуктан,
ракета менен
Жер, сени «тарс» атып талкалоо эмес,
рогатка менен
чымчыгыңды «тырс» атып өлтүрүү да – жеткен кылмыш!
Күн жана Жер –
эч качан ажырабас
эки улуу планета, эгиз жылдыз!

## КҮЗДӨГҮ КАТ

*Байсалга*

Кечээ кечте кат келиптир Хафизден,
Коңур күздүн үнү чыгып эшиктен.
Кайрый албай коогаланып отурсам,
Көңүл күүсүн куштар уурдап кетишкен,
Кечээ кечте кат келиптир Хафизден.

Ачсам катты, андагы Күз көңүлдүү,
Ар сабында мактап, даңктап өмүрдү.
Албырган Ай арзуу толуп көзүнө,
Ак шейшепке кулачудай көрүндү,
Ачсам катты, андагы Күз көңүлдүү.

Жалбырактар желге учушуп чурулдап,
Жаш балдардай санаасы жок ыр ырдайт.
Жан дүйнөмдө «дүрт» деп оттуу бир сезим,
Жылаңайлак кетким келди чымылдап,
Жалбырактар желге учушуп чурулдап.

Бирок, ырас, барактары айрылган,
Бир мен эмес, миң сан адам кайрылган.
Балким алар бал-бал жанган сөздөрдөн
Бактыларын издей турган шам кылган?
Бактыларын издей турган шам кылган!

Кой-Таштагы чарбагында досумун
Кечээ кечте мен Хафизди окудум.
Кат кармаган колум күйүп, мен андан
Күчүн сездим өлбөстүктүн отунун,
Кечээ кечте мен Хафизди окудум.

## ЖОЛ ЖАНА ЭНЕ

Жол эле жолдой чубалган,
Белеске чыккан, куланган.
Жаш балдар гана келишип,
Жарышып ойноп кубанган.

Чоңдор көп маани берчү эмес,
Иш чыгып калса эрте-кеч,
Машина тосуп ал жолдон
Шаарга барып келчү элек.

Бир гана эне таякчан,
Күчүнөн тайып бараткан
Калаага кеткен жалгызын
Күтүүчү ошол тараптан.

Оңуган жоолук башында,
Отурчу көнгөн ташында.
Согуштан улам эринен
Айрылган дешчү жашында.

Энени үмүт жеңүүчү,
Эртелеп жолго келүүчү.
Жолго уулун эне узатып
Жатканын эстей берүүчү.

«Каралдым, окуп адам бол,
Кай жерде жүрсөң аман бол.
Кайрылып кайта келгенче
Каттарың менен караан бол!»

Баласы ошол жаш эле,
Кыялга катуу мас эле.
Кыйкырган узап баратып:
– Күт, эне, келем бат эле!

Канчага бул жол бак берди,
Канчаны бул жол апкелди.
Бир гана ошол баладан
Ай-жылдар кыйла бат келди.

Калың ой басып кабагын,
Курдашы кылып таягын,
Келчү эне жолго кээ бирде
Тумагын алып баланын.

Бир жолу келген кат алып,
Сүйүнүп көзгө жаш алып.
Тың болуп баскан-турганы,
Калгандай эле жашарып.

Телмирип ар бир түшкөнгө,
Кетчү кеч – кыймыл бүткөндө.
Жол дагы ага кошулуп,
Үйрөнгөн киши күткөнгө...

Жол эле жолдой агылган,
Бозомтук жоолук салынган.
Бир гана эне ал жолго
Баруучу күндө айылдан.

## СОГУШ ТАГЫ

Бир кулак суу жетелеп,
бактылуу тыңшап ырын,
кетменчен дыйкан жүрөт
унуттуруп буудайларга
азаптуу согуш муңун.
Буудайлар ыргалышат,
ырдашат шуулдашып:
бейпилдик,
бакыт
жана
керемет ак сүйүүнү.
«Жакшы, – деп, –
ушунчалык турмуш бүгүн.»
Топурак чаңкагандай
суу менен кучакташат.
Буудайлар ырдайт дале
термелип желаргыга
болбогондой дүйнөдө эч бир азап,
акпагандай бул жерде эч бир көз-жаш.
Мындан 40 жыл илгери:
каз таман танк тебелеп,
туптунук суу ичпестен,
жыпжылуу кан жутушкан,
күндүн нурун эңсешкен чабалактап,
өлүктөр буудайларды
басышып жөө тумандай,
кан жыттанып жаткан талаа.
Эми аны унутушуп алар такыр,
угулат ырдаганы.
Адамдын жүрөгүндө калган бирок
азаптуу согуш тагы!..

**СУРООЛОР**

Кээде туруп мен өзүмө капамын
Калгамбы деп чоочун топко кошулуп.
Кай максатка сүзүп бара жатамын
Күн менен түн кайыгына отуруп.

Жакшылыкты жамандыктан канча ирет
Ырым менен калкалоого жарадым?
Жанын үрөп чуркайт атым камчы жеп,
Бирок кайда жетемин деп чабамын?

Алды жагым таштак, белес, ай-деги,
Чыгаламбы даңгыраган чоң жолго?
Жетээр бекен дарман, кубат мендеги
Элимдин бир жакшы акыны болгонго?

Өзүмө өзүм жаш баладай сезилем
Көк мухитке ширеңке жагып ойногон.
Анда эмнеге аян көрүп түшүмөн,
Сөздөн кызыл от тутантып ойгоном?!



## СЕГИЗИНЧИ МАРТ

Жаздын деми!
Паровойдун жанындагы орундукка
олтургум келбейт эми.
Эт чымчыган суукtан сактап келген
пальтомду күнөөлүүдөй асып салдым,
ышкырынып балконго басып бардым.
Сыртты карайм:
тээ төмөндө майрык терек бүчүр байлап,
боюнда бар келиндей сүйкүмдөнөт.
Бууланып жердин үстү,
чайпалып көчөдөгү көлчүк суулар –
билинет  жаздын күчү.
Жаз мас кылган жаш жигиттер
жаш кыздардын аркасынан
гүл көтөрүп жүгүрүшөт:
– Майрамыңыз менен, чоң кыз?!
Чоң кызы жаш жигитти
шылдың кылып күлүп өтөт.
Мен өзүм эмне кылсам?
Студенттик анча-мынча акчама
дүйнөдөгү аялдардын бардыгын
майрамдатып алгым келет.
Бойдокчулук,
көчөгө ойноп чыгып,
көп кыздардын ичинен
бирин сүйүп калгым келет.
Бүгүн майрам.
Апама салып ийген

куттуктоом жетти бекен?
Же болбосо эчки сакал почточубуз
аялын майрамдатып кетти бекен?
Койчулардын аялы бүгүн түнү
кой күзөттөн кутулуп жыргап калат,
кой ферманын аялы жаш козунун
этин жеп ырдап калат,
башкарманын аялы «Волга» минип,
шаарга жеткичекти ырдап барат.
Чала-була кары кеткен,
ала-була талааны айдап,
тракторист жигиттер күжүлдөшөт.
Баары бир аз ичип алган,
колдору, беттери май,
ак тиштерин көрсөтүп күлүңдөшөт.
Тамак жасап коюшуп,
бир аз атыр жыттанган аялдары
үйлөрүндө кечке күтөт.
Шаардын эркектери, албетте,
базарга гүл коюшпай талап кетет.
Мектептеги балдар болсо
магазинден кыздарына китеп издейт,
майда класс бир-бирине тыңсынышып,
чоң класстын балдары чач коюшкан
зыңкыйышып,
ала турган китептери он тыйындык,
он тыйын,
он...
Ойлойм, ойлойм
бактылуу энелерди,

бактылуу кыздарды ойлойм.
Өткөндү ойлойм:
аялдар теңдигине колун койгон
Клара Цеткинди ойлойм.
... Сыртта кар эрип жатат,
Алматыда окуган кыргыз кызга
ушунчалык жолуккум келип жатат.

* * *

Бир ысымды экиге бөлө албаспыз,
Бутуңду тарт, эси жок көрө албастык.
Сен жашсынтып, мен сени карысынтып,
Ансыз деле абыдан көп арбаштык.

Көкүрөккө көз бүтүп келет эми,
Колдон эмес, мээден күт берекени.
Оо, ыр жазган кыргызым, Чыңгызга окшоп
Ааламга ачат ким сенин терезеңи?

Канатына мингизип кыргыздарды,
Неге Акбозат сапарда жалгыз калды?
Чочулаба, бир күнү чыгат, чыгат,
Чобур баккан дагы бир Кармыш[1] бардыр?



[1] А. Осмоновдун поэмасындагы тулпардын ээси.

## ОЙЛОН ДЕДИҢ


Ата-Журтум,
түн жармында
түрткүлөп:
– Ойгон! – дедиң. –
Жансерек
ойлоруңдан
кутулуунун
жолун тап,
ойлон! – дедиң. –
Эртеңкини,
эркиндикти,
эне тилди
ойрондоп
кеткендерди
(Ойронбегиң)
– Ойлон! – дедиң. –
Эртеңкини,
эркиндикти,
эне тилди
ойлонгула
Ойлойлегиң!

## ӨЛҮМ

Аракеч чал карта ойноочу күн-түнү,
Аты чыккан ууру болчу баштагы.
Өлүм аны алып кетип бир күнү,
Алтылыктай крит кылып таштады.


Койду жерге жасап бир аз ырымын,
Бир топ адам чогулушуп келишип.
Пиво жайда буркуратып чылымын,
Карта ойнобой калды эми сөгүшүп.

Бул дүйнөнүн оюнуна кумарчы
Керек эмес эле сокур тыйындай.
Мүрзөсүндө крест калды сороюп,
Чалдын өзү жакшы көргөн чырымдай.



## ДАРЫЯ

– Жээкти жайкап,
ташты чайкап
көк деңизге барганча
актым,
актым,
актым,
билбейм, мен канча?
Жерге сиңдим,
кумга сиңдим,
сиңгенинен калганын
Арал үчүн
жүрөгүмдөн
десте кылып арнадым.
Арал,
Арал,
Арал жиксиз жоголду.
Мен Аралдын
мүрзөсүнүн
гүлчамбары
боломбу?!



## КЫРГЫЗ БОЙДОН ӨЛӨТ ОКШОЙМ БААМЫМДА

Кермек жаштын даамы кетпей оозуман,
Карайм бүгүн кейиш жашоо тоосунан.
Эмнеликтен жаагын баспай бала ыйлап,
Кайгы угулат аккан суунун доошунан?

Кайда күлүк алыстыкка жүгүрчү?
Барбы келин кайнатага жүгүнчү?
«Укук алдың өз тилиңде сүйлөөгө»
Деп эмнеге сурайбыз биз сүйүнчү?

Кечээ башым калкалаар жай таппаган,
Шаардан бүгүн «жер алдым» деп мактанам.
Оо, Кудурет, элди кимдер башкарат?
Кыргыз атам жерди кимге таштаган?

Кулагыма жетет толкун добушу,
Чындап катуу белем Көлдүн оорусу.
Бир кезекте кайтчу адамдар айыгып,
Азыр андан ооруп кайтат соо киши.

Мен күлкүгө тунуп тураар чагымда,
Ачуу жаштын тагы калды жаагымда.
Кийин балам ким болоорун билбеймин,
Кыргыз бойдон өлөт окшойм баамымда.

## ДЕП КОЙГУЛА!

Акты ак
караны
кара дешке,
ал келбей
баратабы
деп каламын.
Алмашпай
таңды бирок
кара кечке,
ар дайым
бардыгына
ак санадым.
Сүйлөшүп
түркүн тилде
бала кезде,
айланган
тоо, таш, суу – бүт
досторума.
Издешип
алар мени:
– Кана? – дешсе,
булуттар:
– Өлүп калган! –
деп койгула!

## ӨСҮҮ

Мырза терек көөдөн керип зыңкыят,
Бир кезекте чырпык эле ийилген.
Акун уулу дешкенине макулмун,
Акунович болгум келбейт кийин мен.

Жашыл бутак күндү карай кол созуп,
Кучактамак болот аны бийиктен.
Келечекке отурбайлы жол тосуп,
Келечекке умтулалы бийиктеп.



## ЫСЫК-КӨЛ. КЕМЕ. БАЛЫКЧЫ

Ысык-Көл бүгүн күүлөнөт, күчөйт
Асманга чейин жеткиси келип.
Токтогон кеме деңизди күсөйт
Толкунду жиреп кеткиси келип.

«Сапарга жөнө. Сапарга жөнө» –
Көк деңиз үнү азгырат аны.
Чардактар «жолго чыкса дейт кеме»,
Канаты менен чапкылап аны.

Толкундар келет жээкке издеп,
Балыктай жандап сүзүүнү самап.
Бооруна катуу жармаша түшөт,
Жүргүнчү болуп түшүүнү самап.

Балыкчы гана көз албай суудан,
Үн-сөз жок жалгыз жээкте турат.
Бутунан деңиз кучактап улам,
Жаткансыйт андан кечирим сурап.

Деңиздин күр-шар добушун коштоп,
Угулат ага бир кайрык келип:
Жээктен узап кеткенди жоктоп,
Жээкте калып калганга кейип.

## БИРӨӨНӨ

Кимдин ташы өйдө кулап бул күнү,
Кимдин оту өчпөй күйсө күн-түнү,
Тартуулайсың ошолордун алдына
Өз балаңдан аяп жүргөн күлкүңү.

Сени менен дүйнө кошо тумчугуп,
Сенден улам кетет биздин тынчыбыз.
Байыркы Рим урандысы астынан
Кайра чыга калган өңдүү кулчулук.

Чындыктын курч куралы жок колуңда,
Бирок бийик учсам дейсиң оюңда –
Билсең дагы бүркүткө окшоп көк чалбай
Жүргөнүңдү көр чычкандын жолунда.



## ЭҢСЕЙМИН

Чычкан эмес,
чымын эмес,
адамды
күлүп туруп
өлтүрүшүп
коюшат.
Тилеп албайт
Жараткандан
жаманды,
кайдан жүрүп
балдар мындай
болушат.
Бул жашоодо
титиреткен
жүрөктү,
күбөсүбүз
не бир укмуш
нерсенин.
Мен дайыма
адил, ачык
күрөштү
тагдырыма
туш кылса деп
эңседим.

## ТИЛ

Көчөлөрдөн, автобустун ичинен
Буруу тилдүү кыргыздарга кезигем.
Балким алар түшүнүшпөйт мени анча,
Мен да аларды чала-моңол түшүнөм.

Болом чоочун эл ичинде жүргөндөй,
Чоочун тилди бир аз, бир аз билгендей.
Алар дагы ак калпакты башына
Кызыкчылык үчүн гана кийгендей.

Бир кишини көрсөң ичтен тилдейсиң,
Кир кийимди таза этиңе кийбейсиң.
Эки тилди элдир-селдир билгенче
Тагдыр мага бир жакшына тил берсин!

«Эне тилиң эртең өлөт десе эле
Даярмын мен бүгүн өлүп кетүүгө» –
Деген сөзүн Гамзатовдун кайрадан
Салгым келет ар бир адам эсине.

* * *

Кечээ мен барсам түркүн ойлор коштоп,
Кучактап жаткан жерге Алыкулду –
Бир кезде түшүп калган мурдун жоктоп,
Бир боз таш бет алдымда кейип турду.
Ууруга бар гранит – акынга жок,
Урдум мен калысы жок турмушуңду.

Касымдай уулуңду да аябаган
Каардуу тирандарга тургузулган...
Кыргызды эл катары санабаган
Кайдагы тыңчыларга тургузулган...
Колоңду эмнеликтен, кыргыз калкым,
Аядың Алыкулдай кулунуңдан?!

Жашоонун жыргалына жеткен кезде
Көптүрбөс аруулуктун дарысындай,
Азабы жанга батып кеткен кезде
Чөктүрбөс ак тилектин дабышындай,
Аялуу байлык берген кыргызыма,
Же көппү акыныбыз Алыкулдай?

Бирөө ыйлайт дүйнөсүнүн баары сымак
Жоготуп бир тыйынын турган чакта.
Жылыткан көкүрөгүн жаны сымак
Бирөө ыйлайт кокусунан колу сынса.
Жүрөгүң сенин болсо канап турат,
Жашыңды төк акынга – бул кордукка!

## ЖЕТИМДЕР

Жетимдерди көрсөм ичтен сызамын
Турмуш эрте тартыптыр деп тузагын.
Өз балдарын таштап кеткен кароосуз
Ааларга, энелерге ызамын.

Байкуш балдар куу турмушка кор болот,
Жокчулуктун зарын тартып ойлонот.
Тынчсызданам, ата-энелик сезими
Ата-энени көрбөй кантип ойгонот?!

Жетимдердин сүйүнчүсү суралбайт,
Буту басса эч ким ага кубанбайт.
Атасынан тили чыккан кезинде
«Балам» деген жылуу сөздү угалбайт.


Эркелөөнү жакшы көрүп алар да,
Эртели-кеч батат таттуу кыялга.
Бирок жумшак колу эненин жетишпейт
Чуркап келсе маңдайынан сылаарга.



## СЕЗИМДЕР

Сезимдер чабыттайт бийикте,
Сезимдер шам болуп жанышат.
А кээде акактай сезимдер
Армандуу тепселип калышат.

Сезимдер жашоону жаңыртып,
Сүйүүгө, өмүргө нук салат.
Бирдигин дүйнөнүн кайтарып,
Бир гана сезимдер уктабайт.



## БАЛАМА

«Ата болом» деген сезим уктатпай,
Төрөт үйдү карап улам кылчактай,
Жүрөгүм да көкүрөктү тепкилеп,
Калган өзү төрөлчүдөй тынч жатпай.

«Ата, жардам бер» – деп мени чакырып
Алган өңдүү көз жардың да бакырып,
Кур үмүттү таштап коюп колума,
Кайра артыңа кете бердиң шашылып.

Коюлбастан сага арнаган ат калды,
Аргасыздан көздөрүмдөн жаш тамды.
Мобул аппак чыйыр менен мүрзөңө
Апакеңдин сүтү артыңан акканбы?

Чымчык болуп кетти жаның, билемин,
Чымчык көргөн сайын кара кийемин.
Байлык кетсин, бийлик кетсин башыңан,
Балдар аман болушсунчу – тилегим.

* * *

Куштардын үнүн тыңшап жайындагы,
Бак-үйдө Беш-Күнгөйдүн сайындагы,
Отурам көк асмандан сынып түшкөн
Жарымын чайкап Айдын чайымдагы.

Катуулап кысып улам түн кучагы,
Жымыңдап ойго салат жылдыздары.
Баратат таңдандырып күндөн күнгө
Көп сырлар орун алган турмуштагы.

Маселен, далайларды ойго салган,
Турмуштан мындай бир заң орун алган –
Жемиши жакшылыктын дайым ачуу,
Күнөөнүн даамы таттуу бардыгынан.

Тоо жолун, талаа жолун эчен бүктөм
Унутуп коюш үчүн кезесиң сен.
Келесиң бул жашоонун мейкинине
Кетүү үчүн өмүр болуп өчүп бүткөн.

Кээде биз мына буга кайгы жейбиз,
Эмнени тирүлүктө күнөө дейбиз?
Баарында окшош суроо болгон менен,
Ар кимдер ар башкача жообун көрдүк.

Алдында асмандын көк көшөгөлүү
Жашоо бир – келгин, көңүл көтөрөлү.
...Мен улам чайга эритип койсом Айды,
Жаңысы сынып кайра түшө берди.

## ЖЕЗДЕМЕ

Айыктырган доктурлар,
Эмдеп-демдеп эченди,
Не болуптур жок кылбай,
Жеңет дедим кеселди.

Жабылышып жеңалбай,
Жашайт дагы дейалбай,
Өксүп-өксүп ыйлашты
Өздөрүнө келалбай.

Ажал менен күрөшкөн
Доктур өлөт турбайбы,
Асыл жанды жүрөктөн
Өлүм бөлөт турбайбы.

Эх жездем ай, ах жездем,
Жакын жүргөн жаш кезден.
Аттиң, өлбөс болсоң не,
Жерге көмбөс болсом не?!

## КАЙЫРЧЫ

Борбор шаардын базарынан, өткөөлдөн,
Кайыр сурайт ары-бери өткөндөн.
Кантип чыдап өтүп кете аласың
Ээрчий карап жалдыраган көздөрдөн.

Кызыл шапке, кууй көрбө, сураарым,
Кайырчыны – тоскон жаман тумагын.
Колдон келбей салып бериш жарыкты,
Колдон келээр – бир аз тыйын сунамын.

Кушка, чөпкө зыяны жок ал байкуш –
Куу турмушка канаттары сынган куш.
Биз эмнеге кайрым кылбай аларга,
Дөөлөттүүнү кошоматка сыйлайбыз?!

Кокус жолдон «Волга» минип чоң өтсө,
Кызыл шапке какаймаксың көзүнчө.
Таяк менен кайырчыны куудуң сен,
Теңсиздикке кейип турдум өзүмчө.

Мейли анда бир манчыркоо бар дейли,
Көөдөнү бош, түшүнбөгөн жан дейли.
Бирок неге көрбөй өтөт көпчүлүк,
Кантип эле?.. Же алар да көндөйбү?

Милиционер! Түшүн, кууба сен аны,
Бар үмүтү – колундагы тумагы.
Салып бере албасак да жарыкты,
Жашоосуна тыйын берип туралы.

## АТ

Жакшылап жал-куйругу таралбаган,
Таңды-кеч жарытылуу каралбаган,
Жонуна сук сагызган конуп алып,
Басынып башы жерге салаңдаган

Карган ат, кайран атым, кайран атым,
Кечээ зар, бүгүн минтип кар канатым.
Кээде мен чыдай албай кеткенимде
Кыргызым, «кыргыз» десем арданасың.

Жакшы эле жоодон алып качканыңда,
Күрсүлдөп күлүктөргө чапканыңда.
Кыйшайып минип алып, кылыктанган
Кыздарды жандап бара жатканыңда.

Ичсең да эс-учуңду жоготкончо,
Эстүү мал чылбырын бош койгон болсо,
Үйүңө аман-эсен жеткирүүчү
Айылдын эли уйкудан ойгонгончо.

Туягы минтип анын түшкөн кезде,
Калтырбай күчүн берип бүткөн кезде,
Шыпырып жүгөнүңдү алдың дагы,
Кайрылбай неге жолго түштүң кечте?!

* * *

Көк деңизде эркин сүзчү бир балык
Көбүгүнө куйругун чаап,
Шаңданып...
Калды бир күн эрки, шаңы – бардыгы
Балыкчынын тору ичинде кармалып.

Жүрөк өңдүү туйлайт байкуш,
Жардам жок.
Же «түшүм» деп өзүн алдай алган жок.
Жок дегенде үнү болсо –
Кыйкырмак.
Мен да тордон чыгаралбайм сыйкырлап!



## ӨМҮР АСМАНЫ

Көөдөндө күйүп турган от барында,
Көзүндө жанып турган чок барында –
Көк боёк арбын болот асманында.

Көөдөндү кара түтүн басканында,
Көзүнүн жанган нуру качканында –
Түнөрүп булут турат асманында.



## ЭС

Мен кай жерде, качан, кантип өскөмүн?
Жайдак ээрчип келаткансыйт өткөнүм.
Жатка билген менен мектеп окуусун,
Унуткансыйм улуулардын сөздөрүн.

Абышкалар эл чогулган аш-тойдо
Сабак кылчу биздей эси жокторго.
Өз элимдин өтүп кеткен турмушу –
Аталардын санжырасы жок колдо.

Жети атаны билүү жакшы салт эле,
Эскиликке шылтап аны калп эле,
Үйрөнбөдүм учурунда атамдан,
Билбей бара жатат жаштар жалпы эле.

«Айтчы, качан, кантип мынча жол бастың?» –
Минтип учкан куштар менен сырдаштым.
Кечээги өткөн күндөрүмдү мезгилге
Өзүм неге дайыны жок уурдатым?!



## АСМАН

Жарк этип чагылганы жагылганда
Окшойт ал Жер-Айымга жалынганга!
Ачуусун атакемдин эске салат
Чытырап кабактары салынганда.
Ааламдын генералы окшойт анан
Түнкүсүн жылдыздарын тагынганда.



## АСМАНЫ ЫЙЛАП ЖАТКАНДЫГЫН КАБАРЛААР?

Жолго чыгам сөз үйрөнүп келүүгө,
Ойго умтулам мажестикти жеңүүгө.
Башкаларга балким жарайт унутуу,
Болбойт мага эне тилди жерүүгө.

Түйшүк түмөн, санаа сансыз, ой калың,
Кыйын кезде кырча тиштеп бармагын.
Акын деген өз кайгысын унутуп,
Айта билсин Ата-Журттун арманын.

Түшпөйт үйгө башка үйдүн жарыгы,
Сурайм сенден, мейли жашпы, карыбы:
– Ала-Тоо деп жок дегенде бир ирет
Чыркыратып жага алдыңбы жаныңы?

Эмнеге эл ким бирөөгө өкчөлөт?
Эмнеге көл жылдан-жылга бөксөрөт?
Ушул кайгым ооруткандан жүрөгүн,
Асман ыйлап жаткан окшойт өпкөлөп.

Мейли ыйласын, төксүн жашын аянбай,
Балким жолдо сапар чеккен адамдар
Уйкудагы айлын жетип ойготуп,
Асман ыйлап жаткандыгын кабарлаар?!

Асманы ыйлап жаткандыгын кабарлаар?!

## КАЗАК КЕРЕМЕТИ

Барып калсам айланып ара-сыра,
Казак досум тойгузуп сырасына,
«Керемет гой» дей берип көргөнүн бүт,
Жетет мактап чалынан баласына.

Ал мактанса мен дагы мактап атам,
Кандай болот казакты мактабасаң.
«Казак кейжи» дегенге жабыштырып,
«Талас кейжи» дегенди чаптап атам.

Кыргыз-казак бир трууган эл эмеспи,
Күн менен Ай экөөнө теңеп өттү.
Канчалык көп отурсак сыра ичип,
Ошончо көп табабыз кереметти.

Калдайгандан калдайып чыгып өпкө,
Аяк жерден айрылып, төбө көктө.
Мактангандай болгон соң турмушубуз,
Түшпөй калдык окшойбуз жерге көпкө.

* * *

Мен сени издейм, адам!
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Жамандык жакшылыкка сугарылган,
Жапакеч курагымдан
Мен сени издейм, адам!

Өмүрүм айлампага
Тереңдеп кирген сайын,
Жатты да, досту дагы
Жакшыраак билген сайын
Мен сени издейм, адам!

Ырдалып чыгабы деп,
Ырымдын саптарынан,
Ырымга бир көрүүгө
Ырыстын асманынан,
Унутуп бүт бардыгын,
Мен сени издейм, адам!



## ЭЛИМЕ

Кылымдардын тереңине жашынган,
Коктуларга жылдыз болуп чачылган,
Сенин өткөн тагдырыңды чогултуп,
Тарых болгум келет жакшы жазылган.

Канат байлап «кимбиз?» деген тилектен,
Кубат алып билим аттуу тиректен,
Кумдай болуп сапырылган мезгилден
Өмүрүңдү тапкым келет мен өткөн.

Күнүң ачык тийген менен дайыма,
Басаар жолуң шыдыр эмес али да.
Жакшылыгың маңдай жара сүйүнтүп,
Жамандыгың батып келет жаныма.

Тоолоруңа, өрөөнүңө, көлүңө,
Таазим сенин татынакай жериңе.
Жашап жаткан ачуу-таттуу күндөрдү,
Таазим сендей ак калпактуу элиме.

Кылымдардын тереңине жашынган,
Коктуларга жылдыз болуп чачылган,
Сенин өткөн тагдырыңды чогултуп,
Тарых болгум келет жакшы жазылган!

# КОТОРМОЛОР



**ОРХАН ВЕЛИ КАНЫК,**
*Түрк акыны*

## СТАМБУЛДУ ТЫҢШАЙМЫН

Стамбулду тыңшаймын, көздөрүмү жумуп алып:
Алды жактан сыдырым жел согот аста,
Аста-аста кыймылдашат
Жалбырактар бак-даракта.
Алыстарда, тээ алыста
Суу саткандар эч тынбастан коңгуроо кагып,
Стамбулду тыңшаймын, көздөрүмү жумуп алып.

Стамбулду тыңшаймын, көздөрүмү жумуп алып:
Куштар өтүп баратышып,
Тээ бийиктен топ-топ болуп, кыйкуулашып,
Балыкчылар жүрүшөт торун тартып,
Бир аял турат буттарын суугa малып,
Стамбулду тыңшаймын, көздөрүмү жумуп алып.

Стамбулду тыңшаймын, көздөрүмү жумуп алып:
Бираз үнсүз Капалы-Чарчы,
Кыжы-кыйма Махмутпаша,
Көгүчкөн көп короо жакта.
Буксир үнү угулат док тарапта,
Жаздын мээлүн желинде ар тердин жыты калып,
Стамбулду тыңшаймын, көздөрүмү жумуп алып.

Стамбулду тыңшаймын, көздөрүмү жумуп алып:
Башымда байыркы дүйнөнүн масканасы,
Эски кайык жайлары, бир жазгы үй
Бугуп калган шамал үнүн угуп алып.
Стамбулду тыңшаймын, көздөрүмү жумуп алып.

Стамбулду тыңшаймын, көздөрүмү жумуп алып:
Бир ойсоке бaрaтат тротуарда
Толгон ыр-күү, кажы-кужу, тамашага.
Бир нерсеси колунан түштү жерге:
Розага кандай айып!
Стамбулду тыңшаймын, көздөрүмү жумуп алып.

Стамбулду тыңшаймын, көздөрүмү жумуп алып.
Бир чымчык дирилдейт тээ төмөндө.
Билемин, ысыгын же жогун мен чекеңин,
Билемин, нымдуу бекен же жокпу эриндериң.
Күмүш бир ай чыгууда фисташканын аркасынан
Түшүнөм жүрөгүнүн кагышынан,
Стамбулду тыңшаймын…

## ТҮШҮНДҮРӨ АЛБАЙМ

*(Кызгылт романтика)*

Ыйласам үнүмү угасызбы,
Саптарымда…
Тийгизе аласызбы
Колуңузду, көз жаштарыма?
Билчү эмесмин обондоруң мынчалык мыкты,
Сөздөрү болсо мааниси жок экендигин
Бул дартка түшкөндөн мурун.
Бир жер бар, билемин,

Ар нерсени айтууга болот.
Абдан эле жакындаштым, туямын,
Түшүндүрө албаймын.

## ЖОМОК

Бала көңлүм кайгыларга баш бербес,
Жүздөрдө нур, кырмандарга берекет.
Ат үстүндө сыя көкүл ханзаада –
Мен унута баштаган бир мамлекет.
Жазданганым энекемдин тизеси,
Кулагымда төлгөчүнүн бал сөзү.
Көл башында падышанын үч кызы,
Чурулдашып Каф[1] тоосуна жөнөшөт.

[1] Каф – легендарлуу тоо

## МЕХМЕД ЭМИН ЮРДАКУЛ,

*Түрк акыны*

### ЭЙ, ТҮРК, ОЙГОН

Эй, түрк элим, сен мындан туура беш миң жыл мурун
Алтайды жердеп турганда
Теңир сага буюрду: «Түрк тукуму, бул жерден
Күнгө умтулган бүркүт сымал уч, чамда!
Сенин
Баарын баш ийдирчү колдоруң
Чагылганын жиберет менменсинген жандарга:
Сага Кытай, Иран, Хинди, Египет
Коюн ачат бардык шартта, жайларда!»

Сен буйрукка баш ийип, жорттуң шамал жүргөнсүп,
Душмандарды качырдың кудум арстан тийгенсип.

Ыңкылаптын уругун септиң бүтүн дүйнөгө,
Сен өнүгүү дыйканы, жыйноочусу тимеле!
Сенин улуу Фарабиң,
Ибн Синаң, Мевланаң,
Земахшериң, Бухарың,
Дагы далай акылман
Караңгылык дегенге катуу муштум урушту,
Мухамбеттин журтуна маданият курушту.

Сен элең го Чыгышта түрк дүйнөсүн жараткан,
Ага алтын куполду,
Көк тиреген мунара, көркү сонун күмбөздү,
Медресе, булакты, көпүрөнү тараткан.

Сенин жалгыз Орхонуң, Самарканың,
Турпаның Кандай улуу эл экениң айтышат.
Ал жерлердин ар ташы, ар дубалы Турандын
Жашап өткөн ар-намыстуу доорлорун жаркытат.

Эми кандай? Ооба, ооба, соңку үч жыл ушундай,
Өчтү шаңдуу өмүрүңдүн жашыл баркыт ыраңы,
Жаркырабайт шаар, купол ал кезиңдин тушундай,
Ар бурчуңу өлүм менен өрт чалгансыйт сыягы.

Бүгүн сенин тукумуңдун онтогону угулат,
Унутулуп кудай, диниң – мечиттериң жыгылат,
Тепселүүдө – ырыс, укук, китептериң жагылып,
Кордошууда түрк атыңды, тилди алар жабылып.

Айтчы мага, эч жеңилбес алтын аскер не болду?
Тактыларың, жаркыраган сарайларың не болду?
Салтанаттуу жеңиштериң, тойлоруңа не болду?
Мейкининде күнү батпас кең жериңе не болду?

Бул жерлерби Чыгыш кел деп алтын таажы кийгизген:
Самарканың, Индикушуң, Каракорум шаарларың,
Акмечитиң, Карабагың же Мавераннахырың
Конья, Бурса, Эрзурумуң, Стамбулуң, Эдирнең?..

Оо не болдуң? Көөдөнүңдө туйлаган
Болот жүрөк токтоттубу кагуусун?
Сага жалын, намыс берген асыл кан
Ириң басып, буздубу же агуусун?

Бүт жаштарың – жаназабы, бешиктериң – табытпы?
Уктагансып же бардыгы жапырт өлүп калышты?!

Жо-жо-жо-жок, жыгылганың – өлүм эмес эч качан,
Турбаганың – өз ордунан жүрөгүңдү таппасаң,
Адам саны кылуудан туура аларды таштасаң!

Болду басыл! Кутул, калкым, кыйроодон!
Көтөргүнүң муңга толгон башыңы,
Токтоткунуң көздөн аккан жашыңы,
Кармашпасаң кутулбайсың кыйноодон!

Билесиңби, кимдер жашын тыйышпайт?
Тагдырына моюн сунган бирөөлөр,
Залимине үч бүгүлгөн жүдөөлөр,
Алсыз туткун – чынжырынан чыгышпайт!..

Сен кааласаң Дунайдан сепилине Кытайдын:
Сибирь, Алтай, Кыпчак да,
Азербайжан, Хорезм да, Газни, Хива, Бухара ...
Баары келип кошулуп, чеги жаңы Турандын;
Осмон менен Надырдын, Илхан менен Бабурдун
Бир боор болгон элдери бир түш өңдүү табышат;
Миллиондогон асыл-нарк, от-жалындуу жүрөктөр
«Түркпүз» дешип бир маалда бир жүрөктөй кагышат.

Бүгүн сага жат, орой угулуучу өз тилиң,
Ар добушун түркчүлүк абийиринен алат бил.
Ошол тилден туулуп сенин жеке өздүгүң
Туран деген дастанын алтын сазда чалат бил.

Мунун баарын жаратчу – бул улуттук аң-сезим:
Тура калат өлгөндөр мүрзөсүнөн шаңгырап,
Тирүүлөргө көктөн от, жерден темир алдырат,
Ушул сезим Мекен деп ырдаттырат заңгырап.

Баатыр, акын: «куткарам» деп, «тирилтем» деп
ар жанды,
Бул туу менен кыялдары чындыктарга айланды,
Күнкор болгон элдер менен бактысы жок жерлерге
«Ойгонгун!» деп Пайгамбардай берип жатат жардамды.

«Ойгон» – бул үн тоодон тоого жаңырат,
Шамал өңдүү ар эшикти каккылап,
«Ойгон!» – бул сөз жүрөктөргө тагылат,
Каның менен жан дүйнөңдү аткылап.

Ушул күткөн улуу күндө алай-дүлөй козголот,
Кызыл кандар күл болуучу алоолонгон от болот...
Алоолонуп күйөт тоолор, күйөт акыр замандай
Бүтөт зындан, кулайт бирден ошол чоочун сарайлар.

Урандылар үстүнө эркиндиктин Азиясы
Кандуу чачын желбиретип, туулат күн сыяктуу.
Бүгүн туткун болуп турган эрксиз Чыгыш дүйнөсү
Баскынчыны кууй турган күчкө айланат кубаттуу.

Айтат алар: «Эй баскынчы адамдар,
Сүлүк курттай канды соргон арамдар,
Ыймансыздар – укук эмне унуткан,
Ынсапсыздар тарыхты жок кылышкан!

Жетет, кеткин! Бизге төккөн кылымдап
Уу-чууңарды кошо алып ырымдап.
Алкыңарды биздин жерге агыткан
Жетет эми башка жерге агытсаң.

Алдамчы бир маданият өзүңөргө буюрсун,
Райымсыз жүзүңөрдү төбөсү ачык көк урсун!»

Жетет, ойгон! Боштондуктун күнү бул,
Түркчүлүктү балакеттен куткарып,
Кайтпас болуп баскынчынын түнү бул,
Баары жүрсүн дайым сага суктанып.

Кана, кеттик! Жеңиши бул дүйнөнүн
Арстан жүрөк эрге гана татыктуу.
Эркиндик да, башкасы да билгеним:
Коркпогонго берет чындап бакытты!

Жоокер болгун, куралыңды ал колго,
Акын болуп, адамдарды ойготкун,
Жумушчу бол, терин төккөн жолдорго,
Аалым болуп акыйкатты ойлонткун!..

Кана, кеттик! Маданият, намыс, шаң
Жаштыгынан улуттук түш көргөндөр!
Эски, жаңы, эрктүү, эрксиз Түркстан,
Азияга эркиндик деп жүргөндөр!..

## ТИЛ

Түркчө тил күндүр бизге,
Башка тил түндүр бизге.
Стамбул диалекти
Эң таза тилдир бизге.

Тилде да болот, бил, өз,
Бардыгы билген бир сөз.
Мааниси түшүнүлгөн
Сөздүккө агытпай көз.

Биз ойлоп сөз таппайбыз,
Ал жолго эч баспайбыз.
Түрктөшкөн сөз түркчөдүр,
Негизин так сактайбыз.

Турандын жери да бир,
Сүйлөгөн тили да бир.
Башка тил бар дегендин
Чыныгы дили недир?

Түрктүктүн абийири бир,
Дини бир, Мекени бир,
Билгиле, айрылышат,
Болбосо тили да бир!

## МЕХМЕТ АКИФ ЭРСОЙ,

*Түрк акыны*

### ЧАНАККАЛЕ ШЕЙИТТЕРИНЕ

Босфор кармашы недир? Дүйнөдө мындай болгонбу?
Чоң-чоң төрт-беш өлкөдөн чогултуп сан-миң колдорду,

Так төбөдөн жолун таап өтүш үчүн Мармарга
Кемелерден аткылоодо кенедей бир айбарга.

Кандай гана ташбоордук, көзгө эч нерсе көрүнбөйт!
Жапайылык бул өңдүү «европалык» дедирбейт,

Анык жүзү ачылган, бул жырткычтык эмеспи,
Акка асылган карага бул алаамат керекпи?!

Эски, жаңы дүнүйө, бүтүн адам баласы,
Жанар тоодой атылып, кайнап жатат, карачы.

Төгөрөктүн төрт бурчу турат толук каршыңда,
Баштап Австралиядан, Канадасы артында!

Кейпи башка, тил башка, түркүн-түркүн түстөрү,
Бирок окшош алардын жапайылык иштери.

Индусу бар, жамжамы, билбейм дагы кандайы…
Кудум чума өңдөнөт, оо Кудайдын салганы…

Жыйырманчы кылымбы? Жырткычтардын тукуму
Канчалаган кан төктү. Мехметчиктин кусуру

Уруп жатат андайды, каршы туруп айларча:
Иче-кардын төгүп бүт – иш кылганды айбанча,

Сыйрып беттен маскасын, анык жүзү көрүндү...
«Маданият» деп коюп, чачып жүргөн өлүмдү.

Кимдин кандай экени бул майданда сыналат,
Шумдук айбат: душмандын таш-талканын чыгарат.

Бир жагынан абаны жарып тынбай аткан ок,
Топуракты асманга чачат жерге житкен ок.

Уңулдаган бомбалар зыңылдатып мээлерди:
Арстан жүрөк аскерлер ар тараптан мээленди.

Жер алдынан тозоктун отун көккө аткандай,
Ошол отко адамдар тирүү күйүп жаткандай.

Өлүм көктөн төгүлүп, өлүк жерге үйүлүп,
Кандай шумдук эле бул, ар ким жандан түңүлүп.

Баш, көз, көөдөн, бут, кол, жаак, манжа –
баары чачырап,
Тирүү турган адамдан тоого, түзгө чачылат.

Колдор иштеп мыкаачы, ажал чачып коргошун,
Кеме, учак аткылайт, айтып тирүү койбосун,

Жалын бүркөт, от бүркөт, туруп ачык деңизде,
Тегеректейт чөөлөрдөй даабай тике келишке.

Замбиректен, мылтыктан – арбын жааган коргошун...
Түрктүн баатыр аскерин жигит пири колдосун!

Аскерибиз эр жүрөк бул тозоктон качкан жок,
Баштарына ок өтпөс каскаларды таккан жок!

Ыйманынан курулган чебин эч ким алалбайт,
Элин мындай аскердин эч бир күч кул кылалбайт.

Чептер кулайт, курчалат, керек болсо жок болот,
Бирок адам адамдын жанын кантип жеп коёт?

Жан – Кудайдын түбөлүк белеги бул унутпа:
«Берген алат жаныңды, намыс-арды курутпа!»

Эр тукуму...дечүмүн...накта эрден экенсиң:
Берген жоксуң намысты, бербей жүрүп өтөсүң.

Шейиттердин денеси тоо-талаага толууда...
Ал ийилбес баштарды намаз жерге согууда,

Чекеге жеп күнөөсүз, суналышып жатышат,
Оо, Жараткан, таптаза, гүл өмүрлөр батышат!

Бул жер үчүн кармашып, жаткан аскер жан кыйып,
Көктөн түшкөн периште дейт: «Баарынан сен ыйык!»

Улуулугуң ушунда, каның менен коргодуң...
Сен Бедринин арстаны – мына ушул болгонуң.

Сенин денең баткыдай көрүстөндү ким казсын?
«Кел тарыхка көмөлү» десем ага сыйбайсың.

Сен чаң салган доорлордун жетпейт сага барагы...
Ачат эрдик ишиңи акындардын каламы.

«Жаздангын деп» Каабанын ташын койсом башыңа:
Жаңырыгын жанымдын жаза билсем ташыңа:

Анан алып асманды жылдыздары менен бүт,
Каның аккан жерлерге койгум келет чөгөрүп.

Бейитиңе төшөсөм булуттарды сурданган,
Жатып анда узатсаң сен үркөрдү нурданган.

Жатканыңда ал жерде, сен чөмүлүп каныңа,
Ай жарыгын апкелсем, түнүчүндө жаныңа.

Таңдан кечке мен күндүн жарыгына толтурсам,
Аттиң, жаткан жериңи жалаң гүлдөн болтурсам.

Жаратыңа сүрсөм эх, күндүн батчу өң-түсүн,
Кылган болбойм эч нерсе ошондо да сен үчүн.

Анткени сен каапырдын чабуулдарын токтоттуң,
Сени Чыгыш султаны Селахеттинге окшоттум.

Кылыч Арслан өзүңдүн эрдигиңе таң калды...
Сен токтоттуң исламды «муунтам» деген айбанды.

Көөдөн тосуп жоготтуң темир чеңгел салганды,
Рухуң менен кошулуп кезет атың ааламды.

Кылымдардын артына батпай ташып чыгасың,
Мейкиндиктин ичине араң сыйып турасың...

Шейит уулу шейитим, сурабагын менден жай,
Өзү ачып кучагын турат сага Пайгамбар!

**КҮФЕ**[1]

Мындан беш-он күн мурун, көнгөн адат менен мен,
Таң куланөөк салганда үйдөн чыгып жөнөгөм.
Биз жашаган жер болсо Стамбулдун чети эле,
Билбеген жан сүзгөндү болбойт жүрүп көчөдө.
Ар таштаган кадамың чачыратып балчыкты,
Караңгыга калгандан кадимкидей жан чыкчу!
Чырак болсо бир колдо, таяк алгын бирөөнө,
Андан кийин жолду эмес, сен өзүңдү күнөөлө!
Таяк менен колдогу басар жолду таптаймын,
Кургак тапсам кубанып, көлбүп сууну аттаймын.
Жыгылбашка бир-бирин таягандай көрүнгөн,
Эски, саман үйлөрдүн өтүп барам түбүнөн,
Колумдагы таякка чоң бир нерсе урунду...
Карай салсам эскирген, жүк ташычу буюм бу,
Жүкчүнүкү...Кимдин?.. деп айткычакты болбоду,
Келген бала аржактан, он үчтөрдө болжолу,
Тээп калды керилип, аны жаткан жеринен,
Учту ары ал байкуш капшырылып теңинен:
– Жүрүп сенин алдында атам өлдү. Сен болсо
Дале амансың дардайып, жатканын көр жөн койсо!
Ошол кезде маңдайкы үйдөн орто жаштагы
Аял чыкты негедир эрте агарган чачтары?
– Каралдым ай, кел бери, бүлдүрбөгүн бүтүндү,
Эмне кылды ал сага? Тилсиз буюм үчүнбү?
Сегиз жылы көтөрдү атаң аны. Кеп кылчу:
«Акжолтоюм бир дагы бош калган жок» деп турчу...
Атаң өлүп, бул байкуш калды минтип бош жатып!

---

[1] *Күфе* – жөнгө салып ташыла турган жүк корзинкасы

Апаң менен иниңди багасың сен жүк ташып.
Баласыңбы же али үйрөнөлек жумушун?
Мен да чыктым капталдан туура көрүп мунусун:
– Угуш керек, баатырым, айткан сөзүн эненин...
Үтүрөйүп ал мага уктум мындай дегенин:
– Ишиң жокпу, эй сакал? Кет, жоголгун бул жерден?
Таңаталек жатканда кайдан жетип келдиң сен?
Тоодой болгон атаман айрылганга күйөмүн.
– Атаңдайле кишиге, уулум эмне дегениң?
Адам бол деп жатпайбы, койгун андай дебегин...
– Бала эмеспи, байбиче, таарынганым жок менин...
Уулум, атың ким сенин?
– Хасан.
– Хасан, ук мени.
Кыйын болот өзүңө баспасаң бул өпкөңү.
Кайгыңарды укканда күйдү менин ичим да.
Үйдү бакмак а бирок эми сенин ишиң да.
Сени кандай чоңойтсо атаң терин агызып,
Сен да иниңди ошондой чекеден тер тамызып,
Өстүргүнүң, жетимдик муң-зарын эч көрбөсүн.
– Жүк ташыппы?
– Ай-ай-ай! Мунуң, балам, не дешиң?
Жумуш кылган айыппы?
Жүк ташыган күнөөбү?
Айып – кайыр сураган! Бекер жүргөн – күнөө бу!
– Ак сөз, балам, абаңын айтып жаткан кеби бу...
– Унуттуңбу? Майрамда коңшубуздун келини:
«Хасан, жатак мектепте абдан жакшы окутат,
Жөндөмүң бар...Эгерде сен жөнүндө биз айтсак...
Алат сөзсүз мектепке... Айталы бир» дегенин?
Апа, кандай эмитен «жүкчү кылам» дегениң!

Түшүндүм мен бул сөздүн уланарын бир топко,
А күн чачтан көп эле кыла турган иш болсо.
Жокчулуктун жолунан калаа жакка бет алдым,
Билгеним жок андан соң не болгонун Хасандын.

Кызым тентек жан эле тынч отуруп бербеген,
Чыктык бир күн Фатихке жетелешип жол менен.
Көмүрчүлөр эшиги жактан чыксак төөлөрдү
Көрүп кызым кубанды, сүйөт дайым көргөндү:
Ийри-муйру өркөчү, узун мойну, шыйрагы,
Куйругунун аркада өрүм чачтай турганы.
«Укмуш экен ээ, кызым?» деп сөз баштап жаңыдан
Карай салсам аркама, беш-он кадам нарыдан:
Белге шалы байланган, башка оромол тагынган,
Орто бойлуу, нур жүздүү карып калган бир адам,
Өзүнөн чоң күфелүү жаш бала бар жанында
Келатышат кыбырап. Таң калыштуу чынында:
Кудай кайра туш кылды ошол жетим балага…
Мурдагыдан абалы кыйын өңдүү садага –
Шыйрактары куурайдай такыр эле жылаңач,
Калч-калч этет тоңчудай. Бу байкушту ким аяйт?
Жылаңаяк, жылаңбаш. Көр оокатың курусун!
Чекедеги бир байлам жоолуктан ким жылысын?
Энтиккени кулакка онтогондой угулат,
Көз карашы «жардам» деп жаткан өңдүү туюлат.
Түбүң түшкүр жокчулук, чала тоют, жылаңач,
Он үчтөгү баланы алган минтип кубалап!
Аңгычакты мектептен чыкты катар тизилген
Элүүдөн көп бала, кыз. Жаман болдум ичимден.
Чал, Хасандын жанына ылдам эле жанашты,

Элейишип экөөнү алмак-салмак караштты.
Ооба, баары алардын шаңдуу, шайыр ыр ырдап,
Келечекке бактылуу баратышат зыңылдап.
Кандай жакшы аздан соң кирет алар оюнга,
Байкуш Хасан – атадан калган күфе жонунда.
(Келген эле эзгиси анда аргасы түгөнүп).
Муктаждыктын айынан ташыйт эми түбөлүк.
Тагдыр берген балага – жаза, ал бир жүк эмес...
Күнөөсү не, а бирок бала өзү билелек!

## ЯХЯ КЕМАЛ БЕЯТЛЫ,

*Түрк акыны*

## СУЛАЙМАНИЯДАГЫ МАЙРАМ ТАҢЫ

Секунд сайын көңүлүм көтөрүлүп бара жатты,
Көрүп таңкы Сулайманиядагы салтанатты.
Бул биздин көк асмандын алдындагы майрам сааты,
Толук тогуз кылымдын бүт аймагы, бүтүн калкы
Улам күчөп көрүнүп көгүлтүр сахна бетинен,
Чаң пардасы мезгилдин түрүлүп барат четинен.
Үрүл-бүрүл таң атып, агарган сайын жер бир аз
Көктө канат, жерде аяк үнү тынбай угулат.
Бир кыймыл бар!.. Укмуштуу, керемет бул не деген!..
Миң-сандаган арбактар асман-жер койбой ээлеген...
Бул келгендер ар жактан, байыркы жүрүштөрдөн бил,
Ошол жүрүш маалында бизге тийген жерлер бил!
Жарык менен караңгы бейкуттукта жуурулушуп,
Адам, арбак токтобойт бир-биринен суурулушуп.
Көктөн, жерден келишүүдө ар эшикке агылып,
Ыйык жайга киришүүдө арты-артынан жабылып.
Кудайымдын бул жайына ар тараптан толууда,
Сулаймания бу саттарда өчпөс тарых болууда.

Кошуундардын – элдердин көп согушкан каарманы,
Кудайына арнаптыр мына ушундай бир жайды.
Соңку диндин эң мыкты ыйык жайы болсун үчүн,
Архитектор жумшаптыр бүт талантын, бар күчүн.
«О дүйнөнү биз баарынан жакшы көрө билели»,
Деп Стамбул шаары ичинен чечкен ушул дөбөнү.
Чыгымдарын көтөрүшкөн казылары, чыгааны,

Ташын, кумун ташып миң-сан жумушчу чыдады.
Бул кең, эркин Мекенинин күндүзүнө, түнүнө,
Ушул жерден ачылган эшиги – бир дүнүйө.
Кошуундардын рухуна төрү тийсин бейиштин...
Курулуш бул – жоокери сулуулуктун, жеңиштин.

Улуу храм, оо сени бүгүн гана түшүндүм,
Кандай сыймык болуп калуу мураскери өзүңдүн.
Мурда сенден көрсөм жалгыз геометрия теңдигин –
Куполуңдун алдындагы карап элди мен бүгүн
Жылдар бою түштө көрүп таппай келген жаныман
Периштелер жайына мен киргенсиймин жаңыдан.
Тили, көөнү, ыйманы күч бул адамдар жыйыны,
Көрүп жатат өздөрүнүн жан дүйнөсүн чыныгы.
Баары тегиз Кудайыма сыйынышып жатканда,
«Аллох акбар» деген сөздү окшойт тек үн айтканга.
Кайталанган ушул сөздүн сыйкырлаган добушу,
Канчалаган биздин тууну көкөлөткөн болучу!..

Алды жакта тээ отурган адам узун көйнөкчөн,
«Аллох акбар» деген сөздү тыңшаганын бир көрсөң?!
Ошол момун мусулмандын тазалыгы өңүндө!
Куруучусу храмдын го? Ким айтат бул жөнүндө?
Тээ Малазгырт түздүгүнөн жүрүп келген түрк бекен?
Тереңинен көздөрүнүн дегенсийт жаш «мөлт» этем.
Жигиттердин теңдеши жок келбеттүүсү дүйнөдө,
Чоң иш жасап чарчап турат чындыгында бул дене.
Курган улуу Мекени да, коргогон да күч ошол,
Байлык менен сыймыгыбыз, кан-жаныбыз бүт ошол,
Мураскору Мекендин да, ээси дагы дал ошол,
Дымыгансып такыр эле турган бүгүн жан ошол.
Аман-эсен алып калган биздин азыр бар жерде,
Аттиң арман колдон эчак чыгып кеткен жерлерде.

Маңдайдагы тоолор бүтүн гүл баскансып карасак,
Кочкул кызыл боёк көктү жерден бөлүп баратат.
Замбиректин үндөрүн ук жаңырыктайт бийикте,
Жүздөгөн шаар ар тараптан үн кошконсуйт бул ишке.
Жакынданбы же бул үндөр, же абыдан узактан,
Үскүдардан, тээ Хисардан, Каваклардан келген шаң?!
Бурса, Конья, Измирлерден, алыстардан алыска,
Жетет экен ушул үндөр тоодон тоого жаңырса:
Ар аймактан угулууда, Байезиттен, Вандан да,
Замбиректин добуштары – андан жана мындан да.
Бүгүнкү таң ушунчалык кенен дагы, шаңдуу да,
Жагып турат бардыгына – мындагы бүт жандууга.
Улуу тарых желаргысын тыңшайт текши турушуп,
Замбиректен чыккан үндөн өзгөчө күү угушуп.

Кайдан гана чыкканы жок замбиректин үндөрү,
Алар, биздин ар жеңишти даңктайт бу мен билгени:
Косовадан, Нигболудан, Стамбулдан, Варнадан...
Эскеришет ар бир болгон окуяны кайрадан.
Белград, Будун, Ийриденби, Уйварданбы бул үндөр.
Балким чыгат соңку чектен – кырка тоодон күрүлдөй.

Кай жеринен көк деңиздин чыгып жатат ушул шаң,
Барбаростун флоту же келатпасын согуштан?
Аралдардан, Тунистен же Алжир жактан чубашкан
Туура эки жүз кемебиздир кең мейкинге улашкан,
Айдын жаңы жаңырганын көргөн жайдан келатат.
О, бул ыйык кемелер да өргөн таңдан келатат?

Ушул улуу храмда мен көрдүм Мекен бирдигин,
Кудайыма шүгүр деймин, көрдүм дагы мен бүгүн
Тирүүлөрдүн жандарында арбактардын жүргөнүн.

Бул майрамдын таңындагы чалкып турган дүйнөмүн.

## АКЫНДАРДЫН КЕЧИ

Кайтпас кечтин кыйрындабыз. Мезгил дагы карыды,
Эй, өмүрүм, бул соң, балким, жыргатып ал жаның!
«Кайра келсек дүнүйөгө» деп кыялга батсак да,
Сооронбойбуз андай ойго, ойнош керек бар чакта.
Далдайган чоң дубалдары караңгыга бөлөгөн,
Эч бир мезгил куткаралбас күн тийбес жертөлөдөн
Аттагандан баштайт биздин о дүйнөлүк түнүбүз,
Ага чейин бул жайларда өтсүн өмүр-күнүбүз
Же шараптын даамы менен, же ашыктык балында
Гүл айланып өсүп турсун көкүрөктө, канында!

## АКЫНДАРДЫН ӨЛҮМҮ

Хафиздин сөөгү коюлган бакчада бир роза,
Күнүгө гүл ачат дейт кан сымал кызыл өңү бар.
А бир булбул түн бою, агарып таң аткыча
Сайрайт дешет Ширазды кыялында көрүп ал.

Өлүм бейпил көктөмдүн өлкөсүндөй акынга,
Качан болсун көңүлү түтөт чыдап сан миң жыл
Көлөкөлөр алдында калган анын жайында,
Ар таңда бир гүл ачат, өтөт ар түн бир булбул.

## БАШКА БИР ДӨБӨДӨН

Кечээ башка дөбөдөн карап, азиз Стамбул,
Кезбеген же сүйбөгөн көрбөдүм бир жериңи.
Өткүчөктү өмүрүм көңүлүмө ээлик кыл,
Бир көчөңдү сүйүүгө керек бир жан өмүрү.

Канчалык кооз шаарлар болсо дагы дүйнөдө,
Жалгыз сенсиң сыйкырлуу сулуулукту жараткан.
Абдан таттуу түш көрүп өткөн деймин билгенге,
Сенде жашап, өлгөндө өзүңдөн жай талашкан.

## ФАРУК НАФИЗ ЧАМЛЫБЕЛ,

*Түрк акыны*

### КЕРБЕНСАРАЙ ДУБАЛДАРЫ

Чеккен аттар кишенеп, колдо камчы ойноду,
Токтой калды араба бир мүнөткө болгону.
«Солк» деп кетти негедир алсыз темир куралдар,
Көз алдымдан чубуруп өттү кербенсарайлар.
Бара жатам чоочуркап, ар иш келип оюма,
Улуу Кыштоо жолунан Орто Анадолуга –
Эң алгачкы сүйүүдөй туңгуч арман, айрылуу!
Жүрөгүмдүн отуна жылып аба, бардыгы,
Асман сары, жер сары, сары бактар жылаңач.
Торос тоолор аркамда бирин-бири кубалайт.
Узун кыштан өрөөндөр жүдөп калган өңдөнөт,
Алдыбызда кыйчылдап бара жатат дөңгөлөк.
Айдың желдин чачтары колдорума сыланып,
Түздүк бүтүп, биз эми өрдү карай чыгабыз.
Ар тарабың бийиктик, өкүм сүрөт тынччылык,
Бузат аны бир гана арабакеч ышкырып!

Майда-майда себелеп кирди жамгыр, биз дагы
Өтүп соңку кыяны, башталганда түз жаңы,
Уч-кыйырсыз кең талаа өңүбүздү бозортту,
Жолдор болсо чарчабай алдыбызда жошот бу.
Мени чексиз чоочун жер тартып алып өзүнө,
Жол, жол, дайым жолдомун. Бүтпөчүдөй көзүмө,
Бир айыл жок жакында, бир дагы там көрүнбөйт,
Бул бүтпөс жол адамга: «Мунун соңу өлүм» дейт.

Ойгонсом мен «селт» этип,узун сүргөн уйкумдан,
Өтүп бара жатыппыз жолдой ичке бир суудан.
Бизге Нигде маңдайдан бой керип чеп өңдөнөт,
Оң тараптан шыңгырап коңгуроодон үн келет.
Жай каалгып маңдайдан өтүп кетти төө кербен,
Кербен сарай көрүндү алысыраак бир жерден.
Күүгүм кирип акыры, көз байланып калганда,
Коё берип аттарды, кирдик кербенсарайга.

Эрте болгон үчүнбү, уктай албай жатканда,
Көзүм түштү капыстан дубалдагы саптарга.
Бир канча сап кыпкызыл күйгөн оттой өң берди,
Төрт сап эмес ал кудум төрт тамчы кан өңдөндү.
Жатып алып жазуунун сырын бирден ачтым мен,
Ал дубалдан өзүмө акын жолдош таптым мен:

«Он жылдыр айрылгам Кына тоосунан,
Атамдын үйүнөн, жар кучагынан,
Тербедим бир да гүл сүйүү багынан,
Мекендин чектерин жүрөм кайтарып».

Эртеси күн башталды таң атпастан жолчулук,
Марттын суук абасы үшүүдөбүз олтуруп,
Күн алгачкы нурларын али жерге чачпастан,
Чыгып кеттик шаардан уйкусунда тынч жаткан.
Жаңы гана башбаккан күн булутка жашынып,
Алыстагы дөбөлөр тоо көрүнөт бакыйып.

Чимирилип дөңгөлөк кызуу бара жатканда,
Кар бапактай баштады толуп жерге, асманга.
Чар тарапты апапак караңгылык каптады,
Бул кар эмес асмандан табыт жаап жатканы.
Мен ичимден ойлодум: «Элге жетип жан берсек»,

Арабакеч кыйкырды: «Арап-Белге келдик» деп.
Теңир өзү жар болсун ара жолдо калганга,
Биз бурулуп бардык да, түштүк кербенсарайга.

Бизден мурун ал жерге түшкөн үчөө-төртөө бар,
Мандаш уруп от бойлой отурушат бет маңдай,
Жараңкалар чытырап, магдыратып жыргатат,
Түркүн иштен кеп салып өздөрүнчө жыргашат.
Бараткanda уйкудан ээ болалбай өзүмө,
Күйгөн оттун жарыгы түштү дубал бетине.
Айдыңдатты ал жарык дубалдагы жазууну
Көңүлүмө кыт болуп калган ошол жазуу бу:

«Кыялым учса дагы карлыгачтай,
Каламын эртең тиги кырды ашпай,
Жолоочу болом күзгү жалбырактай,
Бет келди шамал айдап чачылганмын».

Эртең менен ойгонсок, асман ачык чаңкайып,
Арбытканга биз жолду кайра сапар тартабыз.
Чектен чекке уланган ошол жолдун четинде,
Үч мезгилди көрдүм мен үч күн сапар ичиде.

Узак сапар жүргөн соң Ичке-Сууга келиппиз,
Чарчап келип ал жолдон шыр уйкуга кириппиз,
Эртең менен жаман түш көрүп чочуп ойгондум.
Дубалдагы төрт сапты окуп көпкө ойлондум!

«Бир байкушмун, Керем[1] дешет атымды,
Түбү тексиз арам дешет затымды.
Кургак учук жаман дешет дартымды,
Мараштык Шейхуулу Сатылганмын мен».

[1] *Керем* – айкөл деген мааниде

Бейит ыры жыттанат сенин ушул жазганың,
Калдың бекен көралбай өз жериңдин асманын.
Канчоо жетпей жерине ушул жапан жолдордон,
Каракчыга таланып, бөрүсүнө жем болгон.
Эржиеске бет алып чыгар кезде сурадым:
«Сарайчым, Шейхуулунун билесиңби кабарын?».
Жооп берди ал мени жагып оттуу көздөргө:
«Аман кирип сарайга, өлүп чыкты өткөндө!».

Бул суук кабар заматта көңүлүмдү өрттөдү.
Жылдар өттү арадан. Мен жол жүргөн кездери,
Кербенсарай көргөндө турат денем чыйрыгып,
Билем дартты жашырып жүргөн алар сыр кылып.
Эй, айылды чет элге туташтырган кара жол,
Жолоочуга кайтпаган түтөп турган кара жол!
Эй, кайгылуу жазууга толгон сарай дубалы,
Эй, дубалдын көңүлдү сойгон жазуу убагы!..

## ӨНӨР

Сен кыдырган бакчада бажырайып гүл ачпайт,
Байыр алган миң бир жаз билсең биздин жергеге.
Азгырып көр тоолукту кыздай болуп кылактап,
Кыйын басыш түз жолдон тоого көнгөн пендеге.

Куполуңан издеп сен мозаика башкача,
Кырк кылымдык храмдын ичин толук кезесиң.
Дубалдагы арабча эзет бизди таптаза,
Кичинекей фарфорго толкунданууу сезесиң.

Сенин гүлдүү сахнаңда ак көпөлөк жаркылдап
Бийлеп жатса өзүңдү кармай албай кетесиң.

Ойнойт биздин жүрөктөр: бийлеп чыгып шартылдап,
Тоо сыяктуу бир зейбек[1] урса жерге тизесин.

Элестеткен бороонду оркестрдин үндөрү,
Селт эттирип чочутса кокус сенин жаныңы.
Азап чеккен жандардын алган оор демдери,
Муңдуу күүдөй кубулжуп козгойт менин каныmы!

Тааныш эмес калаадан көрүп аял айкелин,
Сен каныккан көз менен көпкө сүзө карайсың.
Бизге дыйкан адамдын очорулган жаш белин,
«Көрүү,– десем,– ырахат» балким жинди санайсың...

Бизге башка өнөр жок турган кезде маңдайда
Жазылбаган дастандай болуп Анадолубуз[2],
Досум, биздин ырдалып бүтпөс түркү[3] ыр барда
Кош дейм сага, аман бол...Эки башка жолубуз!..

## КОЙЧУНУН БУЛАГЫ

Тереңдин тереңин дайралар каптап,
Алыска узанат койчу булагы.
Эй, сууну үнүнөн тааныган бак-шак,
Эмне дейт бу тоого койчу булагы?

«Шириндин сүйүүсү өрттөп киргенде,
Жол алган жашоонун мейкиндерине,
Тешкен соң тоолорду Фархат тереңде,
Атыла баштаган койчу булагы...»

---

[1] *Зейбек* – Түрк уруусунун аты. Түркияда «Зейбектердин бийи» деген бий бар

[2] Анадолу – Анатолиянын түркчө аталышы

[3] Түркиялык түрктөрдүн элдик ыры

Ал кезде башынан арманы ашчу
Мармарды оюучу, тешүүчү ташты.
Оо, канча адамдын суусунун басты,
Канча эрин тийген койчу булагы!

Түбөлүк жашоого жол көргөзгөнү,
Керемдин[1] чооруна жооп – өрнөктөрү,
Кургаган көздөрдөн жаш көлдөткөнү...
Житип жок болбогон койчу булагы.

Лайли келин болгон. Межнуну өлгөн,
Жолоочулар да суусу жок жүргөн.
Кызыл роза издеп жалындап күйгөн...
Бакты аралаган койчу булагы.

Кайсы акын жашып, кай ашык ыйлайт,
Анткени сүйүүгө азыр баш урбайт:
Бекерге үн салып, бекерге туйлайт
Оң-солго урунуп койчу булагы!..

---

[1] *Керем* – түрктөрдүн жомоктук каармары

## АХМЕД ХАМДЫ ТАНПЫНАР,

*Түрк акыны*

### БУРСАДАГЫ МЕЗГИЛ

Бурсадагы эски мечит короосу,
Оргумадан арыктарга толот суу.

Тээ Орхондон калган эски бир дубал...
Аны менен жашташ болгон карт чынар

Тартуу кылат жанга рахат жай-кышы.
Артта калган түш дүйнөнүн кайгысы

Күлүп карайт тереңинен мезгилдин.
Жүздөп аккан булак күчүн сездирдиң:

Талааларың жашыл болуп, асман көк
Турат жана усталардан чоң өрнөк.

Жеңиш ыры – ар нерсеси билгенге:
Күн, саат, мезгил баары бир көз ирмемде

Жашайт өткөн убакыттын сыйкыры
Тиги жаткан таштарыңда чын-чыны.

Көгүчкөндүн көрүшүндөй тынчтык да
Жаңыргансыйт тээ тереңден үн чыкса.

Күмүштөй ак таңдын жеңиш күзгүсү,
Тилек, сабыр – ачуу бирок, бүт күчү,

Аппак гүл бар – жашообуздун символу,
Күмбөз, мечит, эски бакча, коргону,

Салтанаттуу аңгемеси эрлердин
Өчпөс үнү кармашта жан бергендин

Эске салат ар бир келген-кеткенге.
Бул Бурсанын түшү – түнкү кездерде,

Аны менен ойгонсо да, күлсө да,
Кипаристүү гүл бакчага кирсе да,

Салкын кыял булактарды укса да,
Сыйкырдуу бир дүйнөдөмүн Бурсада,

Суу үнүнөн, добушунан канаттын
Мен дооруңа, Бурса, чөгүп бараттым.

Жашыл Күмбөз ичин көрдүк кечинде,
Ойноп турду күүсү өткөндүн сезимде –

Фарфорлорго сиңген үнү Курандын.
Жеңиш күндүн ачыгына кубандым

Жүзүн көрүп ушунчалык жаркыган.
Бул байыркы жерде самап мен турам.

Уктасам деп жалгыз калып соң кечте,
Кыялданып...Бүт көргөнүм оң келсе:

Капталса деп бул боёкко, бул түскө,
Баары толуп акыреттик бир күчкө.

Кудайымдын уйкусу бул, арийне
Өлүм деген – бул түбөлүк дүнүйө,

Бул же балким – бабалардын түшүдүр,
Ак бакчадан аккан суунун күчүдүр.

## АРИФ НИХАТ АЗИЯ,

*Түрк акыны*

### БАЙРАК

Эй, ак-кызыл түс боёгу көк асмандын.
Шейиттин соң жабуусу, той көйнөгү
карындашымдын –
Алоолонгон, желбиреген байрагым,
Сенин дастаныңды окудум, сенин дастаныңды
жазамын.

Сага менин көзүм менен карабагандын
Мүрзөсүн мен казамын.
Сага салам бербей өткөн куштардын
Уяларын бузамын.

Желбиреген жериңден коркуу кетет, ый кетет...
Көлөкөңдөн мага да, мага да жер бер төшөп!
Таң атпай же күн чыкпай койгонунан коркпойбуз,
Элге ай-жылдызыңдын жарыгы жетет.

Кармаш бизди карлуу тоолорго апарган күнү
Алоолоруңа жылындык.
Тоолордон чөлдөргө түшүргөн күнү
Көлөкөңө сыйындык.

Эй, эми сүзгүн шамалдарда желбиреп,
Көгүчкөнү тынчтыктын, согуштарда эр жүрөк,

Бийик жерлерде ачкан гүлүм,
Сенин алдыңда туулдум,
Сенин түбүңдө өлөмүн.

Тарыхым, ар-намысым, ырым, баарым:
Жер жүзүнөн жер жактыр,
«Бул жерге» дегин, буюр таксыр,
Ошол жерге алып барып саямын!

## БИР БАЙРАК ШАМАЛ КҮТӨТ

Шейиттер дөбөсү бош эмес...
Бири бар, күтөт.
Бир көкүрөк дем алуу үчүн
Шамал күтөт...

Бул ыйык дөбөгө күмбөзү шай келет
Жаткан жери белгилүү,
Туткан туусу белгилүү,
Ким айтат Белгисиз жоокер деп?

Дастанын жазган, касыдага[1] кошулган.
Бир кол бар акыреттен созулган,
Адеп менен келип бирден, бирден
Тирүүлөр өпсүн деген.

Өбөлү таза болсо эриндерибиз...
Бирок баспайлы топурагын
Кир болсо буттарыбыз.

Соккон желди тоспосун адамдар...
Үнүнөн бийик чыкпасын
Кошоктор, касыдалар!

Кайра алынсын алкыш үндөр...
Кайра кетсин бул жерден
Жасалма гүлдөр!

---

[1] Касыда – Чыгыш поэзиясындагы мактоо ыры, ода

Ага уулдарынын, энелеринин
Тилектери жетет...
Жайдын сары, кыштын ак
Гүлдөрү жетет.

Дечүлөр деди дегенин...
Кел мылтыктуу жигит, кол чабышсын,
Эми сен сүйлө, сөз сеники!

Шейиттер дөбөсү бош эмес,
Каармандар топурагын күтөт!
Бир байрак желбирөө үчүн
Шамал күтөт.

Дастаны жалгыз, тынчтыгы терең.
Белгисиз жоокердин...
Бул ыйык дөбөгө күмбөзү шай келет.

Жаткан жери белгилүү,
Туткан туусу белгилүү...
Ким айтат Белгисиз жоокер деп?..

## ЖЕҢҮҮЧҮНҮН МАРШЫ

Парустар көп бычылып, парустар көп тигилет,
Алып өткөн тоолордон кемелер бүт көрүнөт...
Түркүктөрдөн чептердин дубалдары сөгүлөт!

Жүргүн жетет-оюнду эси-дартың таштасын?
Фатих деген Стамбулду жеңип алган жаштасың!

Сен да таштай аласың бүтүндөй үй-бүлөңү...
Дастаныңды сенин да жатка айтып жүрөлү...
Билип алгын билбесең – сен да элдин тиреги.

Колдо сенсиң, тилде сен, көңүлдөсүң, баштасың…
Фатих деген Стамбулду жеңип алган жаштасың!

Кыска берген өмүрдү – мезгилден ал өчүңдү!
Кирген сууга майышпай бекем туткун сөзүңдү!
Бала көрбө, кор көрбө, эр жигитим, өзүңдү!

Эски ташты жаңыртчу – сен күчтүүсүң, башкасың,
Фатих деген Стамбулду жеңип алган жаштасың!

Бул китептер – Сулайман, Фатих, Селим дегендер,
Синануддин – бу мечит, бу мунара – Синан эр,
Жетет эми уйкудан ойготтуруп бере гөр!

Билгин оокат күнүмдүк эч бир жакка качпасын…
Кызым, сен да Фатихти төрөй турган жаштасың!

Жаш жигитим, бир белги алган күнү атаңдан
Аттанасың! Эл дагы ээрчийт сенин аркаңдан!
Сага салам апкелдим Улуубаттык Хасандан…

Сени байрак көтөрчү жыгач менен аштасын,
Фатих деген Стамбулду жеңип алган жаштасың!

Мейли бузук сааттар ишин жаман аткарсын!
Челебилер бул жылы храмдарда шаттансын!
Жүр, жеңиштин, арстаным, даярдыгы башталсын…

Байланыштуу өзүңө – алга кадам ташташың,
Фатих деген Стамбулду жеңип алган жаштасың!

## МИРЗА АЛЕКБАР САБЫРИ,

*Азербайжан акыны*

### АЙДЫНДАР МАРШЫ

Интеллигентпиз, кербезденип жүрөбүз,
Кандай гана шаттуу өмүр сүрөбүз,
Бир жумада бирден сулуу сүйөбүз,
        Бардык иштин жолун таап жайлайбыз!
        Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!

Жактырбайбыз караңгы калк кысымын,
Кемчилиги көп мусулман кызынын,
Уккум келбейт Батма, Кезбан ысымын,
        Аня менен Соняларды жандайбыз!
        Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!

Акылы аз, түшүнүксүз кээ бирөө,
Күнөөлөшөт. Биз байкушта не күнөө?
Күлкү келет айткан насаат кебине,
        Билимдүүлөр эч түшүнө албайбыз!
        Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!

Үй-бүлөнү такыр эстен чыгарып,
Күн-түн дебей жыргап сайран курабыз,
Мейманкана рахатына кубанып,
        Неге үйгө биз үңкүйбөй барбайбыз?
        Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!

Интеллигенттик мына ушундай так айтсак,
Түркчө сүйлөө бизге такыр жарашпайт,
Билимдүүнүн тили дешип санашпайт,

Биз ушуга бек ишенип алганбыз!
Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!

Түрк гезити байытса да акылга,
Алмак турсун жолотпойбуз жакын да,
Мусулманча сүйлөш биздей асылга
Айып болот. Аны билип калганбыз!
Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!

Ислам тобун кимибиз бар баалоочу,
Сабатсызга тааныштырат кай досу,
Кечки оюн-шоок – көкүрөктүн каалоосу,
Мына ошентип жыргалдан кур калбайбыз!
Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!

**ИШИМ ЭМНЕ?!**

Эл таланса талансын, менин кандай ишим бар?!
Душмандарга сабалсын, менин кандай ишим бар?!
Ныксырайын кардым ток, башкаларды билбеймин?!
Калсын дүйнө наны жок, менин кандай ишим бар?!
Эл таланса талансын, менин кандай ишим бар?!
Душмандарга сабалсын, менин кандай ишим бар?

Үн чыгарып ойготпо, жатышкандар жатышсын,
Магдырашып уйкуга баары тегиз батышсын.
Бирин-экин ойгонсо менден башка билбесин,
Менден башка бирөөнө жаркырап Күн тийбесин.
Эл таланса талансын, менин кандай ишим бар?!
Душмандарга сабалсын, менин кандай ишим бар?

Салба менин эсиме тарых, аалам жөнүндө,
Кереги жок кайрылып эчак өткөн өмүргө,

Жайнат тамак-ашыңды, жагат кайран көңүлгө,
Жашоо жалган, көөнүм жок – келечекти көрүүгө.
    Эл таланса талансын, менин кандай ишим бар?!
    Душмандарга сабалсын, менин кандай ишим бар?!

Мекендешти жөн койгун , бекер жатып безерсин,
Жокчулуктун айынан ачка болуп кезерсин.
Кайыр сурап тул катын, арылбасын армандан,
Жалгыз бир мен жашайын жаратылган жалгандан.
    Эл таланса талансын, менин кандай ишим бар?!
    Душмандарга сабалсын, менин кандай ишим бар?!

Жолу болот ар элдин алга карай кетүүчү,
Доору болот ар журттун бир бийикке жетүүчү,
Уктап жаткан бизге да «алга» деген ой келсе,
Уктап жатып жылабыз, түшүбүздө жол берсе.
    Эл таланса талансын, менин кандай ишим бар?!
    Душмандарга сабалсын, менин кандай ишим бар?!

## КУСЕЙИН ЖАВИД,

*Азербайжан акыны*

## КОЙЧУНУН ЫРЫ

Кереги жок бажырайган гүлдөрдүн,
Булбулдардан чыккан ширин үндөрдүн,
Дартым арбын, эмне дешти билбеймин,
«Алганым» деп күнү-түнү ыйлаймын.

Жолду карап эки көзүм тешилген,
Чийме кашым, эч кабар жок өзүңдөн,
Көңлүм ооруп, көп нерсеге өкүнгөм,
«Алганым» деп күнү-түнү ыйлаймын.

Жүз жолу жаз келсин мейли, күлбөймүн,
Жарым, сенден башка сулуу билбеймин,
Курусунчу жетим болуп сүргөн күн,
«Алганым» деп күнү-түнү ыйлаймын.

Өз элимде селсаяктай жашаймын,
Дос-тууган жок, туткун өңдүү кашайдым,
Бейиш жайга алып барса качармын,
«Алганым» деп күнү-түнү ыйлаймын.

Мажнун көөнү Лайли десе жабыкпайт,
Башкасынан менин дартым айыкпайт,
«Аккуу менен сулуулуктан жарышпайт!»
«Алганым» деп күнү-түнү ыйлаймын.

Көктөгү Ай көрүнгөндө көзүмө
Жарк эттирип окшоштурам өзүңө,

Зар кылдың го күлкүң эмес, сөзүңө,
«Алганым» деп күнү-түнү ыйлаймын.

Эстеп алып деңиз түстүү көзүңдү,
Муңайынкы чыккан жумшак сөзүңдү,
Кезип кетем койбой тоо-таш, түзүңдү,
«Алганым» деп күнү-түнү ыйлаймын.

Каяктасың кылыгы күч делбирим,
Эркелигиң ашыктыктын кендирин
Кеспесин деп тилеп турам мен бүгүн,
«Алганым» деп күнү-түнү ыйлаймын.

## АЗЕР ОЙЛОНУУДА

Азер, Азер ойлонот. Туура отуз жыл – көз ирмем,
Ашыктардын сыздаган арман менен сүйүүсүн.
Эмне мээсин жеп келет – мен чынында эч билбейм,
Жылдыздарды угуп ал, көктөн сурайт күйүтүн.
Жымыңдашып алар да назданышып карашат,
Тилсиз, жетим өзүндөй, санаасы жок санашат.

Жетилишкен ой-сезим тээ балалык кезинде,
Найдан чыккан канаттуу сыбызгыган үн менен.
Ашыктыктын ыр-күүсү турчу дайым сезимде,
Коштолуп же күлкүгө, же бир муңдуу ый менен.
Ар күн тешет жүрөгүн ошол кайгы жаралап,
Ар күн эзет жүрөгүн ошол күлкү дарылап.

Кутсалдардын, бороондун тукумудур – бул Азер,
Көбүк чачып, алоолоп, зикир чалган кезинде:
Бирде туруп таптакыр катып калган бир айкел,

Касиети сезилчү чарчап турган көзүндө.
Кээде ошол көз караш эң бир күчтүү чагылган
– Өрттөп кетет муңуңду түңүлдүргөн жаныңдан.

Жалгыздыкка жакындап, алыстады ар кимден,
Качанкы бир бейиттин күмбөзүн ал жай кылып.
Бул дүйнөнү каптаган жакшы-жаман дегенден,
Алыстаган өңдөндү дал ошентип айрылып.
Жашап келди канча жыл, көкүрөккө бук толуп,
Адам уулун сагынып, адам десе бук болуп.

«Макоо, жинди, келесоо» деп шылдыңдап күлүштү,
Андай сөздү эч качан жакын албайт жанына.
Мактап дагы көрүштү, сөгүп дагы жүрүштү,
Олуябыз дегендер сезет андан али да.
Мусулмандан сурасаң: «каапыр» дешип турушат,
Динсиздерден сурасаң: аны иман кылышат.

Азер эң көп ырахат алат айлуу түндөрдөн,
Чыгып булут ичинен аксаргыл Ай бир жолу:
«Эркин бол» деп жылмайып, ага шумдук сыр берген,
Жүрөгүндө ойгонгон анда жаңы толгонуу.
Ал эскиче жашоодон такыр тажап бүтүптүр,
Ошол Айга кошулуп алыс жолго түшүптүр.

**САМЕД ВУРГУН,**
*Азербайжан акыны*

## АЗЕРБАЙЖАН

*(Үзүндү)*

Ак мөңгүлүү тоону кездим,
Турна көздүү булак кечтим:
Алыстардан көп эшиттим,
Бейпил аккан Араздарды:
Сынап көрдүм досту, жарды…

Элдер билет, сен мендиксиң,
Журтум, уям – ыйык үйсүң,
Энем, тууган мекенимсиң!
Айрылчубу көңүл жандан?
Азербайжан, Азербайжан!

Сен бир эне, мен бир бала,
Мен байланып турам сага:
Мен барбайын кайда гана
Учсам, консом уям сенсиң,
Элим, күнүм, абам сенсиң!

Мекенисиң улуулардын,
Бешигисиң сулуулардын!
Көөнүн буруп ашыктардын,
Күндүн ысык кучагысың,
Өнөр, ырдын очогусуң.

Өлбөс көңүл, өлбөс сөздөр –
Низамилер, Физулилер!

Колуң – калем, жашооң – дептер,
Не кааласаң – бардыгы бар,
Унутулбас алтын чынар!

Уккун мени, асыл Мекен!
Айтам бир сөз жүрөгүмөн,
Азаттыктын түнөгүнөн,
Жаркылдайсың келип заман
Азербайжан, Азербайжан!

## МЕНИН КЫЯЛЫМ

*Жашоонун не деген жыргалын таттым,*
*Канча бир сулуунун коюнун ачтым.*
*Баары бир дүйнөнүн эң чоң бактысын,*
*Мен ушул чынардын түбүнөн таптым.*

***Б. Адил***

Акын, сенин рүбабың кандай назик!
Чалган сазың дүргүтүп, каным ойнойт!
Топурагын Мекендин кылган насип -
Саргайышпайт гүлзарлар, гүлү соолбойт.

Чынарыңдын түбүнө – ыйык кылган,
Ырым кошо сыйынып калып турат.
Оо, Оттордун өлкөсү жаным курман,
Сенде сүйүү, көркөмдүк жанып турат.

Эл-жериңди аралап толук баскын,
Ар ташыңдын алдынан каухар тапкын.
Жанып турса Мекенге эгер ашкың,
Жүрөгүңдү картайтпас ошол бактың.

Акын, чакыр, уядан учсун бүркүт,
Минип алып мейкинди кезип келгин!
Бир тууганым, тун сүйүү күйөт минтип,
Мен баскан жол кандайын сезип келгин!

Маалы ушул! Сүйүүң барда жазгын дастан,
Миң жүрөккө кошулсун барак ачкан.
Ата Журтту сен дагы даңктап жазсаң,
Вагифтей же Күр өңдүү катуу аккан.

Ар бир гүлдүн, чөптүн да өз атын жаз,
Ар адамдын өмүрү бирден китеп.
Жылуусу жок сулуулук эсте калбас,
Эсте калат канчалык сүйсөң күчөп.

Тааныттырып жериңди, сырын ачкын,
Окуп, окуп тойбосун кийинкилер.
Акыл-эстин күн сымал нурун чачкын –
Баш же соң жок, алардын бирисиңер.

Акын, чалгын рүбабың чын жүрөктөн,
Жүрөгүңөн чыкпаган сөздөр жалган.
Сага, уулум, эркиндик мына дешкен,
Ишенбегин, издегин алыстардан!

Келечек деп жүрөгүң күйгөн болсо,
Акыл-эсиң чачырайт кең мейкинге…
Аң-сезимде эркиндик жүргөн болсо,
Жол ачат ал жасалчу эрдиктерге.

Уч, учкун, сен кыялдын асманында,
Учур анан күүлөнтүп таштарын да!
Атилланын сапаты бар канында –
Жашообузду учкун деп жатканында!

## МУХАМБЕТ ХУСЕЙИН ШЕХРИЯР,

*Ирандык азербайжан акыны*

### ХАЙДАР БАБАГА САЛАМ

*(Поэмадан үзүндү)*

Жаткан кезде чагылгандар чагылып,
Шарылдаган суулар селдей агылып,
Кургактардан кыздар карап жабылып,
    Хайдар Баба, салам айтам өзүңө,
    Менин атым аралашсын сөзүңө.

Кекилигиң капилеттен учканда,
Бут алдыдан коён коркуп качканда,
Бакчаларда гүлдөр жайнап ачканда,
    Хайдар Баба, билгенибиз аз эле,
    Жүрөгүбүз кайгы билбей шат эле.

Майрам шаңы кыштын күчүн жыкканда,
Байчечекей, жоогазындар чыкканда,
Ак булуттар көйнөктөрүн сыкканда,
    Узакташат бизден жылдын бир жүгү,
    Үзүлгөнсүйт дартыбыздын киндиги.

Күн узарып, жылыналы нур менен,
Эркиндик – бул туубуз алга үндөгөн,
Балдар аны көркөмдөшсүн гүл менен,
    Булак гана көз-жаш болуп куюлсун,
    Тунук, таза экендиги туюлсун.

Хайдар Баба, жүзүң күлүп-жайнасын,
Булак агып, бакта куштар сайрасын,
Бүт өмүрүн балдар сага арнасын,
    Дүйнө келет, кетет – өлүм-житимдүү,
    Дүйнө – какбаш, дүйнө өзү жетим бу.

Канча жылдар жолум сага түшпөдү,
Өмүрүмдүн көбүн мезгил бүктөдү,
Канча болду сулууларың түштөгү,
    Кылчаюу бар, сенде калган көңүл бар,
    Иренжүү бар, айрылуу бар, өлүм бар.

Хайдар Баба, жигит жебейт эмгекти,
Өмүр өттү, таппайм сага теңдешти,
Акмак дешет өзгө боорун бербести,
    Көз мончогум болдуң дайым өзүмдүн,
    Келалбаган айбым үчүн кечиргин.

Суу токтогон жайыгыңдын өзүндө,
Оргуштаган булагыңдын көзүндө,
Аткулагың калкыйт суунун бетинде,
    Келгин куштар ага токтоп өтүшөт,
    Кербезденип булактан суу ичишет.

Оруу-жыюу – иштеп кызуу ороктор,
Бактар турат бой көтөрүп тоготпой,
Дем алууда убактысын коротпой,
    Орокчулар айран ичип тоюшат,
    Бир тук этип, анан орок орушат.

Булак жээги атыр жыттуу жалбыздар,
Бостан жактан келген таттуу дарбыздар,
Балдар үчүн ак набаттар, сагыздар,

Даамы калган азыр дагы оозумда,
Алар да бар өткөн чактын доошунда.

Хайдар Баба, багың катуу тартайды,
Андан алар өскөнү жок, картайды,
Топтолгондор мурдагыдан азайды,
Күүгүм кирди, күн батты, каш карайды,
Көкжал көзү күйүп эңсейт далайды.

Хайдар Баба, дүйнө – жалган дүнүйө,
Сулаймандан, Нухтан калган дүнүйө,
Бала берип, дартка салган дүнүйө,
Бир бергенин кайра алган ар кимден,
Афлатундан эмне калды эл билген?!

Бирге жүргөн дос-жарыман айрылдым,
Жалгызсырайм куу чөлүндө кайгымдын,
Булак соолуп, чырак өчүп тайгылдым,
Күн айланып, акырындап кеч болду,
Дүйнө мага мынча неге өч болду?!

Хошгинабды кыйын күнгө ким салды?
Сейиттерден ким кырылып, ким калды?
Миргафардын тамын-ташын ким алды?
Булак кайра толтурабы көлүңдү?
Же бакчаңа апкелеби өлүмдү?

Сейиддерге таажы болчу Миргафар,
Шах шайкасын ыйлай турган кылган ал,
Элге жумшак, акмактарды тыйган ал.
Эзилгендин кегин алып тынуучу,
Залимдердин башын алчу кылычы.

Учкум келет аркыраган жел менен,
Кармашсам дейм тоодон ашкан сел менен,
Ыйлашсам дейм эзүүдөгү эл менен,
Бир көрсөм дейм бизди бөлүп ким салды?
Өлкөбүздө ким кырылып, ким калды?

Тоо жаңырттым мен өзүңө келгенде,
Сен кайталап жеткиргиниң ар жерге,
Болбойт чымчык тар капаска киргенге,
Мында арстан жаны ачып бакырат,
Тынчыбоого адамдарды чакырат.

Хайдар Баба, каның кайнап жатканда,
Балапандар көккө канат какканда,
Акмак ташын алып аны чапканда,
Баары жакшы болооруна ишенгин,
Эркиндигин алперебиз биз элдин.

Турна түнү кыйкуу салып өткөндө,
Кёроглунун ишке көзү жеткенде,
Гыратына минип жерди кезгенде,
Мен да келип, мында тыптынч жатпаймын,
Бет алган ал сапарымдан кайтпаймын.

Хайдар Баба, сенин көөнүң шат болсун,
Жашоо барда оозуң толо аш болсун,
Сенден өткөн тааныш болсун, жат болсун,
Айта жүргүн, акын уулум Шехрияр,
Анын өлбөс асыл таштай сөзү бар.

**БАХТИЯР ВАХ АБЗАДЕ,**
*Азербайжан акыны*

## МЕКЕНДЕН МЕКЕНГЕ

Араздын
Бул жээги – Мекеним,
Ал жээги – Мекеним
Бир бүтүн көрүүгө амалым жок менин.

Мекеним, кандай? – деп,
Мен жүзүн көрбөдүм.
Бул жашка келгиче
Бир жолу көрбөдүм.
Тууганга тууғандык
Бир салам бербедим?!

Бул кемтик, бул дартым – оор бул тоолордон,
Араздын суусуна муң кошуп отурам.
Физули Мекенге чет жерден зар болгон,
Мен болсо.
Мекенге Мекенден кыйкырам.

## ЭНЕ ТИЛ

Тил чыкканда биринчи «эне» деп биз сүйлөйбүз,
Эне тилде жашоонун алиппесин үйрөндүк.
Дөөлөтүбүз Лайлини сүтү менен эмебиз,
Рухубузга сиңирип, эч унутпай келебиз.

Бул тил биздин рухубуз, акыл-эс, салтыбыздыр,
Бул тил берген бири-бирибизге антыбыздыр.
Бул тил бизге тааныткан жашоодо ар нерсени,
Бул тил ата-бабадан калган кымбат биздеги
Мурасыбыз, биз көздүн карегиндей сактайлы,
Урпактарга кийинки белек кылып таштайлы.

Биздин бийик тоолордун түбөлүк ак музунан,
Сайга батпай чамынган тоонун тентек суусунан,
        Бу топурак, бу жерден,
Тоо боорунан агылган булактардан түрдөнгөн,
Кызыл-тазыл жайнаган, эң бир мыкты гүлдөрдөн,
Мил түзүнөн, Муганын чексиз мейкиндигинен,
Ак чачтуу аталардын көсөмдүк, акылынан,
Душманды тебелеген Гыраттын такасынан
        Чыккан үндөн жаралдың,
Сен элим эң биринчи алган демден жаралдың.

Көрөм сенден калкымдын акыл-эс, ой түнөгүн,
Араб уулу Межнундун дартын укмуш сүйлөттүң.
Жүрөктөргө жол ачкан Физулинин өнөрүн,
Күчүң менен өзүңдүн бүт дүйнөдө гүлдөттүң.
Сенде менин калкымын толгон эрдик тарыхы
        Кылымдарга даңкталат,
Сенде нечен миң жылдык менин маданиятым,
        Адат-салтым сакталат.
Менин атым, жанымсың, Намысымсың, арымсың.

Калкыбыздын атынан улуттарга, калктарга
Махабат дастандарын жараттык ушул тилде.
Москвада Пушкинге айкел коюп жатканда,
Койгон болчу эстелик Ширвани биздин тилде.

Бул тил бизге тааныткан жашоодо ар нерсени,
Бул тил ата-бабадан калган кымбат биздеги
Мурасыбыз, биз көздүн карегиндей сактайлы,
Урпактарга кийинки белек кылып таштайлы.

Эй, өз эне тилинде сүйлөгөндөн уялган,
Муну уят көрүшкөн
Модачыл стилисттер,
Термелерден, саздардан козголбойт жүрөгүңөр.
Кой, алар менен болсун.
Бирок наны Мекендин,
Жүрөгү да эненин
Силерге кенен болсун.

## АЗЕРБАЙЖАН УУЛУМУН

Азербайжан уулумун,
Отко таазим кылчубуз.
Энебиз – Жер,
Атам – От,
Оттой жанып турчу – биз:

Каным күйүп алоолоп,
Кайраттуумун, күчтүүмүн.
Байыркымын жашоодой,
Жердей төшү түктүүмүн.

От өңдүү күйгүзөмүн,
Суу өңдүү өчүрөмүн.
А мени жагышса да,
Сууга миң салышса да,
Эч өчпөйт
көкүрөгүм!

Тамырым тээ тереңде,
Намысым бар,
Арым бар.
Менин келечектеги
Ачылуучу багым бар.

Азербайжан уулумун,
Ат жалында туулгам,
Мезгилдин казанында
Кайнап бышкам, куурулгам.

Аккан тамырларыман,
Селдер «гүр-гүр» этишип.
«Коркпо» деген энемин
Өскөм үнүн эшитип.

Азербайжан уулумун,
Миң жылдап,
Өз атымды
Душмандан коргогонмун,
Куралым калбаганда
Жек көргөн жүрөк менен
Коргоону ойлогонмун...

Эрдигим өчкөнүндө
Дайынсыз жашаганмын.
Ат берип Коркут-Атам
Эрдиктен атак алдым.

Жолума нурун чачты,
Колума кубат тапты
Ашыгарым,
Устатым болду,

Атым туулду эрдиктен
Эрдигим атым болду.

Азербайжан уулумун,
Атымды булгабадым.
Эч качан ким-бирөөнүн
Тоогун да уурдабадым.

Жерине ким-бирөөнүн
Көз артпайм,
Билсин аалам
Бир карыш жерим үчүн
Башканын башын жарам.

Мен неге мактанамын,
Мен буга мактанамын:
Сөздөрүм – Нахчеван да,
Музыкам – Карабагым.
Ушул жерде куюлган:
Көроглунун жеңгиси,
Гыраттын үзөңгүсү!

Көрдүм мен ушул жерден,
Кубаныч менен бирге,
Кайгыны,
Азап,
Дартты.
Сабырдын курч калеми
Ый менен күлүп жазды.

Ченлибелден түшкөнгө
Чыйырлардын ордуна
Кең жолдорду салдым мен,

Бийик Ченлибелден да
Тоого чейин бардым мен.

Күндөн күнгө бийиктеп,
Бийигиме кечээки
Бүгүн аз деп турамын.
Тапкан улут тарыхтын
Көлөкөсүң өзүнө,
Күтпө Күнүң чыгаарын!

Кандай арга.
Мезгилдин
Оош-кыйыш жолдорунда
Экиге бөлүнгөмүн.
Эки баштуу, бир жүрөк
Үмүткөй өмүрдөмүн.

Менин Меккем, Мединам –
Бакум менен Тебризим.
Азероглу, Жафарым
Туруп эки Мекени
Паспорту жок не үчүн?!
Эх Бакум, эх Тебризим!

Балакай, биз экөөбүз
Бир эненин уулубуз,
Биз Азери уулубуз.
Экөөбүз тең эзелтен
Бир арзуунун кулубуз.

Тилибиз да бир биздин,
Дилибиз да бир биздин.
Мекенибиз бир биздин,

Кечээгибиз бир биздин,
Бир Мекенде болчубуз
Биз бүгүн эки жакта.
Биздин тагдырларыбыз,
Эмнеге эки башка?

Таазим менден силерге,
Таазим улуу өнөргө.
Азербайжан байрагын
Желбиретем төбөмдө!..

Намысымдын, эңсөөмдүн,
Канымдын түсү байрак,
Бүтүн арзууларымдын
Кызыган күчү байрак.
Бул дүйнөдө баарынан
Намыс бийик,
Ар бийик,
Мезгилдин агымында
Мен өзүңдү бек кармап,
Көкөлөтөм эң бийик!

## ШАКЕРИМ КУДАЙБЕРДИ УУЛУ,

*Казак акыны*

### АДАМДЫК МИЛДЕТИҢ

Адамдык милдетиң –
Элиңе эмгек кыл.
Ак жолдон айныбай,
Арыңды сактай бил.
Талпынып билим менен өнөр үйрөн,
Билимсиз,
Өнөрсүз,
Акылың болот тул.
Мактанып кетпегин
Мансаптын тагы үчүн.
Напсиңе бийлетпе
Башыңдын багы үчүн.
Өмүрүңдү сарп кыл өлгөнүңчө,
Жооп тап,
Жол көрсөт,
Келечек камы үчүн.
Кайрылып кайтадан
Жашоого келбейсиң.
Тирүүңдө бергиниң –
Бар болсо
Не берчүң?!
Таалим алар артыңа из калтырсаң –
Чын бакыт,
Ук муну,
Түбөлүк өлбөйсүң!

## ЖАЗ КЕЛЕТ

Жаз келет, кыштын күнкү кысым өтүп,
Кар, суугуң, аяз, бороон – баары кетип.
Кашык кар, томукчалык тоң да калбайт,
Табият бардык жанга рахым этип.

Жаш балдар «кетсек» дешип тез чоңоюп,
Жүгүрөт кырдан ойго дүбүрөшүп.
Отурат кемпир-чалдар күн чубактап,
Өткөн күн, өмүрлөрүн күбүрөшүп.

Козу-улак, бото, кулун, музоо туулуп,
Кубанып ойноктошот, алар да өсүп.
Антсе да адам көзү эч бир тойбойт,
Кудайым бирди берсе башкага өтүп.

**МАГЖАН ЖУМАБАЙ УУЛУ,**

*Казак акыны*

## ТҮРКСТАН

Түркстан – эки дүйнө эшиги бул,
Түркстан – баатыр түрктүн бешиги бул.
Төрөлүш Түркстандай жерде сыймык –
Түрктөрдүн Теңир берген кешиги бул.

Кезинде Түркстанды Туран дешкен,
Туранда баатыр түркүм туулуп-өскөн.
Турандын тагдыры бар толкуп-ташкан,
Башынан далай укмуш күндөр өткөн.

Турандын тарыхы бар оттой жанган,
Алоолоп калың өртү асман чалган.
Турандын жери менен суусу башка,
Деңиздей терең, оор ойго салган.

Турандын уч-кыйырсыз чөлү кандай!
Деңиздей жээги чексиз көлү кандай!
Турандын дайра аталган өзөндөрү:
Ташыса чөл каптаган сели кандай!

Турандын тоолору бар асман ашкан,
Түбөлүк чокуларын ак чач баскан.
Боорунда эрке булак оюн салат,
Жаралып тоодон аккан салкын жаштан.

Чөлдөр бар, жел да жүрбөйт, күнү сары,
Молодой эч бир үн жок, тыптынч баары.

Болобу жан-жаныбар чексиз чөлдө,
Ал кумда ойнойт жалгыз жин-шайтаны.

Турандын деңиз мисал көлдөрү бар,
Чалкыган уч-кыйырсыз Теңгиз, Арал.
Бир чети касиеттүү Ысык-Көлдүн
Боорунда төрөлүптүр түрк баатырлар.

Байыркы Окыс, Яксарт – Жейхун, Сейхун,
Аттарын башкача атап келишкен, бил.
Жээгинен ал кымбаттуу дайралардын
Табабыз бабалардын бейиттерин.

Турандын Тянь-Шандай тоосу кандай,
Тең келбейт менсинишкен тоолор далай.
Эрксизден түрк баатырды эскересиң
Көк челген Хан-Теңирге оолжуп карай.

Балхашты кучактаган Тарбагатай,
Кабелтең жер киндиги – Памир, Алай.
Казыктай касиеттүү тоо болбосо,
Кемесин токтотмокпу Нух пайгамбар?

Туранга жер жүзүндө жер жеткенби?
Түрктөргө адамзатта эл жеткенби?
Кең акыл, от жүрөктүү, учкул кыял,
Турандын эрлерине эр жеткенби?

Асыл кан – касиеттүү түрктүн каны,
Төрөлгөн Ибн Сина Авугалы.
Молдугу билиминин сыйкыр өңдүү,
Дүйнөдө мындай адам барбы дагы?

## АЛЫСТАГЫ БООРУМА

Алыстагы оор азап чеккен боорум,
Кубарган байчечектей өчкөн боорум.
Камаган калың жоонун ортосунда
Көл кылып көздүн жашын төккөн боорум.

Алдын бүт оор кайгы жапкан боорум,
Ар дайым жапа чеккен жаттан боорум.
Түксүйгөн жүрөгү таш канкор жандар,
Тирүүлөй териң союп жаткан боорум.

Пирим ай, ошол биздин алтын Алтай,
Энебиз баккан эле азоо тайдай.
Боорунда жүрүүчүбүз оюн салып,
Ар дайым күлүүчүбүз жаркын Айдай.

Алалуу алтын сака атпадыкпы?
Тебишип бир төшөктө жатпадыкпы?
Алтайдай энебиздин ак сүтүн биз
Бир эмип, бирге даамын татпадыкпы?

Шылдырап, шыңк-шыңк күлүп, тоодон кулап,
Биз үчүн турган жокпу мөлтүр булак?
Кааласак учкан куштай даяр болот,
Тизилип бирден тулпар куюн кулак!

Алтайдын алтын күнү эркелетип,
Келгенде жолборс сымал жаңы эр жетип,
Ак деңиз, Кара дениз аржагына,
Боорум ай, мени таштап калдың кетип!

Мен калдым жаш балапан, канат какпай,
Учам деп умтулсам да эбин таппай.
Жөн билип, жол көрсөтөр жан болбоду,
Канкор жоо коймок беле мени атпай?!

Жүрөккө уу коргошун огу батты,
Күнөөсүз, таза каным суудай акты.
Кансырап, алым куруп, эстен тандым,
Караңгы абагына бекем жапты.

Көрбөймүн кечээ жүргөн кыр, сайды да,
Күндүз – Күн, түндө – күмүш түс Айды да,
Ардактап ороп жибек жалаякка,
Өстүргөн алтын апам Алтайды да.

Пирим ай, айрылдыкпы калың топтон,
Кайрылып кайра качпас жааган октон.
Жолборстой ал жүрөгү кайда түрктүн?
Биз эми кул болдукпу жоодон корккон?!

Умтулган азаттыкка түрктүн жаны,
Чын эле оорудубу кетип алы?!
Жүрөктө оту өчүп, курудубу
Кайнаган тамырдагы ата каны?

Боорум ай! Сен ал жакта, мен бул жакта,
Кайгыдан кан жутабыз. Биздин атка
Кул болуу ылайыкпы? Кел, кетели
Алтайга, ата мурас алтын такка.

## АЙДА АТЫҢДЫ, САРСЕМБАЙ

Айда атыңды, Сарсембай,
Агарып алтын таң атпай,
Кетели чыгып талаага.
Чу – чу – чу...
Болбосо эгер бул окуу!
Келбейт элем калаага.
Карачы кайра бурулуп,
Кууччуудай арттан туюлуп,
Калаа турат дүңкүйүп.
Каптап аны туман, түн,
Дем алганы от, түтүн,
Көзү жаман үңкүйүп.
Үнүн уксаң ызы-чуу,
Жыты жаман ис ушу,
Тумчуктум го, Кудай ай!
Кайра карап нетебиз,
Качан үйгө жетебиз?
Айдачы атты, Сарсембай.
Аялдары намыссыз,
Аягы суюк жарыктык,
Жылтырашат – даны жок.
Жүздөрүнүн каны жок,
Көздөрүнүн жаны жок.
Эркегинин алы жок.
Күйүп-жанган жүрөк жок,
Тамактан башка тилек жок,
Коркулдашат доңуздар.
Калаада түнкү көпөлөк
Жомоктон бетер көкөлөп,
Сасыган үңкүр – конуш тар.

Көктү көрбөс көр алар.
Карачы, канча жылдыз бар?
Жымыңдашат жылдыздар.
Калаага келип жаңылдым,
Кең талаамды сагындым,
Айда атыңды, Сарсембай!
Уйкуң келет эмнеге?
Сарсембайым сен неге
Жаңыртып үн салбайсың?
Жетем туулган жериме,
Эркелеткен элиме,
Жүрөгүм, неге жанбайсың?!
Сары-Арканын кыраңы,
Жүрөктүн жанган чырагы,
Төшүмдү тосуп жатамын.
Соккон жибек желинин,
Таттуу мөлтүр көлүнүн
Жетип даамын татамын.
Кайрылып артка караба,
Эмнебиз калды калаада,
Айтчы, жаным агатай?
Кайра карап нетебиз?
Айылга качан жетебиз?
Айдачы атты, Сарсембай!

## КАРАҢГЫ ДОБУЛДУУ ТҮН

Караңгы добулдуу түн сарталаада,
Падыша болуп алган өлүм ага.
Чыракка колумдагы от тутанттым,
Үмүттүү «жарык бол» деп бираз мага.

Айланып турса дагы кара булут,
Соксо да кара шамал догурунуп,
Миң шүгүр, алсыз колдо алсыз чырак,
Жылтырайт бүлбүлдөгөн жарык сунуп.

Буюрса, чырак өчпөйт, узак күйөт,
Таңдантып – кыйратпашын баары билет,
Көктөгү алтын нурлуу, күмүш нурлуу,
Күн менен Айга дагы күчү тиет.

Теңсинбес көрпендени нак айбандар,
Менсинип калат экен көп адамдар.
Кайрылып карабасаң кайгырбаймын,
Табылат чыракка көз салчу жандар.

## КАЗАК КЫЗЫНА АЗИЛ

Чолок көкүл, чөп желке,
Боорсок мурун, бөйрөк бет.
Былк-сылк этип жүргөндө,
Айткың келет «айрөк» деп.

Өзүм казак болгон соң,
Боорсок мурун, бөйрөк бет,
Башка айтпайт, мен айтам:
«Сендей сулуу сейрек»,– деп.

## КЫРГЫЗ, КАЗАККА

Аркар менен кулжадай
Коюндашып келишкен,
Тентектери тынч жүрбөй,
Союлдашып келишкен.

Түн заманды төңкөргөн
Тополоң кез не берет?
Кыргыз – тоонун улары,
Казак – кырдын куланы.
Экөөнө бул топондун
Тилегени мынабу:
Эки арстан табышып,
Кубанышсын деп күтөт.
Ала-Тоо, Арка мүңкүрөп
Таңдан кечке зарлаган.
Силерди эзген күркүрөп
Албарстыны айдаган.
Бүгүнкү туңгуч тоюңар
Тойго улансын деп күтөт.
Жаңы жеткен эркиндик,
Кадам салсын деп күтөт.
Башка элдердей эгемен
Үмүттүү болсун деп күтөт.
Уюмдарың ал жолдо
Уютку болсун деп күтөт.
Сокку жеген жетим эл
Бышык болсо деп күтөт.
Алоолонгон жалындай
Ысык болсо деп күтөт.

## ЖАН ЖАРЫМДЫ БИР ӨБӨЙҮН ТҮШҮМДӨ

Туткун болуп, тышка чыгып жүрө албай,
Зарыктым мен жан жарымды көрө албай,
Бул күндөрдө кантип жүрөт алтыным,
Кандай күндө, кайда экенин биле албай.

Ойлойт бекен туткун жарын күнү-түн?
Жүрөк жара, өчүрбөппү үмүтүн?
Чачын жайып, түн уйкусун төрт бөлүп,
Тиленеби Теңиримден мен үчүн?

Же бекерге өзүм зарлап жатамбы,
«Жар» дегеним жаңылыш бир катамбы?
Ойногону, күлгөнү да баягы
Эрикпесе элесинен качамбы?!

Кыйын мага көздүн жашын токтотуш,
Азап тура күндө өзүңдү жоктотуш.
Эси-дартың эмнеде экен, ишим жок,
Миң эселеп сүйүүм барат чок кошуп.

Оргуштаган ак сезимим күчүндө,
Амал канча тагдыр жазган бүтүмгө.
Оо, Теңирим, уйку берчи тезирээк,
Жан жарымды бир өбөйүн түшүмдө!

## ШЫЛДЫРАК

Бүлдүркөн жүз бөбөктүн
Колунда бар шылдырак.
Кыт-кыт күлгөн – бөбөк Күн
Шылдырактай шылдырап.
Токтоп, тыңшап калат да,
Сүйлөп коёт былдырап.
Так түйүлүп адатта
Чунак кээде чыр кылат.
Карс-карс күлүп атасы,
Каалаганын кылдырат.
Эгер бөбөк колунан

Түшүп калса шылдырак,
Алимжандай акеси
Шек билгизбей жылдырат.
Жок дегенде «байкабай»
Басып кетип сындырат.

## АТАКТУУ АКЫН – СӨЗҮ АЛТЫН АКИМ АБАЙГА

Ар кимдин асыл сөзгө баамы жетпейт,
Бир сөзүң миң жыл жашап, даамы кетпейт.
Пендеден аким чыккан сендей жандан
Дүйнөдө өлбөс-өчпөс шаани көктөйт.

Сөзүңө кулак салып, баасын бербей,
Кыйшайып, акылыңды таасын көрбөй,
Тултуюп, терс карашып: «Оолак жүр!» – деп,
Кектеди жакын тууган, жатың көңдөй.

Тынч укта бейитиңде, кайгы жебе,
«Кор болуп кайран сөзүм калды» дебе.
Артыңда казактын жаш жигиттери,
Сөзүңдү акыл үчүн алды неге?!

Ай-жылдар өтөт, дүйнө көчүн улайт,
Далай жан көчөт, жашоо өзүн улайт.
Эл-журтуң улам сергек болгон сайын
Акимим, сенин мурас сөзүң улайт.

Соодагер өлсө артында бөзү калат,
Устадан балка менен дөшү калат.
Бай өлсө төрт түлүк мал калат андан,
Акылман өлсө артында сөзү калат!

Шум дүйнө ар бир жанды тиштеп өтөт,
Соо калган болсоң эртең сизге жетет.
Токтобос шары менен бул дүйнөнүн
Акылман айткан кеби көпкө кетет.

## ТУУГАН ЖЕР

Бул жашоого мен жаралган тууган жер,
Киндик кесип, киндик каным жууган жер.
Келгис болуп кеткен жаштык күнүмдө,
Оюн ойноп, чымын-чиркей кууган жер.

Мен жуурулган топурагым, түбүмсүң,
Кан-жанымсың, жүрөктөгү сүйүүмсүң,
Сенден башка жердин баары караңгы,
Сен Чолпонум, Айым менен Күнүмсүң.

Сууң таттуу, даамы оозуман эч кетпейт,
Калың шибер, ой-кырыңа сөз жетпейт.
Кең талаанда оюн менен алаксып
Калсам, аттиң, андай тагдыр кездешпейт!..

Билек түрүп, козу кууп, жарышып,
Баткагыңда курбум менен алышып,
Түнү – акчөлмөк, алтыбакан, а күндүз
Үйрөтөм деп азоо тайга жабышып.

«Адам башы – Алла тобу» деп коёт,
Куса кылып турмуш көптү жеп коёт.
Тууган жерим, балким мен да кетермин,
«Жаштык кылып» десем аны эп болот.

## ТОКОЙ ПАДЫШАСЫ

*(Гётеден)*

Караңгы салкын түндө ким
Салып-уруп келатат?
Жанында жаш баласы,
Жолоочулар карасак!
Атасына калтырап
Башын катат жаш бала.
Бооруна кысып баласын
Жылыткансыйт аз гана.
«– Неге коркуп жашындың,
Жүрөгүмдүн алчасы?»
«– Даана көзгө көрүндү,
Ата, токой падышасы.
Сакалын көрсөң сапсаят
Таажысын кара – Карахан!»
«– Жаным, ал суу үстүндө
Туман экен карасам!
«– Мойнуңду бур, балакай,
Мына мени карагын,
Каалаганың менде бар,
Мени Кызыр санагын!
Жыпар жытка толтурат,
Фируза гүл жамалын.
Булактарым – акактай,
Таза алтын – сарайым!»
«– Ата, токой падышасы
Сүйлөшкөнү эмнеден?
Акак, маржан, кубаныч,
Берет алтын кен менен!»
«– Балам, калдың жаңылып,
Ал падыша ким экен?

Жел эмеспи ойгонуп,
Жалбыракты терметкен.»
«– Келчи мага, балакай,
Токоюмдун ичине.
Сулууларды көрөсүң,
Кирбес адам түшүнө.
Ай тийгенде сулуулар
Ойногонго ыкташат,
Шаракташып чуу менен
Сени жумшак уктатат!»
«– Ата, токой падышасы
Кагып жатат каштарын.
Бутактардын ичинен
Кыздар ийкейт баштарын!»
«– Коркпо, балам, караңгы
түндө жок эч коркунуч.
Ал ак чачтуу дарактар
жаткансыган кол сунуп!»
«– Жараланды жүрөгүм,
Ашык болдум көркүңө,
Эми, бала, келесиң,
Койбойм сенин эркиңе!»
«– Ата, токой падышасы
Жатат болбой чыкырып,
Жетип келди мынакей,
Демим кетти кысылып!»
Арга кетип жолоочу
Чаппай эле учууда,
Бала болсо шолоктоп
Ыйлайт салып уу-чууга.
Куюндатып жолоочу
Тоңуп үйгө жетиптир.
Бирок бала колунда
Жолдо өтүп кетиптир.

## БАЛА МЕНЕН КУШ

*(Орус оозеки чыгармасы)*

– Ырчы куш, тилимди алгын, алчылаанба,
Жашыл чөп, жашыл дарак калсын анда.
Капаста сен бейкапар олтурасың,
Жай-кышы жей турганың дайым жанда.
Мен сени жан досумдай кадырлаймын,
Эринбей тамагыңды даярдаймын.
Таптаза, күмүштөнгөн, таттуу сууну
Ар таңда чын айтамын, сага арнаймын.
Тамак-аш жетишинче даяр коём,
Жетпеген эмнең болсо даяр болом.
Жазында коркунуч жок, кыш кайгысыз,
Талаада миң коркунуч, кар же бороон.
Аңчы да мылтык менен атып албайт,
Карчыга капталыңдан качыралбайт.
Күн бою обон салып олтурасың,
Башка жан бул жыргалга башын арнайт.
- Жок, мырза, капасыңа сен мактаган,
Кирбеген бороон-чапкын, суук палан,
Бербеймин калың токой, өзөн-сууну,
Келсе да миң бир балээ мага жалаң!
Талаамды түркүн гүлү жайнап турган,
Жеримди учуп-конуп сайран курган,
Балакай, бекер тамак жейт элем деп,
Эркимди кошуп туруп жайран кылбайм.
– Кең талаа, калың токой, аккан булак,
Сүйкүмдүү мага дагы жашыл курак.
Оо, кушум, ойлоп көрчү, суук түшсө,
Бир жаның үшүбөстөн кайда турат?
– Кетемин учуп анда жылуу жакка,

Жай-кышы кар жаабаган жашыл бакка.
Кар кетип, жылыганда сиздин жакта,
Кономун кайтып келип эски такка.
– Адашсаң жаза тайып жолдон чыгып,
Бекерге тоңуп өлбө бороон уруп?
– Чырагым, сен ал үчүн корко бербе,
Жараткан жол көрсөтөт кайрым кылып.

## ОЛЖАС СУЛЕЙМЕНОВ,

*Казак акыны*

### АРГЫМАК

Талаа кандай!
Талаадагы ат кандай!
Тулаң чөпкө белчесинен баткандай!
        Кыйгытсам бир,
Талаа,
Калаа,
        Болот эх,
Көз алдымда жылып бара жаткандай!

От тийгендей
        Азоо канга,
Этиңе,
Аргымагым,
        Камчы ургандай безиңе,
Шуулдагын,
Курч болоттой туякты
«Тарс» ургулап
        Тайгак жолдун бетине.

### КЫЗ КУУМАЙ

Эй, эр жигит, эр жигит,
Эй шер жигит, шер жигит,
Атыңа эрк бер жигит,
Кууп жетип көр жигит!
Туруп албай ийменип,

Кууп жет да Сүй мени!
Талаанын жел, ит-кушу
Чуулдап калсын,
Жет, киши!
Аттигиң ай,
Аттиң ай!
Атың атпы, бу кандай?!
Көндүм ээ бул азапка,
Көндүм ээ бул мазакка,
Мындай мазак, азаптан
Жеңил чыгар тозок да!
Нагыз мыкты жигитти,
Нагыз күчтүү жигитти,
Нагыз булбул жигитти,
Нагыз дулдул жигитти
Тулпар эмес, Жел өпкө
Кор кылды го эшекче!

## АБДУЛХАМИД ЧОЛПОН,

*Өзбек акыны*

### СУЛУУ

Караңгы түндө мен көккө тигилип,
Эң жарык жылдыздан сени сурадым.
Уялып ал жылдыз, мага ийилип
Айтты: Ага түшүмдө учурадым.
Түшүмдө көрөмүн, ушунча сулуу,
Бизден да сулуу ал, айдан да сулуу!

Көзүмдү алып мен ай чыккан жакка,
Аргасыз болдум айдан да сурашка.
Ал да айтты: Мен бир кызыл жанакка
Жолуктум түшүмдө, көмүлгөн акка.
Акка көмүлгөндө ушунча сулуу,
Менден да сулуу ал, күндөн да сулуу!

Сыдырым таңкы жел чачтарын жайып,
Жанымдан өткөндө сурап көрөмүн.
Айтат: Бир көрүп жолумдан адашып,
Тоо менен таш кезип, издеп жүрөмүн!
Бир көрдүм мен аны ушунча сулуу,
Айдан да сулуу ал, күндөн да сулуу!

Ал кетип, күн чыгат жарыгын чачып,
Андан да сурайм мен өзүң жөнүндө.
Ал да өз отунан бекинип, качып,
Айтат: Көрдүм, түштө эмес өңүмдө.
Өңүмдө көргөндө ушунча сулуу,
Айдан да сулуу ал, күндөн да сулуу!

Мен кедей не болуп аны сүйгөнмүн,
Ал үчүн жанып мен, жанып күйгөнмүн,
Башымды зор ишке салып койгонмун,
Мен сүйүп...Мынчалык кимди сүйгөнмүн?
Мен сүйгөн сүйүүктүү ушунча сулуу,
Айдан да сулуу ал, күндөн да сулуу!

## КОЗГОЛУШ

Эй! Сен мени байкуш көргөн, кулсуң деген эфенди!
Эй! Үстүмөн өмүр бою түшпөгөндү каалаган!
Эй! Мойнума кишен салып, балакетке айдаган!
Көздөрүңөн заар чачпа, жетет, жондон түш эми!..

Кишениңди дат басыптыр, үзүлөт ал тытырап,
Тамырымда козголуштун жапай каны кайнады.
Эски ойлор, салт-санаалар эми бүгүн жайрады,
Мен өлөмүн, же болбосо сенин ырың бузулат!

Эй! Сен мени кул ордуна иштеттирген эфенди!
Калтыра, корк, кулуң сенин баш көтөргөн
күч эми!..

## МЕН ЖАНА БАШКАЛАР

*(Өзбек кызынын айткандарынан*

Күлгөн башка жандар, ыйлаган менмин,
Ойногон башка жандар, сыздаган менмин,
Эркиндик ырын эшиткендер башка,
Кулдуктун кошогун тыңшаган менмин...

Башкада канат бар, көккө учушат,
Шактарга конушат, бакка жайлашат.
Сөздөрү седептей, добушу найдай,
Күүлөрүн ар жерде элге сайрашат.

Менде да канат бар, бирок байланган....
Багым жок, шагым жок, калың дубал бар.
Сөздөрү седептей, добушу найдай,
Күүм бар...аны да дубалдар угушат.

Эркин башка жандар, камалган менмин,
Айбан катарында саналган менмин.

**АБДЫЛДА АРИПОВ,**
*Өзбек акыны*

## ӨЗБЕКСТАН

Журтум, сага ыр арнадым мен,
Окшошуңду табалбадым мен.
Акындар бар Ата Журтуна
Жок дешкен эч бул ааламда тең.
Андай ырлар учту алыска,
Күмүш өлкө — канат кагышта.
Бир өлкө бар дүйнөдө бирок
Ал бүтпөгөн дастаным болот:
Алсыз ага калемим менин,
Өзбекстаным, Мекеним менин.

Өткөнүм бар чындыктан алыс,
Бералбайм баа баарына калыс.
Мактаналбайм өткөнгө бирок,
Көз алдыма ал тарых конот.
Басып алып кең Азияны,
Бир жан чыкты колдогон Теңир.
Эки жарым кылым дүйнөнү
Зар какшаткан ал Аксак Темир.
Дебейм, ал күн «оо, менин, менин»,
Өзбекстаным, Мекеним менин.

Бабалардан сөз болсо капыс,
Бир кебим бар айтар башында.
Көк илимин биринчи ачып
Корегаций таблицасында.

Кылыч чапты желдет колу мас,
Күн болду да, учту алтын баш.
Дос, көктөгү жылдыздар эмес,
Улугбектин көзүндөгү жаш.
Жерде калган ал денем менин,
Өзбекстаным, Мекеним менин!

Көз алдымдан чубайт кылымдар,
Бирден тизип жакшы-жаманын.
Бекер өткөн канча муундар,
Таппай ордун, жазбай барагын.
Америка сыйкырлуу өлкө,
Уктап жатмак Колумб али да –
Деңиз сырын ачып бербесе
Бирунидей ойчул баарына.
Колумбда бар жан терим менин,
Өзбекстаным, Мекеним менин.

Көп жаангерди көргөн бу дүйнө,
Бардыгына күбө жер асты.
Бирок, достор, ырдын өмүрдө
Жаангери аз, бул сөз ыраспы?!
Беш кылымдыр ырдын сарайын
Титиретет чынжырлуу бир шер.
Аксак Темир алалбаганды
Калем менен алды Алишер.
Дүйнө болду гүлбагым менин
Өзбекстаным Мекеним менин.

Бабалардан сөз калган менен
Бириси эң жүрөккө жылуу:
Улууларга талант, ой берген
Тууган калкым, өзүңсүң улуу.

Сенсиң элим, акыркы нанын
Өзү жебей уулуна берген.
Сенсиң элим, перзенттин нанын
Нечен кылым эч үзбөй келген.
Тууган калкым, кан-жаным менин,
Өзбекстаным, Мекеним менин.

Таалайыңда бар экен жашаш,
Бирде шарап, бирде кан жутуп.
Болбой туруп, журтумда чатак,
Чоң төңкөрүш келди толкутуп.
Арга издеп кан майдандардан,
Көккө чыкты боздогон үнүң.
Шейиттерден – кызыл кандардан
Алоолонду капкара түнүң.
Канга толду кепиним менин,
Өзбекстаным, Мекеним менин.

Кеч күз эле, мен сени көрдүм,
Терезенден шыкаалайт бирөө.
Ал сен элең, оо, дыйкан элим,
Турган элең жылаңач, жүдөө.
Тышта катуу нөшөрлөйт жамгыр,
Кир чоң ата, эс алгын бир аз.
Дедиң: «Пахтам, талаада калгыр,
Чогултайын, келбестен аяз».
Кеттиң, күнү мээнеттүүм менин...
Өзбекстаным, Мекеним менин.

Кыйроо көрбө эч качан, өлкөм,
Кыйроо билбес бул жашың менен.
Жеңүүчү бол, болгунуң өктөм,
Досуң, жарың, тууганың менен.

Кылымдардын тереңдигинде
Түбөлүктүү курганың сенин,
Адамзаттын үй-бүлөсүндө
Дайым ачык маңдайың сенин.
Дайым жарык үй-жайым менин,
Өзбекстаным, Мекеним менин.

## АЛТЫН БАЛЫК

Жумурткадан чыгар замат апкелип,
Ыргытышты ушул ылай көлмөгө.
Таштанды жеп, куукум жеп күн өткөрүп,
Сүзүп жүрөт чөп-чар баскан көлмөдө.

Ушул көлмө тек көргөнү өмүрдө,
Мажүрүм тал андан башка көргөнү.
Тынчтык бербес алтын чабак көңүлгө,
Бул көлмө деп билет дүйнө өрнөгү...

**АТА АТАЖАНОВ,**

*Түркмөн акыны*

## ЖОЛУККАНЫ КЕЛСЕҢ, СУРАЙ

Жолукканы келсең, Сурай,
Келгин айсыз караңгыда.
Көрүп алып жүзүңдү Ай,
Өз жүзүнө тартат парда.

Көргөнүндө жамалыңды,
Кызганат ал, шашып кетет.
Айсыз таштап кең ааламды,
Булуттарга батып кетет.

## ЭСТЕ КАЛГАН ТҮН

Алды жакта төөлөр сүйрү өркөчтүү
Чарчап келип чөгүп жаткан өңдөнөт,
Туман баскан тоолор, чиркин, бул кечки
Караңгыга кайгылуу бир өң берет.

Жакын болду бизге бул түн жагымдуу,
Жанат шаардын жарыгы тээ төмөндө.
Чачыратып ак шоолалуу агымды,
Жаңы чыкты жылдыздары төбөмдө.

Жакын болду бизге бул түн жагымдуу,
Ыр ырдады келип кечтин шамалы.
Көрө калып сени абдан уялды,
Жерге жарык чачкан айдын жамалы.

Булут таазим кылды айга мээримдүү,
Кары тоолор болсо жатат кебелбей.
Бири жерип өтүп кеткен өмүрдү,
Башка бири мыкчыйт өлбөйм дегендей.

Мындай учур өмүрдө аз, тура тур,
Эх, сүйгөнүм, жүрөк учуп шаттанат.
Алаканда турган өңдүү шу азыр,
Бүт жарыгы менен тигил Ашхабат.

Кандай укмуш шаарыбыздын жарыгы!
Түнү көрсөң чай чыныдай чайпалып,
Айга окшоп көркүндө жок айыбы
Азыр көктөн карап турган чалкайып.

Эч бир үн жок. Биз экөөбуз турабыз,
Ачкөз мүнөт бузуп барат ортону...
Ынсап кылчы, мезгил, сенден сураныч,
Ал сүйүктүү, жүрөктөрдүн солтону!

Ал сүйүктүү жүрөктөрдүн солтону!
Бул дүйнөгө эки жолу келишпейт...
Мүнөттөр да жиреп барат ортону,
Алар сенин максатыңды билишпейт.

## КЕРИМ КУРБАННЕПЕСОВ,

*Түркмөн акыны*

### УУЛУМА НАСААТ

Атам мага айтуучу,
Мен да сага айтайын.
Сабак болгон мага да,
Сабак болсун сага да:
Жибек болуп кийгениң,
Намысың бөз болбосун,
Кийген кийимиң бөз болуп,
Жибекке намыс орносун.

### ТЕҢТУШ БОЛУП

Өзү үчүн тамырлабайт кум деле,
Өзү үчүн суу дагы жер сугарбайт.
Өзү үчүн жарык чачпайт күн деле,
Булут дагы өзүн өзү жууй албайт.
Беш колундай билет алар ар дайым:
Бир-биринин бактысына жанганын!

Бардыгы тең ашык бири-бирине,
Бириси суу, экинчиси нур чачат.
Бириси гүл ачса, бири гүлүнө
Төбөсүнөн төгүп, куюп ыр жазат.

Шүүдүрүмдү бири аарчып таңында,
Башка бири, булут кылып салынат.
Тамчылары кайра келип анын да,
Тоодон түшкөн дайра болуп чамынат.

Дарыядан кайра булут түрүлүп,
Ал булутту шамал айдап таратат.
Теңтуш болуп бир-бирине сүйүнүп,
Өздөрүнчө көңүлдөрү жарашат.
Качан болсун сен алардан ал мисал,
Аларга да өзүң дайым бол мисал,
Адам!

## ӨЗКЕР ЖАШЫ,

*Кипр акыны*

### КИПРДЕГИ БАЙРАК

Бир байрак желбирейт Кипрде
Алоолоп апийим гүлүндөй.
Бир байрак желбирейт,
Кипрде Байрак жок ал байрак өңүндөй.

Бир байрак алоолойт
Жез билек жигиттердин колдорунда,
Бир байрак назданат
Мунаралар үстүндө,
Бир байрак желбирейт
Улуттук майрам күндө...
Бир байрак бар
Жүз миңдердин көңүлүндө
Ортосунда ай, жылдыз.
Эң бийик тоолордогу
Кар өңдүү ак,
Мохачта, Будунда, Чалдыранда,
Нигболуда, Уйварда, Малазгыртта,
Отряддан отрядга алып учкан
Капкара аттар үстүндө,
Синдин чөлдөрүндө,
Венанын маңдайында
Сыймык менен көтөрүлгөн байрак.

Жеңилбес чептерди
Жалындай каптаган байрак,
Кулдук кишенди

Күчтөп талкалаган байрак.
Миллиондогон жигиттер
Сенин урматыңа өлдү.
Сен согуш майданында;
Йылдырым, Явузлар менен,
Сен чексиз деңиздерде Тургут,
Барбаростор менен
Кошо жүргөн ыйык байрак.

Эй, эркиндик үчүн көтөрүлгөндөрдүн,
Эй, танктарга каршы
Таяктар, таштар менен согушкандардын
Ыйман күчү,
Шаңдуу байрак, кызыл байрак...

Эй, Лефкошада, Магосада, Бафта,
Эй, Таксим аянтында,
Эй, Гирне көчөсүндө,
Эй, Ататүрк аянты, сенде,
Эй, толкунданган көпчүлүктүн үстүндө,
Эй, Кипр асманында
Алып жүргөн байрак.

Сен көздөрүмдөгү жарыгым,
Тамырымдагы канымсың.
Сен колумдагы сыймыгымсың,
Сен үйүмдөгү намысымсың,
Сен мага кол салган душманга
От чачкан жанар тоосуң!

Сени жерге түшүрбөймүн,
Ок тийип мейли өлөйүн –
Байрак болот көлөкөңө төгүлгөн менин каным...

Сени ташыйт муундан муундарга уулдарым,
Тээ бийикте көк асманда
Сен оттун бергин өңүн!
Алтын желе өңдөнүп, алоолоп желбирегин!..

## ЫСЫМСЫЗ ЖОЛБАШЧЫ

Жеңилбес өлкөлөрдөн
Улуу Султан баласы буйрук кылды.
Жибек аркан, атлас парус кемелери
Кипрдин жээгине келип турду –
Алыш үчүн бул жерди
Күндүн сүтүн эмишкен
Даңктуу элдин жоокерлери....

Ал эл өскөн
бешик ырын угушуп чагылгандын,
Көктү жагып маалында кан майдандын,
Тактыларын талкалады
канчалаган жеңилбес султандардын.
Ал эл жүргөн
кең мейкиндин үстүндө
Чапкылашып таза кандуу аттарын,
Чагылгандын отуна
курчутушуп кылычтарын.

Венеция азасына
кимдер арга таба алмак,
Кызыл байрак артынан
эр жигиттер жалаңдап,

Баштап кирген чабуулга
Констанция чебине
«Жолбашчы» деп тарыхта
аты калган азамат..
Коркуу эмес, ал үрпөйүш башка эмес,
Болот эгер айбаты күч эр десем!..
Жарык кылды асманды
туумун «ай, жылдызы»
Улуу байрак алдында
жанды кыйыш эмне экен!..
Алоолонду байрактай
көкүрөктөн аткан кан,
Жеткен бейиш оозуна
ошол шейит каарман
Адам эмес, тек гана
эми бүгүн бир Мекен.

Эми калдык канчалаган
кылымдардын дайнын таппай,
Эстелиги өткөндөгү бир шаңдын
көңдөй таштар
Ошол алтын дастанга
күбөлүк бир сөз айтпай
Күндөй болуп туулуп
тээ мейкинден Жолбашчы
Нурун чачып ааламга
минтип айтты:
«Биз элүү миң шейитке
алдык ушул аралды,
Эркектерче согушуп,
катынча кайра качпай...»

Жеңиш менен зуулаган жаркын мезгил
мейкининде
Көктүн кызыл желеги
желбиреген мезгилде
Эй ысымсыз улуу эр
мүрзөңөн тур!..
Дөөнүкүндөй айбат менен
Констанция чебине
тайманбай кайра качыр
Көкөлөткүн байрагымы ал дубалдын үстүндө!..

**ОСМАН ТҮРКАЙ,**

*Кипр акыны*

## ТҮРК РЕНЕСАНСЫ

Таң… таң… атууда таң, атууда таң
Бир ыйык жарык нурдун коюнунда.
Сенин рухуң менен эми
Жерди жарык менен ал, ал чачыраган
Улуу Түркстан.
Бүткүл аалам жарык менен караңгыдан турса да,
Жакшы билет курган системасын аны жараткан.
Бир көк бийигинин аркасынан канчасы
Куюлушуп келет бир,
Ойгон, эл-журт, тургунуң,
Көрөлү нур жүзүңү кайра да, эй Пир.

Коюнуңа жашынып, келдик бет багалбай,
Тутулган күндөй, өчкөн жылдыздардай
Сырыңды эч алалбай.
Сулуулугуң сүйүүңдө, ойлоруңда акылың,
Көзүң менен көр, көңүлүң менен көр!
Жүз жылдардан кийин да өзүңдүкү төр,
Көк асмандан төгүлгөн сен жарык нур!
Теңиримдин жүзүндөй
Узак, узак, узактан сен күлүп тур.

Күттүргөн күн туулууда,
Бул туулган
Же аты жок бир заман,
Же атомдордун вальсы
Бул туулган, бираз кечиккен
БИР ТҮРК РЕНЕСАНСЫ…

## БЫССЫМЫЛДА

Бул түнү түшүмө кирди
Күндө атчу күн эртең менен.
Бул түнү күндөн бөлүндү башка дүйнө.
Бул түнү космоско учурулду алгачкы спутник...
Кенедей бир ай...

Бул түнү ааламда башкача ылдамдык бар,
Жерде космос, космосто от, отто жылдыз бар.
Бул түнү дүйнөлүк орбитада
Спутниктер учат.

Бул түнү чыныгы быссымылда менен сокту саат,
Бул түнү быссымылда менен чакырды калем:
Сактоочу жана жаратуучу Теңирдин аты менен
Төшөгүмдөн турдум мен.

Үн жок, ар жок, шаң жок,
Быссымылда, быссымылдага толду башым.
Булут жок, мейкин жок, жылдыз жок,
Быссымылда, быссымылда менен болду бешим.

Жин жок, сөөлөт жок, сөөк жок, кан жок,
Быссымылда, быссымылда менен узарды колу-бутум.

Оозум, көздөрүм, кулактарым –
Алуучу жана берүүчү аппараттарым.

Быссымылда, быссымылда деп теңдеши жок
Эң күчтүү
Сактоочу жана жаратуучу Теңирдин атынан
Созулуп Саманчынын жолуна жатамын.

Сактоочу жана жаратуучу Теңирдин атынан
Космостуктарга саптарымы сатамын
Жана да силер жөнүндө айтамын.
Сактоочу жана жаратуучу Теңирдин атынан
Жер жүзүнө күндөн көз саламын
Жана да жылдыздан бир шиңгил жүзүм
өңдүү үзүп алып
Шарлатандардын башына ыргытамын.

## БЕКБУДУНУН МҮРЗӨСҮН МЕН ИЗДЕДИМ

Баскан эле караңгы жердин жүзүн,
Канат кагып бараткан жетим үкүм.
Батыш жакта кызарган булуттардан,
Кайгы жаап эзилген көңлүм үчүн.
Акысыздык шаарынан кан жыттуу жел
Ак сүйүүмдүн гүлүнөн бир тал үзүп,
Айдап салды көктөмсүз чөлдү көздөй.
Ал назданган гүлүм соолуп, саргайып,
Байкуш өңдүү ар кай жакка сүрүлдү.
Залим, кедей, зулумдардын да,
Кайгы, күйүт, өлүмдөрдүн да,
Бардыгына жолугуп, баарын көрдү.
Өз жоготконун сурап, издеди.
Бир жооп алалбай, тык токтоду,
Бар күчүн топтоду.
Залимдин тактысын титиреткен үн менен
Кыйкырды:
– Атамдын мүрзөсүн кай жерге жашырдың?!

Бат айткын..
Кирлүү таажы коркту баатыр үнүнөн
Калтырап-титиреп жашынды
Эч бир жооп бербестен.

## МАРС ЖЫЛДЫЗЫНА

Барбы сенде биз сыяктуу адамдар,
Эки жүздүү иш бузарлар, шайтандар,
Достун канын канбай ичкен сүлүктөр,
Тууган этин тойбой жеген арстандар?!

Барбы сенде жетим-жесир, кедейдин
Канын эңсеп, шарап өңдүү жуткандар?!
Барбы сенде отун кылып өлкөнү
Өз казанын кайнатышкан жут хандар?!

Бирок бүгүн кандай айла – бу өлкө
Ар тараптан чоң талоонго кабылган.
Маданият деп аталган батыштын
Аткан огу көөдөнүнө жаңылган.

Төрт-беш жашар кичинекей баланын
Башын кылыч менен кыя чааптыр.
Боздоп турган энесинин мойнунан
Жипке асып салыптыр.

Жаңы гана келин болгон бир кыздын
Көөдөнүнө күйөөсүнүн кыл мурут
Жансыз жаткан денесине жаткырып
Найза менен сайыптыр..

Аялдардын абийири,
Жаш балдардын жүрөгү,
Карылардын көкүрөгү
Жарылган,
Эзилген..
Бул кайгылуу өлкөгө мынча отту
Ким берген!
Ыйык ишке бул өңдүү мынча канды
Ким төккөн?
Билесизби?

## МАЗМУНУ

Кожогелди Култегин: «*Чындыктын досу Чыныбай!*» ... 3

## СОҢКУ ЫРЛАР

Чын сүйүүнүн касиети ... 16
Эржанга ... 18
Бир чындык ... 20
Тыйын чычкандар ... 21
Эх, дүйнө ... 22
Күзгү аңыз ... 24
Галстукчан агажан ... 25
Бөөгө айланган дөө жөнүндө ыр ... 26
Кайыкчы ... 27
Шаарды карап туруп ... 29
Эстен кеткис бир элес ... 31
Чак түштө Таш-Башаттын жээгинде ... 32
Мигрант менен ишкердин диалогу ... 33
Жамгыры токтобогон жайлоодогу эки күн ... 35
Элүү алтынын кырында туруп жазган ыр ... 37
Панорамадан Бишкекти карап туруп жазган ыр ... 39
Жигиттин тоо койнундагы ышкысы ... 40
Түн. Көл. Кыз ... 42
Дагы бир ыр ... 44
Сулуу ... 45
Беш сом ... 47
Умсунай апа бала бакчасы же Ленин көчөсүндөгү 52-үй жөнүндө ыр ... 50
Жанбулагым (*Поэма*) ... 52
Акунум ... 59
Ала-Арчанын жээгинде ... 61
Эсенгул Ибраевдин тоюнда жазылган ыр ... 62
Айтчы, досум ... 64
Таранчы ... 65
Эл дегендерге ... 66
Көлдөгү жолугушуу ... 67

## ЖАЛЫН ТОО

***Балалык, айлым, табигат – жөлөк...***
***Башымдан сылайт, жалынат, өбөт!***

Тушоо кесүү ........ 70
Балалык ........ 73
Өткөн өмүргө штрихтер ........ 74
Бала ........ 76
Мектеп мозаикалары ........ 78
Балалык менен коштошуу ........ 82
Атама ........ 84
Комбайнчы жигит (*Классташтарыма*) ........ 85
Апам ........ 86
Бөбөктөргө ........ 88
Таазим ........ 89
Тоолорум ........ 91
Акундун акын уулунун вйылына арнаган ыры ........ 92
Жакшылык ........ 93
Койчулар ........ 94
Окшоштук ........ 95
Качып келе жатам шаардан мен бүгүн ........ 96
Март эле ........ 97
Айыл ........ 98
Ала шалбырт ........ 99
«Жалбырактар күбүлүп бүтмөк болду...» ........ 100
Жаз ........ 101
Кечки сүрөт ........ 102
Жазгы кечте ........ 103
Түн ........ 104
Маралдар ........ 105
Өткүн ........ 106
Туткун ........ 107
Сабак ........ 108
Карга ........ 109
Коён (*Рубцовдон*) ........ 110
Каректе калган күз ........ 111
Таң ........ 112
Этюд ........ 113
Чабалекей (*Рубцовдон*) ........ 114
Жалгызсыраган ай ........ 115
Кызыл короз ........ 117

Нан жана ыр .................... 119
Талаалар .................... 120
Өскөн жерди сагынуу .................... 121
Келатам .................... 122
«Айдын аппак нурларына киринип...» .................... 123
Он миң түйшүк .................... 124
Көлүм, сен .................... 125
Шиберде .................... 126
Табият .................... 128
Жалбырактар .................... 130
Шамал .................... 132
Күзгү күүгүм .................... 133
Ысык-Көлдө .................... 134
Тоодогу күн .................... 135
«Керкашка минип...» .................... 136
Тоо койнунда .................... 137

***Жаштыктын, махабаттын деми менен***
***Жан дүйнөм – жапжашыл шаар кемибеген!***

Ак жоолукчан кара көз .................... 139
Кайдасың? .................... 141
Ойгончу, сулуу (*Феттен улам*) .................... 142
Сага .................... 143
«Эч кимди чындап сүйүп жарытпаган...» .................... 144
Элегия .................... 145
«Суу болсоң не – кана жутуп алмакмын...» .................... 146
Болочок сүйүү жөнүндө жомок .................... 147
Бойго жеткен кыз .................... 149
Жаңы жыл алдында .................... 151
Суктануу .................... 152
Сүйүү маанайы .................... 153
«Ачыктыгың тартынганды билбеген...» .................... 154
Сүйүүгө .................... 155
Бий аянтында .................... 156
Кызгалдактуу адыр .................... 157
Жазгы түндө .................... 158
Ымыркай төрөлгөндө жазылган ыр .................... 159
Таарынышуу .................... 161
«Жан эркем, сени сүйөмүн...» .................... 162
«Жакшы көрөм жашоону...» .................... 163
Бегайымга .................... 164

Издейм азыр ........................................ 165
Жар ........................................ 166
Кыз кезиңди эстегенде (*Тамаша-чыны аралаш*) ........................................ 167
Табышуу ........................................ 168
Кызым төрөлгөндө ........................................ 169
Сен ........................................ 170
«Автобекет: кыймыл – адам агылган…» ........................................ 171
Жаңылануу ........................................ 172
«Барына, жогуна да кайыл болуп…» ........................................ 173
Эргүү ........................................ 174
Жигиттин үч милдети ........................................ 175
Менин кылган жакшылыгым кыргызга ........................................ 176
Канаты бар жигитке ........................................ 177
Жазда гүлдү кышта карды сүйөмүн ........................................ 178
Жыйырма жети ........................................ 179
Айтчы, курбум акын өзүн кайда урат? ........................................ 180
«Жээгинен ырыс төгүлгөн…» ........................................ 181
Менин жазган ырларым ........................................ 182
Кош, Мурат! (*Жоокер жигиттин жаркын элесине*) ........................................ 183
Тагдыр (*Муратка*) ........................................ 185
«Жайык өзөн, жайнаган гүл, алтын ай –…» ........................................ 186
Аптаптагы ыр ........................................ 187
«Айылдыктар келет куржунга…» ........................................ 188
«Байыркы шаар, жомокчу шаар…» ........................................ 189
Чакырык ........................................ 190
Үй жөнүндө сүрөттөр ........................................ 191
Жылдыздуу жээк ........................................ 192

***Аалам, адам, мезгил деген алптарды***
***Алаканга салып ырдаар салт калды!***

Сезе берем ........................................ 193
Күн ........................................ 195
«Асылдык, достук, махабат…» ........................................ 196
Адам ........................................ 197
Муундар триптихи ........................................ 198
Жер ........................................ 199
Тилек ........................................ 200
Биз ........................................ 201
«Кошкула жазгы конок – каркыралар…» ........................................ 202
«Каналекте мен сүйүүгө…» ........................................ 203
Из ........................................ 204

Аял ........ 205
Дүйнө ........ 206
Үй ........ 207
«Тизмектешкен жылдар кумдай чачылды...» ........ 209
«Жолоочум...» ........ 210
«Жандай көргөн жакыныңдан айрыган...» ........ 211
Күчүк ........ 212
«Адам жерден...» ........ 213
Айтчы? ........ 214
Чындыкка ........ 215
Коогалануу ыры ........ 216
Күздөгү кат (*Байсалга*) ........ 218
Жол жана эне ........ 219
Согуш тагы ........ 221
Суроолор ........ 222
Сегизинчи март ........ 223
«Бир ысымды экиге бөлө албаспыз...» ........ 226
Ойлон дедиң ........ 227
Өлүм ........ 228
Дарыя ........ 229
Кыргыз бойдон өлөт окшойм баамымда ........ 230
Деп койгула! ........ 231
Өсүү ........ 232
Ысык-Көл. Кеме. Балыкчы ........ 233
Бирөөнө ........ 234
Эңсеймин ........ 235
Тил ........ 236
«Кечээ мен барсам түркүн ойлор коштоп...» ........ 237
Жетимдер ........ 238
Сезимдер ........ 239
Балама ........ 240
«Куштардын үнүн тыңшап жайындагы...» ........ 241
Жездеме ........ 242
Кайырчы ........ 243
Ат ........ 244
«Көк деңизде эркин сүзчү бир балык...» ........ 245
Өмүр асманы ........ 246
Эс ........ 247
Асман ........ 248
Асманы ыйлап жаткандыгын кабарлаар? ........ 249
Казак керемети ........ 250
«Мен сени издейм, адам!...» ........ 251
Элиме ........ 252

## КОТОРМОЛОР

*Орхан Вели Каныk (Түрк акыны)*
Стамбулду тыңшаймын ........ 254
Түшүндүрө албайм (*Кызгылт романтика*) ........ 255
Жомок ........ 256
*Мехмед Эмин Юрдакул (Түрк акыны)*
Эй, түрк, ойгон ........ 257
Тил ........ 261
*Мехмет Акиф Эрсой (Түрк акыны)*
Чанаккале шейиттерине ........ 263
Кү фе ........ 267
*Яхя Кемал Беятлы (Түрк акыны)*
Сулайманиядагы майрам таңы ........ 271
Акындардын кечи ........ 274
Акындардын өлүмү ........ 274
Башка бир дөбөдөн ........ 274
*Фарук Нафиз Чамлыбел (Түрк акыны)*
Кербенсарай дубалдары ........ 275
Өнөр ........ 278
Койчунун булагы ........ 279
*Ахмед Хамды Танпынар (Түрк акыны)*
Бурсадагы мезгил ........ 281
*Ариф Нихат Азия (Түрк акыны)*
Байрак ........ 283
Бир байрак шамал күтөт ........ 284
Жеңүүчүнүн маршы ........ 285
*Мирза Алекбар Сабыри (Азербайжан акыны)*
Айдындар маршы ........ 287
Ишим эмне?! ........ 288
*Кусейин Жавид (Азербайжан акыны)*
Койчунун ыры ........ 290
Азер ойлонууда ........ 291
*Самед Вургун (Азербайжан акыны)*
Азербайжан (*Үзүндү*) ........ 293
Менин кыялым ........ 294
*Мухамбет Хусейин Шехрияр (Ирандык азербайжан акыны)*
Хайдар бабага салам (*Поэмадан үзүндү*) ........ 296
*Бахтияр Вах Абзаде (Азербайжан акыны)*
Мекенден мекенге ........ 300
Эне тил ........ 300
Азербайжан уулумун ........ 302

*Шакерим Кудайберди уулу (Казак акыны)*
Адамдык милдетиң ........ 307
Жаз келет ........ 308
*Магжан Жумабай уулу (Казак акыны)*
Түркстан ........ 309
Алыстагы боорума ........ 311
Айда атыңды, Сарсембай ........ 313
Караңгы добулдуу түн ........ 314
Казак кызына азил ........ 315
Кыргыз, казакка ........ 315
Жан жарымды бир өбөйүн түшүмдө ........ 316
Шылдырак ........ 317
Атактуу акын – сөзү алтын аким Абайга ........ 318
Тууган жер ........ 319
Токой падышасы (*Гётеден*) ........ 320
Бала менен куш (*Орус оозеки чыгармасы*) ........ 322
*Олжас Сулейменов (Казак акыны)*
Аргымак ........ 324
Кыз куумай ........ 324
*Абдулхамид Чолпон (Өзбек акыны)*
Сулуу ........ 326
Козголуш ........ 327
Мен жана башкалар (*Өзбек кызынын айткандарынан*) ........ 327
*Абдылда Арипов (Өзбек акыны)*
Өзбекстан ........ 329
Алтын балык ........ 332
*Ата Атажанов (Түркмөн акыны)*
Жолукканы келсең, сурай ........ 333
Эсте калган түн ........ 333
*Керим Курбаннепесов (Түркмөн акыны)*
Уулума насаат ........ 335
Теңтуш болуп ........ 335
*Өзкер Жашы (Кипр акыны)*
Кипрдеги байрак ........ 337
Ысымсыз жолбашчы ........ 339
*Осман Түркай (Кипр акыны)*
Түрк ренесансы ........ 342
Быссымылда ........ 343
Бекбудунун мүрзөсүн мен издедим ........ 344
Марс жылдызына ........ 345

*Көркөм-адабий басылма*

**Чыныбай ТУРСУНБЕКОВ**

**ЖЫЛДЫЗДУУ ЖЭЭК**

*Ырлар, поэма жана котормолор*

**Түзгөн жана даярдаган**
**Кожогелди Култегин, Бегимай Чыныбай кызы**

*Бишкек, «Улуу Тоолор» басмасы*

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Ж. Кадыров*
Корректору *К. Аркабаев*
Мукабасын көркөмдөгөн *М. Кадыров*
Компьютерде калыпка салган *Р. Терибаева*

Басууга 14.09.2020-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x84^{1}/_{16}$. Көлөмү 22,25 б.т.
Заказ № 000. Нускасы 1000 даана.

---

«Улуу Тоолор» басмасынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Ю. Абдрахманов көчөсү, 170А
Тел.: Кадыров Кенжебек – 0772347028; 0705347028